
Акеш ИМАНОВ

# МОЙТ АКЕ, САРТ АКЕ, ТИЛЕКМАТ ЧЕЧЕН

Акеш ИМАНОВ
МОЙТ АКЕ, САРТ АКЕ, ТИЛЕКМАТ ЧЕЧЕН

*Ыйык бата сурасаң Мойт акеге,*
*нукура акыл сурасаң Сарт акеге,*
*асыл сөз сурасаң Тилекмат чеченге бар.*

***(Эл накылы)***



**Акеш ИМАНОВ**

1930-жылдын 27-августунда Жети-Өгүз районуна караштуу Акдөбо айылында туулган, улуту кыргыз, билими жогорку, филология илиминин доктору, профессор, Эл агартуу отличниги, Кыргыз Республикасында билим берүүгө эмгек сиңирген кызматкер, өлкө алдында өзгөчө кызматы үчүн персоналдык пенсионери. Учурда Каракол шаарындагы Касым Тыныстанов атындагы мамлекеттик университетинин профессору катары жаштарга билим берүү ишин улантууда. Кыргыз тили жана анын синтаксиси боюнча онго жакын окуу китебинин, 220 илимий макаланын, кыргыз санжырасы боюнча 3 китепченин жана ондон ашык макаланын автору. Анын жетекчилиги алдында 10 илимдин кандидаты, 2 илимдин доктору илимий эмгектерин коргогон. Эл алдында өтөгөн эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы жана эмгектеги артыкчылыгы үчүн бир нече медалдар менен сыйланган.

84Кы7.
И-50

«Акыл Ордо» Коомдук фондусу

Акеш ИМАНОВ

# МОЙТ АКЕ, САРТ АКЕ, ТИЛЕКМАТ ЧЕЧЕН

*(эл оозунда айрым эскерүүлөр)*

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 271542

Каракол – 2009

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
И 50

**Иманов А.**

И 50 Мойт аке, Сарт аке, Тилекмат чечен. – Каракол: 2009. – 192 б.

ISBN 978-9967-441-00-2

И 4702300100-09

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-441-00-2
© Иманов А., 2009

Басууга 02.06.09 кол коюлду. Форматы 60x84 1/16.
Көлөмү 12,0 басма табак. Нускасы 1000.

ЖЧК «Терра-Сервис» басмаканасында басылды.
Бишкек ш., Москва көчөсү, 119.



**Үсөнбек Асаналиев,**

К.Тыныстанов атындагы Ысыккөл мамлекеттик университетинин профессору, филология илимдеринин доктору

# САРТ АКЕ – ТАРЫХЫЙ ИНСАН

17-кылымдан 20-кылымдын башталышына чейин кереметтүү Көл боорунда бир топ акылман акелер жашап өтүшкөн экен. Санжыра маалыматына караганда, акелер бүт өмүрүн эл кызматына арнап, адилеттүүлүктү, калыстыкты, адамгерчиликти ыйык тутуп, калк арасында тынчтыктын тиреги болушкан. Анткени акелер жер жүзүндөгү баа жеткис байлык тынчтык, бейкут жашоо экендигин билишкен. Ушундай кадырман акелердин бири дөөлөс Сарт аке болгон.

Сарт аке карапайым калктан, бей-бечаралардан тартып эл башчыларына чейин бирин өөдөсүнтпөй, бирин төмөнсүтпөй тең санаган кең пейил, нарк-нускалуу, терең ойчул, жеткен акыл чечен адам экен.

Бул чакан китепчеде Сарт акенин инсандык асыл сапаттары жөнүндө гана кабар берилбестен, деги эле өсүп келе жаткан жаш муундарыбызды, кыскача болсо да, кыргыз тарыхы, кыргыз уруулары, алардын өз ара карым-катнаштары, кыргыздын үрп-адаты, салты менен да тааныштыруу максаты көздөлгөн.

Урматтуу окурмандар! Сиздерге сунуш кылынып жаткан бул санжыра топтомунда негизги эки максат коюлган: биринчиден, жашоо-тиричилигибизди улап келе жаткан муундарыбызга тарыхый маалымат берүү; айрык-

ча бизге чейин жашап өткөн, бирок коомдук түзүлүштүн талабынан улам эскерилбей унутта калып бараткан улуу инсандарыбыз жөнүндөгү мурастар менен тааныштыруу; экинчиден, калк кадырлаган, ошондон улам кылымдан кылымга аты өчпөй сакталып жүргөн кадырман акелерибиздин өлбөс-өчпөс акыл-нускаларынан, жашоо өрнөгүнөн, түбөлүк үлгү болорлук осуяттарынан таалим-тарбия берүү.

Улуттук үрп-адат, ата-баба салттары биздин дилибизди, жүрөгүбүздү, каныбызды, жалпы эле рухубузду тазалоого, Кудайдын ыйык жолуна түшүүгө багыт берүүчү күчтүү курал, ыйык билимдин кенчи болуп эсептелет. Биз жашоо-тиричиликтин эң мыкты эрежелерин, нормаларын ата мурастарынан алышыбыз керек. Бул айтылган сөз далилдүү болуу үчүн Сарт акеден бир эле мисал келтире кетейин.

– Сарт аке, Сиздин баарынан кымбат деп эсептеген тилегиңиз барбы? – деп сураганда, ал:

– Балам, мен бүт өмүрүмдө бир да жолу керт башыма, бала-бакырама эл-журттан бөлүнүп, Кудайдан узун өмүр, бакты-таалай тилебедим. Мен бардык жакшы нерсени калкка бер деп тиледим. Ошол көп тилектердин эң кымбаты – эл ынтымагы, эл тынчтыгы. бүт өмүрүмдү ынтымак үчүн арнадым. Ынтымактан артык дөөлөт жок, – деп жооп берген экен жарыктык.

Ушул эле чакан жооптун терең тамырына ой жүгүртсөк эмне деген керемет жатат? Ынтымактуу жашоо деген – адамча жашоону билүү деген сөз. Ынтымак, тынчтык деген – жакын маанилеш сөздөр. Бул эки сөз көптөгөн жакшы нерселерди камтыган сөз.

Жыйынтыктап айтканда, профессор А.Имановдун бул санжыра топтомунда Сарт акенин таалим-тарбия берүүчү асыл мурастарынын айрым гана урунттуу эпизоддорунан кыскача маалыматтар берилген, атактуу Мойт аке, Тилекмат акелер жөнүндө да кызыктуу маалыматтар камтылган.

Сапарбек БЕГАЛИЕВ

К.Тыныстанов атындагы Ысыккөл
мамлекеттик университетинин доценти

# АКЕЛЕРДИН ОСУЯТЫ – ЭЛДИН СЫЙМЫГЫ

Кыргыз элинин көп кылымдык тарыхында улуу инсандар, акылман-көсөмдөр көп болгондугу белгилүү. Айтылуу "Манас" эпосунда акылман Бакай, улуу ойчулдар Арстанбек, Калыгул, касиеттүү көл кылаасында төрт аке – кыргыз элинин улуттук сыймыгы, бийик туусу. Өзүлөрүнүн даанышмандыгы, терең акылы, таңкаларлык көрөгөчтүгү менен алар элдин чыныгы сүйүүсүнө ээ болушкан улуу инсандар. Акелер эл турмушунун бардык жагына каралашып, турмуштун татаал маселелерине ташка тамга баскандай зор акылмандык менен баа беришкен. Бул жагынан акелердин асыл осуятын кыргыз турмушунун толук энциклопедиясы десек чындыкты туура айткан болобуз. Алардын осуятында терең философия, эстетика менен этиканын маселелери, эл тарыхынын таасын чындыгы кеңири камтылган. Демек, алардын чыгармачылыгы көптөгөн илимдин зор объектиси болууга толук татыктуу. Акелер көркөм сөздүн маңыз-маанисин терең өздөштүргөн улуу таланттар болушкан. Алардын чыгармачылыгынын көркөм, маданий мааниси зор. Акелердин акыл сөздөрү, улуу мазмундагы ой толгоолору да уникалдуу, оригиналдуу, кайталангыс жалпы адамзаттык мааниге ээ.

Акылман акелер жашаган доор, мезгил бизге алыс, түшүнүксүз көрүнгөнү менен, алардын калтырып кеткен улуу мурасы биздин турмушка, биз жашаган доорго өтө эриш-аркак, бөтөнчө жакын.

Бүгүнкү оомалуу-төкмөлүү дүйнөдө эл, жер, мекен, адамдык асыл сапаттар, акыл-эс, элдик мыкты салттар, адеп, абийир, байлык, бийлик, мансап жөнүндөгү түшүнүктөр, ойтолгоолор түн уйкубузду, күн тынчыбызды алып, миң толгонтуп турган учур. Бирок бул ойтолгоолор бир-эки кылым бизден мурун жашап өткөн элдик даанышмандардын да тынчын алып, аларды терең санаага чөмүлткөнү бизди таң калтырат. Анткени, жашоонун зор маселелери түбөлүктүү, дайыма актуалдуу болот турбайбы.

Акелердин улуу мурасындагы эң башкы, олуттуу проблема – бул эл тагдыры, элдин тынч, бейпил турмушу жөнүндөгү камкордук, жалпы элдик биримдик, ынтымак. Мойт аке "Малга барсаң эрте бар, караңгы кирсе көз жетпейт, келе жаткан чатактын алдын тос, ырбап кетсе сөз жетпейт", – деп элин-журтун жаманчылыктан бөөдө кыргын, кан төгүүдөн алыс болуунун алдын ала эскертсе, дагы бир акылман атабыз Сарт аке "Сиздин баарынан кымбат деп эсептеген тилегиңиз барбы?" – деген суроого ал киши төмөнкүчө жооп берген экен:

"...Мен бүт өмүрүмдө бир да жолу керт башыма, бала-бакырама эл-журттан бөлүп, Кудайдан узун өмүр, бакты-таалай тилебедим. Мен бардык жакшы нерсени калкка бер деп тиледим", – деген экен жарыктык.

Колуңуздардагы бул баалуу эмгек – К.Тыныстанов атындагы Ысыккөл мамлекеттик университетинин профессору урматтуу А.И.Иманов тарабынан жазылган китеп. Бул китеп журтчулук тарабынан өтө жылуу кабыл алынып, тез эле окуучулардын терең катмарына жетээрине күмөн жок.



**МОЙТ АКЕ**
**(1750-1843)**



**САРТ АКЕ**
**(1780-1865)**



**ТИЛЕКМАТ АКЕ**
**(1800-1863)**



**КАРГА АКЕ**
**(1718-1828)**



**САДЫР АКЕ**
**(1821-1905)**



**КАРАЧ АКЕ**
**(1837-1914)**



**КЫДЫР АКЕ**
**(1843-1926)**

# МОЙТ АКЕ, САРТ АКЕ, ТИЛЕКМАТ ЧЕЧЕН ЖӨНҮНДӨ АЙРЫМ ЭСКЕРҮҮЛӨР

Адам баласы жашаган ар бир доордун кайталангыс, ошол гана доорго мүнөздүү өзгөчөлүгү, кийинки муундарга үлгү боло турган, жашоо-турмушуна зарыл керектүү, табылгыс пайда келтирүүчү, жемиштүү таасир берүүчү жана да жашоого туура багыттоочу касиеттери, артыкчылыктары болот экен. Ошондон улам кийинки муундар өткөндү иликтеп, дыкат талдап, тарыхый бардык нерселерди, окуяларды, салтты, үрп-адатты, деги эле бүтүндөй маданий турмушту үйрөнүп, өзүнө кабылдайт, акылга түйөт, жүрөккө, канга сиңирет. Укум-тукумга уланган мындай касиеттер, жол-жоболор жалпы элдик салтка айланат, түбөлүк ардакталат, сакталат. Бара-бара салт ыйык тутулуп, аны бузууга, андан чыгууга жол берилбейт. Мисалы, чыгыш элдеринде, анын катарында кыргыз элинде да жолуккан адамга, же адамдардын тобуна салам берүүнүн жол-жоболору, адеби, мейманга баруу, же мейман күтүүнүн изааты, жосуну, дос жана сөөк-тамырды асыроонун назик жөрөлгөлөрү, аларга мамиле жасоонун тартиби, кандай шартта, жагдайда болбосун, адамды курсант кылууга, ага ыракат берүүгө аракет жасоо ж.б. туруктуу, калыпка түшкөн салт болгон. Айрыкча үй-бүлөдөгү мамиле – ата менен баланын ортосундагы мамилелер – өтө жогору коюлган. “Бирөөнө урмат-сый тартууласаң өзүң да урмат сый көрөсүң” деген накыл ата-бабаларыбызда ыйык лозунг иретинде бекталган.

Ата-бабалар адилеттүүлүктү, адептүүлүктү, теңчиликти алды менен үй-бүлөдө баштоону ылайык көрүшкөн. Ошондон улам азиз даанышмандар эркектерге:

– Бейиш энелердин таман астында. Аялыңа кандай мамиле жасасаң, кыз-келининден ошону көрөсүң. Жан алкымга тыгылганда, биринчи кезекте Кудай менен эне келет оозуңа. Эркектин азабын аялдан артык эч ким тартпайт: кайгыны, кубанычты тең бөлүшөт; ооруганда кошо ооруйт, сакайганда кошо сакаят. Эркек турмушта туура жолун таппаса, аны аял алгандан кийин табат. Жакшы аял эркекти дөөлөттүү да, барктуу да кылат. Эркектин бакыты аялга болгон изаатында, ишениминде. Башка мүшкүл түшкөндө, аялдан артык арка жок. Жакшы аялдан ажыраган эркек бактысын жоготот. Эненин мээрими, эмгеги, ак сүтүсүз адам жашабайт. Адам баласы эненин ак сүтүнөн кутула албайт. Эненин балага болгон мээриминдей, сүйүүсүндөй теңдеши жок мээрим, сүйүү болбойт. Аял – бардык шартка тез көнгөн асыл зат. Колунан, жүрөгүнөн, пейилинен мээр төгүлгөн аял – кут, ырыскы. Адамды адам кылып баккан – эне, бардык аял – эне, ошол себептүү аял ар кандай жаңжалды жек көрөт. Аялсыз үйгө мейман келбейт. Аялы жок эркек туруктуу дос күтпөйт. Жанында мээримдүү аялың болгон соң, ай-жылдызды издөө жөнсүз. Аял – үйдүн жарыгы. Аялына баркы болбогон эркектин тууганына да баркы болбойт. Колу-бутуң сынса да, аялдын шагын сындырба. Аялы жок үйдө аш болбойт, аш болбогон үйдү ит да сүйбөйт. Аялы бар үй – чыныгы казына. Кайкайсы жаныбар болсо да, энеге ынак. Карганын баласы болсо да, энеге аппак, – деген осуяттарды калтырган. Мындай накыл сөздөрдү улай берсе өтө көп.

Эми азиз даанышмандардын аялдарга айткан осуяттарынан эки ооз сөз козгойлу.

Жакшынакай таалим-тарбиялуу, адеп-изааттуу аял дайыма күйөөсүн сыйлайт. Күйөөсүнөн уруксатсыз иш кылбайт. Үй-бүлөнүн оор түйшүгүн мойнуна алып, дайыма ыракат тартуулайт. Аял – үй-бүлө үчүн гана жаралган адам. Аял күйөөсүнүн бардык жек-жааттарын, жолдош-жоросун сыйлоосу, урматтоосу керек. Аял күйөөсүнүн уй-бүлө үчүн жасаган кызматын туура баалап, көңүл-көйүнө назар салып, ыгы жок капалантууга дуушар кылбоого, күйөөсүнүн курсант, шаттыгына шарт түзүүгө тийиш. Күйөөсү ишке жөнөөрдө да, иштен чаалыгып келгенде да жылуу сөз, жылуу мээрим менен жубатып тургудай болушу керек күйөөсүнүн тамак-ашын, кийим-кечелерин өз убагында даярдап, анын тапкандарын сарамжалдуулук менен пайдаланышы, ысырапка учуратпоосу – милдет. Ушундай сапаттар гана аялдын кадыр-баркын көтөрөт, – деп сөз калтырышкан.

Ата-эненин балага болгон мээриминде чек жок экендигин айтып келип, даанышмандар, ойчулдар баланын милдети жөнүндө да осуят калтырышкан.

– Балдар ата-эненин, керек болсо, баласы үчүн жанын курмандыкка чалууга даяр экендигин туюусу зарыл. Балдардын жарык дүйнөгө келүүсүндөгү, анын бойго жетүүсүндөгү, андан соң эл катарына кошулуусундагы ата-эненин өлчөп болбогон эмгегинин баркын билгидей болсун. Ошондо гана бала ата-эненин адал эмгегин баалоого, аларды, ыраазы кылууга ниет кылат. Ата-эненин көңүлүн оорутпай, алардын айткандарынын илебин кайтарбай, ден соолугуна, жашоо-тиричилигин көз салып турган бала алкыш алат. Бала ата-эненин асыраган бардык жакын адамдарына сый-урмат көрсөтүп, дайыма жылуу сезим тартуулап турсун. Алардан колдон келген жардамды аяшпасын. Улуулардан үлгү алса, кийин өздөрү да башкаларга үлгү болот.

Бала бойго жетип, өзүнчө турмуш курганга чейин ата-эненин колундагы аманат болсо, андан кийин ата-эне да баланын колундагы аманат деп билүү керек. Ошон үчүн эки тараптан тең ынак мамиле болгону абзел.

Мамлекет жана анын түзүлүшү үй-бүлөдөн, анын адеп-ахлагынан башталат дегендей, коомдук турмуштагы адамга мүнөздүү бардык руханий нерселер да эзелтен эле үй-бүлөдөн өзөк алып калыптанышкан өнүккөн.

Биздин максат ата-бабалардын өткөн тарыхын, Ысыккөл өрөөнүндөгү тарыхый инсандарды (өткөн кылымдардагы), алардын калтырган ой-мурастарын эскерип, азыркы жана мындан кийинки муундарга таратуу гана эмес. Эң негизгиси алардын асыл ой мурастарынын тарбиялык касиеттерин, жаштардын өсүп-жетилишине, адам катары туура багытта калыптанышына, адилеттүүлүктү (демократияны) туура кабылдоосуна тийгизе турган жагымдуу оң таасирлерин калкка жеткирүү болуп саналат.

Адамды адеп-ахлак жагынан, аң-сезим жагынан жетилген инсан даражасына, деңгээлине жеткирүүдө бабалардын тутунган жакшы салттарын, жүрүм-турум эрежелеринин ийги үлгүлөрүн, адамдардын өз ара жана коомго болгон мамилелерин чын дилден кабылдоо аба менен суудай зарыл.

Биздин эгемендүү демократиялык түзүлүшкө умтулуубуз, аны курууга болгон аракетибиз жаңылык эмес. Азыркы саясий маалыматта демократия деген түшүнүк (термин) колдонулса, эзелтен эле ата-бабаларыбыз муну адилеттүүлүк, тендик деп билишкен. Алар да эзелтен эле коомдук жашоо-турмушта адилеттүүлүккө, тендикке жетишүүгө, аны калк арасында калыптандырууга өмүрлөрүн сайышкан. Элибиздин өткөн муундагы акылмандары, ойчулдары, агартуучулары улуттук менталитетибизди ыйык сактап, түбөлүк сакталып келе жаткан

салтыбызды туу тутуп келишкени элдик санжырачылардын материалдарынан ачык байкалат. Сөзүбүз далилдүү болсун үчүн 18-20-кылымдын аралыгында жашап өтүшкөн Ысыккөл өрөөнүндөгү айрым акылмандардын, даанышмандардын сөз болуп жаткан маселеге байланыштуу айткан осуяттарынан, насааттарынан мисал келтирейин.

Адилеттүүлүк жөнүндө Алдаяр уулу Мойт аке төмөнкүдөй накыл айткан экен:

– Адилеттүүлүк – жашоонун туткасы. Адилеттүүлүк болбосо, жашоонун оош-кыйышы көп болот. Адилеттүүлүк болбосо, капачылык, наразылык, өкүнүч, андан улам кек сактап кекээрлешүү, кыйкым издеп тирешүү, андан улам жаңжал, кан төгүлгөн кагылыш чыгат.

Адилеттүүлүк менен теңчилик эриш-аркак. Адилеттүүлүк менен теңчилик болгон жерде ата салты бузулбайт, кара кылды как жарган калыстык уялайт. Калыстык болмоюнча, теңчилик жок, теңчилик болмоюнча, адилеттик жок, балдар. Мына ушуну эл билермандары бекем тутунушу парз.

Адилеттүүлүк – ак иш. Актын жолунан тайбагыла. Адилеттүүлүктүн жолу узун, эгер ал ыйык тутулса. Адилеттүүлүктүн жолу кыска, эгер ага арамдык аралашса.

Адилеттүүлүктү – бардык адам каалайт. Аны өзгөчө эл башчылары эл билермандары, салттуу, нускалуу карыялар пириндей сакташы зарыл, не дегенде, калк биримдигин, ынтымагын көзөмөлдөөчүлөр – ошолор.

Адилеттүүлүк кылган иш пейил менен шайкеш болушу зарыл. Кылган иши пейилге жараша болот. Ооз жүзүндө пейил түз өңдөнүп, иш жүзүндө ажырымы байкалса, акыры адилеттүүлүккө зак кетет, бара-бара ак жолдон тайыйт. Ак жолдон тайыган жагдайда кут кете баштайт.

Кут ордуна ар кандай ыпластык, калпычылык, алдамчылык, эки жүздүүлүк, көз боемочулук, деги койчу, күнөөгө дуушар кылган бардык жаман илдеттер калк арасына уюктай баштайт.

Адилеттүүлүктөн таюу – орду толгус жоготуу. Жоголгон жокту ордуна келтирүү абдан оор, өтө кыйын. Адилеттүүлүктү жоготуу ого эле кымбат, ал башка кымбат нерсени жоготкондой эмес. Аракет болсо, жоголгон кымбат буюмдан да баалуу нерсени табууга болот. Ал эми ордунан тайган адилеттүүлүктү кайтаруу – азаптын тозогу.

Адилеттик жана теңдик жөнүндө, азыркы сөз менен айткан демократия, анын принциптери жана элементтери жөнүндө өз кезегинде Сарт аке (Сартбай аке) көп-көп насааттарды, накыл сөздөрдү айткан экен. Насаат деген эмне? Эмне өлөт, эмне өлбөйт? Эмнеге айла бар эмнеге айла жок? Эркек деген ким, аял деген ким? Кубаныч эмне, кайгы эмне? Бейиш эмне, тозок эмне? Бул дүйнөдө ким карып? Кордук эмне, олжо деген эмне? Өлүү менен тирүүнүн айырмасы кандай? Байлык деген эмне? Чечен деген эмне? Жакшы атка конуу, адептүүлүк, асылдык, сөз кадыры, урмат, эгиз болуу, каалоо, тилек, адепсиздик, ысырапчылык, текеберчилик, нускалуу сөз, адамдын эң жаман сапаты, олжо, адамдын ыйык милдети, адамдын эң мыкты сапаты, улуулук, асылзаадалык, тазалык, сабаттуулук, чыр чыгаруу, мүшкүл, зарылчылык, нарк-нусканын мааниси, жөн-билгилик, жаштык менен карылыктын ажырымы, акылмандуулуктун баркы, тагдыр, пендечилик, сук артуу, ачуу, кең пейилдик, кесир, күнөөгө батуунун жолдору, башчысынын сапаты жана башка жөнүндө осуяттарын калтырган. Эми кеп ыңгайынан пайдаланып, сөз удулуна ылайык анын азыркы жашоо-турмушубузга да үлгү болорлук накылынан бирэки мисал келтирейин.

– Сарт аке, адам баласы өз колунан келген кандай нерсени тутка, арка кылса болот?, – деп сураганда:

– Жүрүш-туруштун, кулк-мүнөздүн, пейилдин Аллах-таала жолун төп келиши жашоонун туткалуу өзөгүн түзөт. Жүрүш-туруштун, кулк-мүнөздүн, пейилдин өзү адептүүлүк, же адепсиздик менен бааланат, Адептүүлүк – калк урматтоосуна алып баруучу айкын жолдордун бири. Адептүүлүктөн зыян тарткан, жапа чеккен пенде болбойт. Асили, адептүүлүк да акылдан учук алып узарат. Жалгыз адамды эмес, бүтүндөй калайыкты да башкарган – акыл. Ушундан улам адептүү болууга акыл, сезимталдык себепкер деп айтылат. Ал эми акылдын да кенчи бар: ал акылдуулардан таалим алып, сезимтал, сергек болуу менен жашоо-тиричиликке байкоо жүргүзүү аркылуу, турмуш тажрыйбаларынын топтомдору аркылуу байыйт, өсөт; акылдын уудай тунук булагын Аллах таала тартууласа да, ал мыкты чөйрөсүз өспөйт. Акылдуу адам түркөй, караңгы чөйрөгө тушукса, алардын агымына сиңип кетет. Акылдын өсүшү деле сепкен үрөнгө тете. Үрөн жайлуу жерге себилсе, жакшы өсөт эмеспи.

Адепсиздик – өтө төмөндүк, анын акыры жек-көрүүчүлүккө, элден чыгууга алып барат. Адепсиздиктен адам өлчөөсүз зыян тартат. Адепсиз адамдын жамандыктан башка бирөөгө пайда келтирген учурун көрө албадым. Кептин кыскасы, адептүү, акылдуу, жөнбилги адам жарык жылдыз, күнөстүү жерде өскөн жайдары гүл болсо, адепсиз түркөй адам чалчыктагы балыр сыяктуу. Асили адепсиздин акылы кем.

Эми теңчилик жөнүндө Сарт акенин бир айтканынан мисал келтирейин.

– Сарт аке, теңчилик болгонбу, болсо кандай шартта болгон? – деп сураганда:

– Теңчиликти теңирим сүйгөн деген кеп бар. Адамдын көксөгөнү да – ошол. Бирок акыйкат теңчиликти

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА

орнотуу – кыйындын кыйыны. Менин билишимче, теңчилик чарбасы, кесиби, даражасы бирдей адамдардын - бирдей абалдагы букаралардын, бирдей даражадагы, дөөлөттөгү өкүмдарлардын – ортосунда гана болот. Башка жагдайларда адөөлөт теңчиликти кездештире албадым. Бийлик деген – бийлик, баш ийүүчүлүк деген – көзкарандылык. Мунсуз адамдарды башкаруу жолу жок. Ошондо да бийлик адилеттүү болсо, адамдын баркы, асылдыгы, ыйыктыгы бааланса болгону. Мына ушуну да теңдикке ыйгарса болот. Бийлик адилеттүү болсо, букаралар кыңк дебей баш иет. Адилет башкаруу, адилет баш ийүү да – бактылуулук. Мындай бактылуулук – канагаттанып жашоо деген эле сөз.

Көл өрөөнүндө жашап өткөн Мойт аке менен Сарт акеден кийинки даанышман – Тилекмат ата. Илгери адилет өкүмдар Боронбай султандын (узак убакыт адил башкаруучу болгондугунан улам эл ал адамды Боронбай хан деп да аташкан) көзү өткөн соң, анын ордуна Зарыпбек деген адам болуптур. Мойт акенин жарык дүйнөдөн көзү өтүп, Сарт аке картайып калган учур экен. Көл калкын чыпчыргасын чыгарбай Тилекмат ата акылга калчап турган учурунда, Зарыпбек манап Сарт акени картайдың деп, Тилекмат акени жүйөсүз кыргызчылык менен "тентип келген кулсуң" деп, атайы башкаруу чөйрөсүнөн четтете баштайт. Күндөрдүн биринде Зарыпбек Тилекмат чеченди чакырып: "Деги сен кимсиң? Өзүңдү киммин деп ойлойсуң?" – деп суракка алат. Анда Тилекмат ата:

– Биз кудайдын пендесибиз. Биздин жарык дүйнөгө келип кетүүбүз келгин куш сыяктуу, убактылуу. Атаганат, колдон келсе, өмүрүбүздүн башынан аягына чейин эненин сүтүндөй таза болсок Кудай жараткан бардык нерсеге өз жүрөгүбүздү ардактагандай мамиле жасасак кана? Бардык адамды Кудайдын пендеси деп, тең тутуп

ардактасак кана! Бардык жан-жаныбарлардын, өзгөчө адамдын убал сообун ойлоп, Кудай жолуна шек келтирбей, аруу жашасак кана! Арман ай! Арман! Арман көп... Көкүрөктө турат, бирок колдон келбеген нерсе көп. Ошондо да колдон келбейт деп, аракетсиз жашоого болбой аракеттенүү – пенде үчүн парз. Бузулганды түзөө, жаман ишти жакшы жакка өткөрүү, эч айла болбогондо оң жагына оодаруу, кемтикти толтуруу – парз. Билгенди билбегенге айтуу, билбегендин көзүн ачуу – парз. Бири-бирибизге бел болуп, барда да, жокто да, кубанычта, кайгылуу күндөрдө да эш болуу – парз. Мен ушул ыйык милдеттерди эч убакта эсимден чыгарбаймын. Мен бардык замандаштарыма улууларга, өкүмдарларга, кичүүлөргө, курбуларыма бирдеймин. Мен баарына теңмин. Кимисинде муктаждык болсо, ал менин колумдан келсе, эч убакта баш чайкап көргөн эмесмин. Менин оозумдан жок деген сөз чыккан эмес. Жокту Аллахтаалам мага буюрган эмес. Мен Аллах-тааланын жолундагы адаммын. Менин дилимдеги, дитимдегилердин бардыгын калкым үчүн тартуу кыламын. Ошондуктан мен өзүмдү, биринчи иретте Кудайдын, экинчи иретте, элимдин кулунумун деп эсептеймин. Мен калыс эмес, кыйкымчыл, ичи тар, өзүм дегенде колун ие тарткан өкүмдарлар менен пейилим келишпейт, ымалам жуушпайт. Мен андайлардын бийлигин да, буйругун да кабыл албаймын. Кош, Зарыпбек – деп эшикти ачуулуу аттап кеткен экен жарыктык.

Мына, асыл адамды, анын кудуреттүү эмгегин баалабагандык! Элдин айтымында, Боронбай өмүрүнүн акырына чейин (ал жүрөк оорудан мүрт кеткен дешет) акыйкат башчы болсо, Зарыпбек бийликте бир жарым гана жыл туруптур. Санжыра маалыматтарына караганда Боронбай султан Сарт аке, Тилекмат чеченге кеңешпей, өз билгенинче эч качан олутту иш баштоочу эмес экен.

Тилекмат атанын эл, эл ынтымагы жөнүндө калтырган дагы осуяты менен окурмандарды тааныштыра кетели.

– Элим жөнүндө бир суук кабарды уксам, мени бирөө бычак менен жүлүнгө сайгандан да жаман болом. Менин өмүрүм өзүм үчүн эмес, элим үчүн жаралган. Денеде жан барда, тирүүлүктүн демин тартып турганда элдин бейкуттугунан артык бак-дөөлөттү сезип-туя албадым. Жаным жай алып, уйкунун ыракатын таткан учурларым дагы элдин бейкуттугу болду.

– Менин баарынан жаман көргөнүм – калпычылык. Калптын өмүрү кыска, колу чолок, буту төкөр, анткени калп узакка жашабайт, анын бат эле кара жүзү ачылат; колу чолоктугу – ага бардык эле адам ишене бербейт; буту төкөрдүгү – калптын өзөгү желден алынат, аягы менен жер баспаган желден алынат. Калптын жүзү курусун! Аны абийирдүү адам оозуна албасын. Калпка адам ишенбей калган соң, анын касиети качат.

– Менин ыйык тутунганым – ынтымак. Өзүм да эл ынтымагы үчүн жаралган жанмын. Мен ынтымактын баркын билгендерди өзгөчө кадырлайм. Менин андай устаттарым – Мойт аке, Сарт аке. Асилинде ынтымак – бардык ырыскынын башаты, соолбос булагы, өчпөс оту. Ынтымакты бузган – элди бузган. Андай бузукунун өмүрү да жаман, өлүмү да жаман. Адам турмуштун чыныгы ыракатын ынтымактан алат. Ынтымак тилеген адамдын оюнда эл тагдыры, эл бакыбаттыгы, эл таалайы уялап турат: кулагында анын добушу жаңырып, көзүндө элеси чагылып, жүрөгүндө илеби дем берип турат. Ынтымак ырыскы, байлыкка гана жеткирбестен, дөөлөткө да, кадыр-баркка да жеткирет. Ынтымактуу элдин, үйбүлөнүн колу узарат, тукуму өсөт (айтмакчы, Тилекмат атанын кыздарынан башка он жети уулу болгон). Ынтымактын үйүрү кенен: бардык жакшылыктын туткасы, куттуу ордосу – ынтымак.

Урматтуу окурмандар! Ойлоп көрүнүздөрчү, өткөн замандагы эл урматтаган даанышмандарыбыз Мойт аке, Сарт аке, Тилекмат чечендин тутунган жолдору, өздөрүнүн иш-аракеттери, элге берген кеңештери, калтырган мурастары чыныгы демократиялык ой-пикирлер эмей эмне? Даанышмандардын бизге калтырган ой-мурастары жаштарды демократия нугуна тарбиялоонун табылгыс булагы эмей эмне? Даанышмандардын бардык осуяттары, турмуштук тажрыйбалары, жашоо-турмушту аңдап билүүлөрү биздин азыркы жашообузга, кулк-мүнөзүбүзгө, жүрүм-турумубузга кыргыз элинин улуттук менталитетин калыптандыруучу мурас-булак эмей эмне?

Калк өз тарыхында баалуу нерселерди түбөлүк сактайт. Анын бириндей, жогоруда аттары аталган ойчул акелер жөнүндөгү санжыраларды калк тукумдан тукумга бекеринен сактап келе жаткан жок.

Акелерди эскерүү менен, алардын асыл ойлорун калкка кенен жайылтып, жок дегенде, калктын ар жүзүнөн бирден адамдын көзүн ачып, оң жолдо жүрүүсүнө көмөк болсок, тилегибиздин, максатыбыздын ишке ашканы деп бел кылам. Ошондуктан акелердин ой-мурастары менен жөнсалды гана таанышып койбостон, аны туура түшүнүүгө, бойго сиңирүүгө, мүмкүн болсо, өзүңүздөр да андан ары улап, башкаларга таратууга аракет жасасаңыздар деп тилек кылам.

Өткөн муундагы ойчул акелер бир эле уруунун, бир эле өрөөндөгү элдин ыйык туткан акылмандары эмес, алар – жалпы элдики, жалпы элге таандык; алар – жалпы элибиздин бак таалайы үчүн жаралган адамдар... Кыргыздын кайсы булуң-бурчунан чыккан даанышмандар, агартуучулар, элдик баатырлар болбосун, алар жалпы элге таандык. Бул же тигил уруунуку деп эсептөөгө болбойт. Ушуну да эстен чыгарбай, калыстык кылсаңар экен деп өтүнөм.

# АЛДАЯР УУЛУ МОЮТ АКЕ

Жыл сүрүү маалыматына, элдин жана Кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер, белгилүү жазуучу Эрнис Турсуновдун айтуусуна караганда, Алдаярдын Кенже уулу Мойт аке, болжол менен, 1745-50-жылдардын аралыгында жарык дүйнөгө келген. Мойт акенин үч аялынан алты уулу болуп, андан тараган тукумдар касиеттүү Ысыккөлдүн күңгөй тарабындагы Ортоөрүктү айылында жашашат. Бул жерди тукумдарына биротоло мекен кылып берүү максатында Мойт аке өзү тандаган деген кеп бар элде. Көрсө, конуш чалууда да кыраакылык, көрөгөчтүк керек тура. Мал күздөтүүгө, кыштатууга, жаздатууга жайыты ылайыктуу, күнөстүү тоо этеги, айдоо аянты жетиштүү, көл жээгине жакын, күңгөй менен тескей алаканга салгандай көрүнүп турган, жайдары желаргы соккон кереметтүү жер экен.

Мойт акенин сөөгү Тондун Тууратам деген жерине жакын (азыркы Бөкөнбаев айылы), эл ыйык мазар тутунган касиеттүү Манжылы жылгасына коюлган. Айтымда, көзү тирүү кезинде эле керээз катары сөөгү жатчу жерди Мойт аке өзү тандап, тукумдарына табыштаган дешет. Бу ыйык мазарга, андагы Мойт акенин жаткан жайына эл азыр да барып, ак дилден сыйынышып, тукум, ден соолук, бакты-таалай тилеп, мал союп, куран окуп турушат.

Болгон чындыкты, таасирдүү жакшы сөздөрдү уламалап, элге жеткирүү керек. Ушул максатта Эрнис Турсуновдун "Алдаяр Мойт аке" деген поэма-дастандын баш сөзүндө ойчул-даанышмандын түркүн касиеттери, өнөрлөрү жөнүндө айтканын эскере кетели:

– Өз доорунун акылманы, ойчулу, чечен, сынчысы, саяпкери, мүнүшкөрү болгон Мойт акенин далай канаттуу сөздөрү эл оозунда бүгүнкү күндө да айтылып ке-

лет… Айтканы эки болбогон, ак баталуу, турган жерине ырыскы уялаган касиеттүү инсан.

Мойт акеге Аллах-таала ашкере тартуулаган касиет – артыкчылыгы ар кандай дарттын дарегин, дабасын таамай билген табыпчы-дарыгерлиги болгон. Буга сабатарлык Атакандын өнөкөт болуп өтүшүп кеткен тулабоюндагы жарасын, байлык жагынан эл оозуна алынган көлдүк Солтонкулунун ысык-суууктун капшабынан катуу ноокастап, аргасы кеткенде, Мойт акеге келип, кеселинин дабаасын тапканы, Эшкожонун жубайы Айжандын (булар Балбай баатырдын ата-энеси) талгагы өтүшүп, өң-алаттан кетип, алсырап калганда да анын дабаасын тапканы ж.б. айкын мисал боло алат.

Мойт аке телегейди тегиз санаган, айрыкча карапайым элдин, букаралардын камын ойлогон айкөл, кайрымдуу, боорукер адам болгон. Акенин мындай адөөлөттүгүн Жамила Жылкыбаева "Тарыхый инсандар таржымалы» (Сарт аке, Мойт аке, Тилекмат чечен, Садыр аке, Кыдыр аке, Карач көсөм жөнүндө жазылган эмгек) деген санжыра топтомунда, кыскача болсо да, айкын мисалдар менен баса көрсөтүптүр. Кайталап отуруунун кажети жок.

Ыракмат Жамилага! Санжыра жыйноодо, аны талыкпай калкка жеткирүүдө үзүрлүү эмгектенип келе жаткан жалгыз кызыбыз! Эркектерден санжырачылар, Кудай буюрса, көп эле. Кыздардан санжырачылар – жалгыз Жамила.

Санжыраны меники, сеники деп айтууга болбойт, ал элдики. Анын, бир эле санжыранын толгон-токой варианттары бар. Ошолорду жыйнап, калкка жеткирүү, айрыкча элдик санжыранын жаштарды оң жолго тарбиялоодогу милдетин, маанисин талдоо, азыркы шартта тура багыт берүүчү идеологиялык куралдардын эң бир орчундуу бөлүгү экендигин сезе билүү – зарылдын зарылы. Жамила – мына ушул жагынан көп эмгек сиңирип жүргөн адам.

Кептин удулу келип турганда, Мойт акенин кандай адам экендиги жөнүндө Сарт акенин бир ооз баасын айта кетели.

– Мойт абам – Кудайдын мээрими түшкөн, калыстыгынан эл батасын алган даражалуу да, даңазалуу да адам. Анын батасы гана эмес, жөнсалды айткан нускалуу кеби да укканга эм болгон, Кудайым жарык дүйнөгө сейрек жараткан адам.

Ал – көзү ачык, эртеңкини туя билген, бир да сөзү сая кетпеген адам. Атаганат, баарыбыз анын кадырына жетсек, кана! – дептир. Көрсө, Сарт аке Мойт аке менен көп жыйындарда, эл тагдырын чечкен топтордо гана бирге жүрбөстөн, көздөрү өткөнгө чейин жаздоодо да, жайлоодо да бирге жүрүшкөн адамдар экен. Өмүр жолдорунда биринин акылын бири толуктаган, биринин ой-пикирин бири улаган, Кудай берген касиеттери боюнча да бири-бирине шайкеш келген, бири-бирин жандай ардактаган, өтө ынак, улуу-кичүүсүнө карабай сырдаш болгон эгиз адамдар экен. Өз акыл-ойлорунун тазалыгына көздөрү жетип турушса да, урмат үчүн, изаат үчүн бири-бирине кеңеш куруп турушчу экен. Ушундай асылдыгы, жүрүм-турумдары менен элге ынтымактын, кадыр-сыйдын үлгүсү болушуптур.

## МОЮТ АКЕНИН СЫНЧЫ-САЯПКЕРЛИК ТУЮМУ

Илгери көлдүн чыгыш тарабындагы айтылуу Каркыраны, негизинен, кыргыздар эле жайлоо катары жердеп келишкен. Кечээ, кийинчерээк эле, жакындыгынан улам пайдаланып, казак туугандар көчүп келе беришип, бара-бара анын бардык аянтына эгедер болуп алышты. Өрүштү улам кеңейтип отуруп, Каркыраны тең орток жайлап турган чакта кыргыздар казактар менен ого бетер чыр-

малышып, жайкысын, күзгүсүн ашты-тойду, кыз алып, кыз берүү салтанат үлпөттөрүн колдон келген шартта чогуу-чаран өткөрүшүп турган. Бул ымала өткөн доордогу акелердин – Мойт аке, Сарт аке, Тилекмат акелердин – тушунда абдан күч алган.

Күндөрдүн биринде, жайдын толуп турган мезгилинде айтылуу "Манас" эпосундагы Көкөтөйдүн ашы өткөн Каркырада бай казак той берип калат. Аш-тойдо кыргыз, казак эр оюндары, айрыкча ат чабыш салт тура. Ал тойго ат жеткен жердеги казак, кыргызга бүт кабар берилип, эл абдан көп жыйналыптыр. Оюн-зооктун башка түрлөрү бүтүп, чоң ат чабыш башталат. Ат чабышка Мойт аке керкашка аргымагын, Сарт аке чоңтору аргымагын кошушат. Чабылуучу аттарды эл алдында чубатуудан өткөрүү учурунда Мойт аке казактан келген дагы бир керкашка күлүктү көзгө түшүрүп, өзүнүн керкашкасы менен салыштырып, ал экөөнүн кандаш, түспөлдөш, турпатташ белгилерин жаза кетирбей, даана байкап калат.

Эртең менен айдакка кеткен күлүктөрдүн караанын көзгө чалдыкканда, Мойт аке эки жигитин жиберип, алдыда биринчи келаткан күлүктү сүрөп келүүнү суранат. Ал ат чекке жакындаган сайын казактын керкашкасы экени даана байкалып, көпчүлүк казактар: – Мына бул кыргыздар сообу? Өз атын сүрөбөй, казактын атын сүрөгөнү эмнеси? – деп таңданып карап турушат. Бир атым насыбайчалык убакыт өтпөй, казактын керкашкасы марада жыйылып турган эл алдынан чилге тийген кыргый сыяктуу шуулдап өтөт. Ага удаалаш Мойт акенин керкашкасы, андан соң Сарт акенин чоңторусу келет. Байге озуп келген он атка дейре сайылат. Баш байгеге үйүр-үйүр жылкы, короо-короо кой сайылыптыр.

Мөрөй өзүбүзгө тийди, намыс колдо калды деп казактар өпкө-өпкөсүнө – батпай, кубанычка тоюп турганында, Мойт аке эл ортосуна чыгып:

– Бул жаңы асый керкашка казак Шооруктуку эмес, башы меники, менин ак малым. Баш байге мага тиешелүү, – деп жарыя кылат. Эл арасы уу-дууга толуп, казак менен кыргыздар эки тарапка бөлүнүп, топ арасындагы кызуу кандуу жигиттер толкуй баштаганда, көптү көргөн акылга жетик Найман деген карыя казак:

– Калайык! Уу-дууңарды токтоткула! Казак, кыргыз бир боор элбиз. Мындан чоң иштерди да акылга калчап чечишкенбиз. Күн кечтеп калды. Чырдын башын бүгүн ажыратууга болбойт. Көп эле болсо Шубар байдын он чакты жылкысы союлар. Бүгүн конок болгула. Чырдын башын эртең менен чечели, – деп элди тынчытат.

Шубар байдын конок даамына тоюнуп, жатаар маал болгондо Мойт аке Сарт аке менен кеңешүү максатында сыртка чыгышат. Экөө элден обочороок бөлүнүп чыкканда, Мойт аке Сарт акеге иштин жүйөөсүн түшүндүрөт. Чырдын түйүнүн түшүнгөн соң Сарт аке :

– Мойт аба, эми бизге баш чайкоого болбойт. Эмнеси болсо да тобокел кылалы. Казактар кандай табышмактатса да, кандай амал-айла ойлошсо да Кудай деп бел байлайлы. Алар бизге караганда бул тойдо көптүк кылып турат. Үй үстү да алардыкы. Бөөдө жерден чыр чыгып кетпесин. Чыр чыкса, биз көбүрөөк зыян тартып калабыз. Эртеңкисин көрө жатабыз, – дейт.

Эртеси эртең менен ат ээси Шоорукту, калыс карыя Найманды, Мойт аке жана Сарт акелерди өзүнчө бөлүп, атайы дайындалган ак өргөөгө киргизип, казактардын сынагын айтышат. Сынак боюнча Мойт акеге төмөнкүдөй шарт коюлат: меймандар тура электе, көгөнгө уч кара кой байлашат; анын экөөнүн эгиз козусу, бирөөнүн жалгыз козусу болот. Илгери кыргыз, казак жайдары кара койлорду асыроочу тура. Танга жуук казактар бир короо козулуу койлордун энесин өзүнчө, козуларын өзүнчө бөлүп, арасы алыс эки бетке жайып жиберишет да, ан-

дан соң көгөндөгү койлорду көрсөтүшүп, алардын эгиз же жалгыз экендигин айтышпай, козуларын көрүнгөн тескей беттеги козулардын арасынан таап келүүнү сурашат.

Моют аке Сарт акени бир карап алып, атына минип көгөндөгү койлорду үч жолу айландыра бастырып чыгып, көз токтотуп байкаган соң:

– Шубарым, мага уч-төрт жигит бер. Бул койлордун козуларын мен жалгыз өңөрүп келмек белем, – деп тамашалап, жигиттерди ээрчиткен бойдон жайылып жүргөн козуларды жайбаракат, чочулатпай аралап бастырып жүрүп, беш кара козуну өңөрүп келет.

Козуларды өңөрүп келе жаткандарды эл чогуу-чаран жарданып карап турушат. Атчандар көгөндүн жанына келгенде, Мойт аке эч кимге назар салбастан, көгөндүн баш жагында турган казак жигитке:

– Балам, мына четте турган кара койду агытчы, а сен буга өңөрүп турган эки козуну ташта, – дейт. Жерге түшөрү менен эки кара козу тең маарап барып энесин ээмп калат. Эми ортонку кер жаак караны агыт, ага сендеги эки козуну ташта, – дейт. Буларда чуркап барып энесин ээмп калат. Акырында көгөндөгү жалгыз койду агыттырбай туруп эле өңөрүп турган козуну ташаттырат. Ал да айныксыз барып энесин эмет. Козуларын чала-була эмизип, каныккан чоң койлор үйүр-тобу менен жайытка кеткен койлорду көздөй кетет.

Бул шумдуктай тан каларлык окуяга күбө болуп турган калын эл бирдаары көргөн көздөрүнө ишене бербей, Аллага тобо келтиришсе, бирдаары:

– Капырай, ушундай да олуя, ушундай да сынчы болот экен ээ! Бу Мойт акени Аллах-таала чыныгы олуя жараткан турбайбы? Биз күндө аралап, күндө өзүбүз багып жүргөн койлордун козуларын өң-түсүнөн толук ажырата албай жүрсөк, бу касиеттүү адам эч көрбөгөн мал-

дын жалкы эмес, эгиз козуларын таап келгени тобо келтирбей турган, адам тан калбай турган ишпи, – дешип жакаларын карманышкан экен.

Казактардын кыйла эле оор сынагы чечилген соң, Найман карыя Мойт аке, Сарт аке баштаган калыс болчу топту, керкашкага эгедер болуп жүргөн Шоорук баатырды Шубар байдын мейман өргөсүнө алып келет. Атактуулар ирети менен өз орундарына отурган соң, Найман карыя Мойт акеге кайрылып: – Кана, кадырман Мойт, эми керкашканын жоругун башынан башта, – дейт. Кептин күткөн кезеги келген соң, даанышман Мойт аке сөз баштайт.

– Бул мындай болгон. Менин бир үйүр жылкым бар. Анын баары керкашка. Айгыры да ошондой. Анын үйүрүнөн чыгаан күлүктөр, эч болбогондо көкбөрү менен кыз куумайда байге бербеген учкаяк аттар чыгат. Керкашка айгырдын үйүрүндө биринчи жолу тууй турган бооз керкашка байтал бар эле. Эрте көктөмдө, анын тууй турган мезгили жакындап калган чакта, күн тууйбу, же түн тууйбу, байкоосуздан кулуну каканагына тумчугуп өлөбү деп, үйгө жакындатып бактырып жүрдүм эле. Бүгүнбү, же эртеңби деп турганда керкашка байталды уурдатып жибердим. Эмне үчүн керкашка байталды турда анын үйүрүн үйгө жакын бактырып жүрдүңүз дээрсиздер?

Малбы, жанбы (адамга карата айтылган сөз), анын биринчи тууганы кубаттуу, алдуу-күчтүү болот. Ошондон улам эгер керкашка байтал эркек тууса, андан бекер ат чыкпайт, аман туудуруп көрөйүнчү деп үйгө жакын бактырып жүрдүм эле.

Өзүңөр жакшы билесиңер: күлүк ат башка жөнсалды аттардан ого эле карылуу келет. Күлүк күч менен чуркайт. Күчүнө жараша табы болуу керек. Табын күчүнө төп келтирүү үчүн мыкты саяпкер керек. Саяпкери

жарашса, күлүккө канат бүткөндөй болот. Мыкты саяпкер күлүктүн табын гана билбестен, күлүктүн көөнүн да табат. Анын эч жерине керт кетирбестен, ичи-тышына кир жугузбастан, күлүк менен кадимкидей баарлашып, кирпигин, жүнүн, туягын, жал-куйругун карап, ысык-суук аралатпай, алдан-күчтөн тайгылтпай, сылап-сыйпап, астейдил барктап-баптап асырайт. Өз тарабынан күлүк да муну сезет, туят. Жылкы жаныбар акылдуу эмеспи. Мына ушунун өзү күлүк менен саяпкердин сүйлөшүүсү болот, өз ара көңүл табышкан саяпкер менен күлүк бири-биринин шагын сындырбайт. Саяпкердин зоболосун көтөрүп, табына келген күлүк көкүлүн желге сапырып, эл көзүнө көрүнүп, көрктүү кенен арыш таштайт. Эгерим, кандайдыр бир себеп менен күлүктүн шамы күйбөй, бактысы ачылбай, мөрөй алып бере албай калган шартта да, анын шагын сындырбоо керек. Демейде адам муну байкабаганы менен, жылкы жаныбар ээси менен кабарлашып турат. Ошондуктан жылкыны эч качан башка чаппоо керек. Өзгөчө күлүктү башка чапса, анын касиети кайтат, көңүлү сууйт. Ээсине таарынган күлүк, кандай табы келип турса да, чечилип тер төгүп чуркабай коюшу мүмкүн.

Эми койлордун козуларын тапканымды айтып берейин. Малбы, жанбы, айтор, жаныбар жарыктык атага караганда энени көбүрөөк тартат. Бул касиет малда көбүрөөк болот. Асили энеде алты чалым болот. Кандай гана болбосун, эненин алты чалымын тарткан малда да, жанда да болбойт. Эң мыкты дегенде бала эненин төрт-беш чалымын, такыр эле болбоду дегенде эки-үч чалымын тартат. Мен көгөндөгү койлорду, атайы көз токтотуп, үч сыйра айландыра бастырганым ошого байланыштуу. Алардын чалымын көзгө түшүрдүм. Ошондон кийин жигиттерди алып, козулардын жайытына барбадымбы.

Козуларды жай-баракат аралап жүрсөм, бир козунун чалымы көзүмө илинди. Дагы боолголосом, анын жанындагы козуда дал ошондой чалым бар экен. Алла ачылып, экөөнүн жанаша жүргөнү ондой берди болду. Ошондо гана көгөндөгү койлор эгиз козулуу экендигин сездим. Асили козулар эгиз болсо, жайытта жанаша, жок эле дегенде боз үй ордундай жерде эле удаалаш оттойт. Муну да эстеп койгула.

Эгиз козулар бар экендигин сезген соң, ого бетер шашылбастан, аяр көз жүгүртүп, жаңылбайын, уят болбоюн деген максат менен көпкө жүрүп калдым. Мага аттын байгесин алып баюу максат эмес. Мага мөрөй алуу– дөөлөт. Мага акыйкат чындыкты далилдөө– дөөлөт. Ушул тапта менин укум-тукумумдун, анын мал-салынын өсүшүнө Кудайым берекесин берип, мээримин төгүп турган кез. Менин азыркы тапта артыкбаш арманым жок. Мен Кудайга ыраазымын! Миң мертебе ыраазымын!

Эки койдун эгиз козуларын тапкандан кийин жалкы козуну таптым. Анын да түгөйү болуп калбасын деп, дагы көпкө араладым. Бирок чалымына окшош бир дагы козу жолукпаган соң, акыркынын түгөйү жоктугуна көзүм жетти. Ошентип, козуларын таап келдим, баатырлар.

Эми керкашка күлүккө келейин. Ал энесинин беш чалымын тартыптыр. Аттар айдакка түшүп, чубатуудан өтүп жатканда эле мен аны таанығам. Бирок, ишти күлүктөр чабылып келгенден соң баштайынчы деп, сабырдуулук менен күтүп отурдум деп сөзүн аяктап калганда, Найман карыя Шоорукка кайрылып, кана баатыр, сөзүңдү башта. Кечээтен бери казганактаган эл чырдын түйүнүн чыдамсыздык менен күтүп отурат. Чыр чечилбесе, чоң жаңжал башталып, эр каны төгүлгөнү турат. Кудайды эсиңе ал. Боордош эки элди эсиңе ал. Сый-урмат менен үлпөт өткөрүп жаткан Шубар байдын

кадыр-баркын эсиңе ал. Эми Кудай алдында ачык айтып, ак сүйлө, – дейт. Анда Шооруk баатыр: – Ырас, акелер. Мындан бир нече жыл мурда көлдүк Мойт аке деген калыс манаптын тукуму жарым тулпар бир айгыр үйүр жылкысы бар. Андан жөнсалды ат чыкпайт: же чыгаан күлүк, же баатыр сайышка минер карылуу ат, же көкбөрүнүн жер таянбас учкаягы, же алыска сапар жол жүргөндө камчы салдырбас, арыбаган дулдулдар чыгат деп угуп, бир жигитти жыл сайын Мойт манаптын жылкычыларына жакын кондуруп, жанагы күлүктүн үйүрүн таптырып, андан бир бооз бээни уурдатып алуунун аргасын издетип жүрүп, акыры керкашка байталга туш болдук. Жолубуз ачылып, ал келээри менен эркек кулун тууду. Аны кунан болгончо кара көздүн карегиндей сактап асырадым. Энесинин көзүн жети айдан кийин тазаладык.

Оболу керкашканы тай чабышка, кунан чабышка казак арасында салып жүрдүк. Жаныбарым бир да жолу байгеге илинбей калган жок, -деп күнөөсүн моюнга алат. Ошентип, чырдын башы чечилет.

Башбайгеге салган миң жылкыны, короо-короо койду той өтүп жаткан айылга айдатып келгенде Мойт аке жылкыны чубатуудан өткөрүп жатып, арасынан бир гана атты тандатып алып, аны мөрөй алган керкашканын жанына байлатып, бул – керкашканын таман акы, маңдай тери. Күлүк капа болуп калбасын, жолун жасайын дейт. Андан соң Мойт аке Найман карыяга кайрылып:

– Кадырман карыям, бул байгеге сайылган малды баккан койчуларды, жылкычыларды чакыртыңыз. Мен аларга соогат берейин дейт. Малчылар келгенден кийин Мойт аке:

– Койчуларың жүздөн кой, жылкычыларын ондон жылкы алгыла. Жакшылай асырасаңар бул мал силердин көртирлигиңерге жетет, – деп малчыларды курсант кылыптыр.

Акырында Моют аке Шоорук баатырга кайрылып:

– Баатыр, эмгек – сеники. Атты жакшы асырап, жакшы таптап жүргөн экенсиң. Калган мал – сеники, сенин байгең,– деп, Шоорукту ыраазы кылып, казак агайын менен жылуу-жумшак коштошуп, эки керкашкасын жетелетип кетет.

Жолдо келе жатканда бир жигити таарыныч кылат. Ар бир малай казакка жетиштүү мал таштадыңыз соогатка, бизге деле соогат керек эле дегенчелик кылганда Мойт аке:

– Мен аны билип эле турдум. Силерге деле соогат бермекмин. Сен бир аз эртерээк айтып койдуң. Өзүбүздүн керкашканын байгеси келе жатат артта. Биз казактардын көзүнчө соогат бөлүшмөк белек? Айылга барганда артта келаткан малды калыстык менен бөлүшүп алгыла, – дейт. Мына, Мойт акенин жоомарттыгы. "Жоомарттык – эр адамдын улуу сапаты", – деп айтылат элде.

Эми, кымбаттуу окурмандар! Мен сиздерге сунуш кылып жаткан вариантты илгери Чоңкызылсуу өрөөнүндөгү Кескенташ жайлоосунда Тыныстан уулу Дүйшөмбүдөн, Кыштообай уулу Асанакундан уккан элем. Ушул эле вариантка окшош, бирок айрым өзгөртүүлөрү менен берилген санжыра-баянды Жаныш Алиевдин "Алдаяр Мойт аке" деген дастан-поэмасынан окудум. Жаныш Мойт акенин өз тукумунан. Чебер таланттуу акын экен. Ал киши ыр менен баян кылыптыр. Окуп алып абдан ыраазы болдум: талантына да, даанышман бабасы жөнүндө санжыра топтогонуна да, аны элге жеткиргенине да ыраазымын. Ойчул акылмандар, даанышмандар, алардын калтырган баалуу мурастарын калың эл окусун, алардын адамгерчилигинен, адамды кадырлап баалай билгендигинен, бардык ыйык да, улуу да сапаттарынан таалим-тарбия алышсын. Алардын улуу мурастары элге ынтымак, ыйман, ырыскы алып келсин. Алар-

дын мурастары аркылуу элдин аң-сезими ойгонсун, дес кирсин, көзү ачылсын.

Мойт акенин жогоруда айтылган бир эле жолку окуядагы даанышмандыгын баалап, талдай көрөлүчү. Эмне деген олуялык, көрөгөчтүк, кайрымдуулук, калыстык жөнүндө маалымат алууга болот. Бул чыныгы демократиянын кол тийгис үлгүсү экендигине ким шек келтирет? Чыныгы адамча жашоонун түп унгусу экендигин ким танат?

Айтмакчы, 1997-жылдын октябрында Мойт акенин 250 жылдыгы өтпөдүбү. Ошол маарекенин алдында Касым Тыныстанов атындагы Ысыккөл мамлекеттик университетинде акелерге арналган илимий-практикалык конференция да болду. Ага окумуштуулар, саясий кызматкерлер, санжырачылар жана Мойт акенин немере-чөбөрөлөрү да катышты. Көптөгөн доклаttar жасалды, жарыш сөздөр болду.

Эмесе аке деген даражанын мааниси мындай: улуу устаттарын пайгамбарын урматтагандай урматтаган, ошол кезде бүтүндөй элге аттын кашкасындай таанымал болуп калган кадырман Тилекмат ата Жыргаландын боюндагы чоң жыйында эл бийлеген билермандар чогулган улуу-кичүүлөр орой көзү чарай олтурганда, Мойт ата менен Сарт атага кадыр-баркына, чыныгы элдик адамдар экендигине, эл үчүн сиңирген эмгегине карап, Аке деген даражаны берип, мындан ары аларды ата, аба дебестен, Аке деп жүрөлү деген сунушту биринчи койгондо бардык эл түп көтөрө колдоп кетишкен экен. Ошондон баштап көл өрөөнүндө гана Аке даражасы колдонулуп калыптыр.

Аке деген сөз – көп маанилүү сөз: аба деген мааниге тете айтылат; жашы боюнча улуу аталарга, агаларга карата жөнсалды айтылат; улууларга урмат, сый маанисинде колдонулат; тектеш элдердин кай биринде да ур-

мат, сый иретинде (өзбектерде) айтылса, казактарда ата маанисинде колдонулат. Ал эми биз сөз кылып жаткан даража мааниси Ысыккөлдө жашаган кыргыздарга гана таандык. Кыскасы, аке даражасы – Тилекмат атабыздын сунушу боюнча кабыл алынган табылга. Бул адамдарга ыйгарылган аке деген сөз – акыл, нуска туткасы, өкүмдарлардын акыл кошчусу деген маанидеги даражасы.

## МОЙТ АКЕ ЖӨНҮНДӨ ЭСКЕРҮҮЛӨР

Кыргыз санжырасын жыйнаган, иликтеген адамдардын бири – Кулумбай уулу Молдокмат. Бул адам өткөн доордогу мыктыларды -касиеттүү акелерди, даанышмандарды, эл башчыларын, табият сырын билгендерди, баатырларды – ыр түрүндө дастанга айлантып, көп эмгектенген адам экенин билебиз. Эмесе, Молдокмат санжырачынын эскерүүсүн сиздерге сунуш кылайын:

Алдаяр – Мойттун атасы,
атанын тийип батасы,
насыят жана нуска айткан,
кебинин болбой катасы.
Нуска айтып элге жагыптыр,
оң-солду колго алыптыр.
Мүнүшкөр, сынчы аталып,
куш үндөп, бүркүт салыптыр.
Таптаган шумкар бүркүтү,
алыптыр калтар түлкүнү.
Ардактап андып тайганы
артынан калбай күнү-түн.
Кызыктуу мындай кесипти
Үйрөтүп кызыр кезикти.

Сүйрөтүп чырга, куш үндөп,
асырап баккан эликти.
Адырлуу тоону аралап,
мингени болуп казанат.
Колуна бүркүт кондуруп,
Мойт аке жүргөн салабат.
Кулакты кепке кандырган,
суналтып жорго салдырган,
бүркүтүн таптап Мойт аке,
карышкыр, түлкү алдырган.
Мурастык ишти көп кылган,
өткөрүп күлүк чоң сындан.
Саяпкер болуп ат таптап,
чайпалтып жорго салдырган.
Ак калпак кийип, куш салган,
асмандан ал куш куу алган.
Кайсы бирин айтасың,
ачылып көңүл кубанган.
Бүркүтү байкуш арыптыр,
сол көзү көрбөй карыптыр.
Көп жылы жолдош болду деп,
бошотуп туруп калыптыр.
Бир жылы барса айылга,
жай чилде теке айында.
Бир үйдөн бүркүт шаңшыптыр,
Үнүнөн тааныш кыйын да.
Мойт аке таанып бүркүттү,
олтурган элди үркүттү.
Шылдыңга чалып, өлдүк деп,
күлүшүп кээси бүктүштү.
Калп эмес, балдар, күлбөгүн,
муну мен кеп жыл үндөдүм.
Көргүлө тарап канатын,
жибек жип байлап түйгөнмүн.

Карысы болуп көп куштун,
сол көзү кароо байкуштун.
Байлоодо кармап не кылам?
Бошотуп ийгем, бош учсун.
Байлоого түшкөн турбайбы,
бербесин Кудай мындайды!
Айбан да болсо ал жандык,
кыжалат ишти кылбайлы.
Чын эле барса ушундай,
Мойт аке сөзү бузулбай.
Билгичтик кылган Мойт аке
уламыш уккам ушундай.
Мүнүшкөр мурас ишине
кызыгып чоң кичине,
илгерки баба келбети
келсе дейм кээ бир кишиге.
Мойт аке катуу ооруптур,
шум ажал андып тооруптур.
Канетсин кайран асыл ай,
керээзин айтып болуптур:
– Өлүм ак, неге кайгырам,
элиме керээз калтырам.
Түбөлүк жатчу жайымды
Манжылы барып каздырсын.
Казганда менин жайымдан,
ак казан чыгат асылган.
Кут болсун, элим, силерге
бак-таалай кетпей башыңдан.
Бул сөздөр келген басылып,
айтылбай ичте катылып,
айткандай эле чыгыптыр,
тулгага казан асылып.
Улуудан ушул – уккан сөз,
жокко эми анын көргөн көз.

Чындыгы бар да бул сөздүн,
себеби болбой күйбөйт бөз.
Абыл, Үсөн – өз атым,
Очуй, Теке – санатым.
Ажырап калып Мойтумдан,
кайрылды менин канатым.
Деп күйүп Абыл ыйлаган,
Көзүнүн жашын тыйбаган.
Оомалуу – төкмө дүйнөдө
армансыз болгон кайсы адам?
Өткөргөн өмүр жылдарын,
Өмүрдүн көрүп жыргалын.
Эл баалап, аке дешиптир,
эл үчүн эмгек кылганын.
Жашаган айыл кутундай,
элинин наркы бузулбай.
Бабабыз болгон Мойт аке,
Олуя чалыш ушундай.

Молдокмат аксакал Мойт акенин коё берген бүркүтү кайрадан бирөөнүн колуна түшүп, жай чилдесинде кайсы бир үйдө түлөктө шаңшып турганда тааныптыр деп жатпайбы. Балким, бул санжыранын өзүнчө варианты-дыр. Бул окуянын дагы бир вариантында башкача айтылат.

Мойт акенин сөз болуп жаткан бүркүтү акыйкат кырап экен: алдынан кандай илбээсин чыкса да, томогосун алып агытканда эч айныбастан алчу экен. Аны жыйырма жылдан ашуун асырай жүргөн соң көзү жакшы көрбөй, канат-куйругу түшүп калганда, тоого алып барып, жаныбарымды эркиндикке чыгарайын, карыса да тукум көрүп калсын (Мойт акенин бул бүркүтү ургаачы экен) деп, боосун чечип коё бериптир. Ошондо да Мойт акеге жыт сиңишип, ынак болуп, колго көнүп калган неме бир

жылча үйдөн алыс кетпей, жемге тоюп алгандан кийин акенин өргөсүнүн түндүгүнүн чамгарагына конуп, уйкусу канганча уктап алып учуп кетип турчу экен. Канткен менен, асили жапайы неме улам үйдөн алыстап, табыйгы көндүм болгон жашоосуна ыктап, же апта, же ай маалында бир келип учурашып кетип жүрөт. Күндөрдүн биринде бүркүттөн таптакыр дайын чыкпай калат. Көрсө, түгөйүн таап алыптыр да.

Бүркүттөн дайын чыкпаганына жыл маалы болуп калган көрүнөт. Жайдын аягы күзгө уланып калган маалда, Мойт аке бойго жетип калдым, көзүмдүн тирүүсүндө Манжылыга тайынып келейин деп, уч-төрт жигит ээрчитип жөнөп бара жатса, кеч бешим ченде асмандан шаңшыган бүркүттүн уну угулат. Аны кулак төшөп угуп калган Мойт аке:

– Ата-а, бул баягы мен коё берген бүркүт турбайбы. Жарыктык бүркүттүн көзү курч, алда кайдан көрөт эмеспи. Мени таанып шаңшып жатпайбы дегенде, артта келе жаткан жигиттери шылдыңдап күлүшүп, атабыз карылыкка алдырып койгон турбайбы дешип, өздөрүнчө шыбыраша кеткенин Мойт аке туюп калат да:

– Балдарым, карагылачы, жалгыз учуп бара жатабы, же жанында бүркүт барбы? – деп сурайт. Жигиттери караса, жанында дагы бир бүркүт учуп бараткан болот. Анда Мойт аке:

– Үндүн угулушуна караганда бийик учуп баратышкан го? Жарыктык быйыл балапан чыгарган экен. Аны учуруп, канатын талытып, алыска учуруп машыктырып жүргөн тура. Жалгыз балапаны болсо, өзүнөн чыгаан кыраан, чыгаан туйгун экендигинин дагы бир күбөсү эмеспи десе, жигиттери:

– Катыгүн ай э-э, карылыгың менен куруп кал! Бир эле алжыганы жетишет эле. Көз ачып жумганча эки жолу дөөрүйбү? Башка кишинин укпаганы жакшы бол-

бодубу, – дешип күбүрөшкөнүн Мойт аке дагы байкап калат.

– Эмесе, балдарым, силер ишенбей жатасыңар, мен силерди ынандырайын. Силер ушул жерде тура тургула. Мен алдыга желдирип үндөө салайын. Ал менин шагымды сындырбайт. Атайы жакындап учуп келип, кайра өөдө көтөрүлөөрдө куйругун булгалап, аман бол дегенсип коштошуп кетет, – дейт.

Мойт аке суусар тебетейин колго алып булгалап үндөгөндө, бүркүт канатын куушуруп, типтик ылдый кудуп учуп, колго коно тургандай түспөлгө келип, кайра типтик өөдөлөп баратып, куйругун үч жолу булгалап, аке менен коштошуп кетет. Муну өз көздөрү менен көрүп турган жигиттери таңкалышып, акенин олуялык туюмуна тобо кылышып, уялганынан жер карашып үндөбөй турганда, Мойт аке аны да сезип:

– Адамдын бир нерсени сезе билишине табиятты байкап туя билген билими себеп болот. Табиятты туя билбесе, анын туюк сырларына аралашпаса, бир байкоодон улам баамчыл болбосо, кантип такыба даанышман болот? Ошондон улам такыба даанышмандык табиятты, турмушту кылдаттык менен туюп, акылга калчап билүү деген. Мына ушунун өзү билимдүүлүк дейт. Билимдүүлүккө жетүү үчүн сабырдуулук керек. Сабырдуулукту кармаган адам муратына жетпей койбойт. Сөзгө да, бир нерсеге баа берүүдө да сабырдуулук керек. Сабырдуулукту кармаган адам – эркин адам, балдарым. Силер жаштыкка алдырып, сабырдуулук кылбадыңар. Мен бүркүтүмдү бөркүмдөй таанып турганымды силерге далилдеп бермекмин. Эми, балдарым, болор иш болду. Болуп өткөн ишти кайра кайтарып, көкүрөгүңөката албайсың. Эми ага өкүнгөн менен да пайда чыкпайт. Канча өкүнсөң да кырданып өткөндүн орду оң жагына обойт. Биз да жаштык доорун басып өткөнбүз. Сыдыргыга салып койгон-

дой түздү, жаңылбаган, мүдүрүлбөгөн жанды көрө албадым. Силердин кечирим суроого батына албай, өйдө карап сүйлөөгө дит бага албай тургандагы абалыңарга түшүнөм, балдарым. Мен кечирдим силерди. Эми эрте күндү кеч кылбай жөнөйлү. Көз байлана электе мазарга жетели, – деп жүрүп кетишкен экен.

## УЛУУЛАРДАН КАЛГАН НУСКА СӨЗДӨР

Кеп удулуна ылайык эске сала кетели. Эл оозуна алынган чыгаан мыктылардын үлпөттөгү бир отурушунда Тилекмат ата:

– Молдолордон (кат билүү маанисинде) кат калат, усталардан дат баспаган зат калат, сиздерге окшогон асылдардан жатка айтылган нуска сөз калат. Кана эмесе, а-а деп ооз ачканда илхамыңарга келген дагы бир нуска-ларды айтып көргүлөчү, – деп сөз баштап: – Сарт аке, сиз жеткилең акылдуу адамсыз, сиз баштаңыз дегенде, Сарт аке:

– Молдолордон кат калса, усталардан дат баспаган зат калса, биз өндөнгөн карылардан эл оозунан түшпөгөн акылга сугарылган насыят-нуска сөз калары ырас, Тилешим. Эл башкарган хан эмеспи, алгач сөздү Боромбайга берели, андан соң кадырман агабыз Мойт акеге берели, анан мен улайын, – дейт. Бардыгы макул болушат.

***Боромбай султан:***

Ак бөкөн келип жыгылат,
алдын казып ордосо.
Ак шумкар келип чалынат,
саятчы алдын тордосо.
Душманына кор болот,
аз тууганы кордосо.

Ийри жыгач түз болот,
тезге салып оңдосо.
Жаманда эмне ал калат
жемелеп катуу зордосо?
Жакшынын иши оңолбойт,
акыйкаты болбосо.

*Моют аке:* Аргымакта жал жок деп,
жолго таштап кетпегин.
Азаматта мал жок деп,
журтка таштап кетпегин.
Аргымак жүрүп жал күтөт,
Куурай чыкпас куу такыр,
Куурай чыгып бергенде,
кулун чуркап өтө албайт.
Мал күтпөгөн куу жакыр,
мал жайылып бүткөндө,
зарыгып журтка жете албайт.
Өзөндүү кууга тал бүтөт,
өлбөгөн кул да мал күтөт.
Ошол мал бүткөнчө, иш кетет,
ага-ини, тууган, дос кетет.

Мойт акенин сөзүнө үндөш насаат казактарда да айтылган: “Өткөн күндөр толгон айды жартайтады, колунда малы жок болсо, эр жигиттен бак кайтады, мокок бычак, кашаң ат, жаман катын эр жигитти картайтады».

*Сарт аке:* Аскар-аскар-аскар тоо
аягы барып чап болот.
Атадан алтоо болсо да,
Сүйлөшпөсө жат болот.
Алыска кеткен адамдан
карала кагаз кат болот.
Амандыгын билген соң

окуп көңүл шат болот.
Жакшы болчу жаштарда
жатыктык менен ызаат бар,
жамандык ишке малынбай,
өзүнө-өзү сак болор.
Андайлар жакшы көрүнүп,
ар кылган иши ак болот.
Бал, шекерден татыктуу
Сүйлөгөн сөзү так болот.
Ал өндөнгөн жаштардын
башына таалай, бак конот.
Жаман болчу жаштарда
одоно, жаман сөз болот.
Оройлонуп ал жаман,
ага-иниден жат болот.

*Муратаалы бий:*

Асманда булут барында
малым бар деп ишенбе.
Азирейил барында
жаным бар деп ишенбе.
Кары да бол, жаш да бол,
катын да бол, эр да бол,
ата, бала, ага-ини
кадырлашкын тирүүндө.
Каза жетип, күн бүтсө,
казандай болгон алтын баш
каласың го бир күнү
казылган көрдүн түбүндө.

*Солтонкулу бай:*

Тогуз уулуң бар болсо,
топто бирөө жок болсо,
баары бирдей бок болсо,
уулум бар деп мактанба,

анын убайына шаттанба.
Топ-топ атың көп болсо,
байгеде бирөө жок болсо,
атым бар деп мактанба,
анын көптүгүнө шаттанба.
Өрүштө малың көп болсо,
ээлерге ээси жок болсо,
малым бар деп мактанба,
бардыгына шаттанба.

***Такабай Карасултай:***

Аргымак кечет как жарып,
өзөндүн кирген дайрасын.
Азамат чыкса элинден,
Калайык көрөт пайдасын.
Карылуу жылкы кечпейби,
калкыган көлдүн дайрасын.
Кайраттуу чыкса элинден,
калкы көрөт пайдасын.
Ага-тууган кимде жок.
Сыйлашпаса жатча жок.
Бедели жок туугандан
бек токуган бөз жакшы.
Медери жок туугандан
бек сүйлөгөн жат жакшы.

***Акыл чечен Тилекмат:***

Акылы жок уулдан
Апийим жеген мас жакшы.
Жөн билбес кесир аялдан
келте ооруган дарт жакшы.
Келе деп барсаң зарылып,
бере койгон март жакшы.
Эпкини жок жаштардан
эски сөздүү карт жакшы.

Сыйлашпаган туугандан
жат дагы болсо сарт жакшы.
Алың кетип карганда,
ажалың келсе бат жакшы,
кадырың кетсе бүлөөнө,
өлдү деген ат жакшы.

Бул накылдар 1990-жылы Жетөгүз районунун Акдөбө, Шалба айылдарында өткөн санжырачылардын калтырган материалдарынан алынды.

Мойт аке жөнүндө айтылган санжыранын көбү бизге жетпей калды. Аны билген, улап айткан карыялар аз экен. Ал гана эмес, өз тукумдарынан да акенин накыл-осуяттарын калкка тараткандар жокко эсе. Айла канча! Колго тийгенине ыраазы боло туралы. Эл ичи кенч эмеспи, үмүттү үзбөй, дагы аракет кылалы, эл кыдырып, дагы сурамжылап көрөлү. Табылган табылга болуп калса, аны окурмандарга жеткирүүгө аракет жасайбыз. Эгерде кимдир-бирөөлөр Мойт аке жөнүндө уккан бир эле ооз сөзү болсо да, бизге кабарлап коюшса, "Мойт акенин арбагы колдосун!" – деп бата берет элек.

# САРТ АКЕ ЖАНА АНЫН ЧЕЧЕНДИК ӨНӨРҮ

*Нукура акыл сурасаң Сарт акеге, ыйык бата сурасаң Мойт акеге, асыл сөз сурасаң Тилекмат чеченге бар.*

***(эл накылы)***

*Акыл сураганга билген акылыңды айтпаганың – адамдан ажыраганың. Акыл сурабаганга акыл айтууга далбастаганың акылдан ажыраганың. Акылдуу адам экөөнөн тең ажырабайт.*

***(кытай накылы)***

*Сүйлөшө турган адам менен сүйлөшпөй коюу – адамды корсунтуу; сүйлөшпөй турган адам менен сүйлөшүү – сөздү корсунтуу. Акылдуу адам экөөнү тең корсунтпайт.*

***(Конфуций)***

Сарт аке жыл сүрүү болжолунда, 1770-80-жылдардын аралыгында азыркы Нарын шаарынын аэропортко кетип бара жаткан жактагы күн чыгыш тарабындагы четинде жарык дүйнөгө келген.

**ЭСКЕРҮҮ.** Эмне себептен, кандай шартка байланыштуу Сарт акенин Нарында төрөлүп калгандыгы жөнүндө санжыраларда так маалымат жок. Балким, ошол кездеги көчмөн кыргыздар бул жер меники, тигил жайыт сеники дешпестен, кенен аймакта ээн-эркин көчүп-конуп жүргөн жагдайга байланыштуудур. Балким, сөөк-досторго, тууган-урукка ата-энелери катышка меймандыкка барган шартка байланыштуудур. Дегинкиси, Сарт акенин Нарында төрөлгөнү – чындык.

1965-жылдын июль айында Сарт акенин күмбөзүнө жыл сайын тайынып турган адам менен бетме бет дасторкон үстүндө сүйлөшкөн элем. Ал кишинин аты – Бекжан. Ошол кезде токсондон ашып калган карыя экен. Жашаган жери – Ортонура. Кездешүү кокусунан болуп калды. Ортонуралык катыш адамым менен жайлоого барып, Акмат деген аксакалдын үйүндө мейман болуп олтурсак, агасы Бекжан карыяны да чакырып калды. Кыйладан кийин кыргыз салты боюнча аты-жөнүбүздү, ата-тегибизди сураштырып калды карыя. Мен көлдүк дөөлөсмүн, Сарт акенин кыбырасымын десем, баягы карыя эт-бетинен кетип эле, жети атама чейин териштирип кирди. Мен жети атам эмес, он бир атама чейин айтып бердим: атам – Ыман, анын атасы – Тыныстан, анан – Козукен, анын атасы – Сарт аке, андан ары Доскулу – Байболот – Кудаш – Жаный – Мендеке – Зумбул – Чулум – Толуман.

Бир аздан кийин Бекжан карыя Сарт акенин жаткан жайын, ага салынган күмбөздүн топурагы кум аралаш болгон соң, ошол тапта урап калганын, анын ордуна калың бадал чыгып, түптүү токой болуп калганын айтып берди.

– Илгери, – деп сөзүн улады карыя, – Сарт акенин жаткан жайынын айланасы бүт эле коломто болор эле. Көп жылы оорудан жапа чеккендер, төрөбөгөн аялдар, кээде бир кырсыктан аман калгандар түлөө өткөрүш үчүн, же атайын эскерип, мал союп дуба окугандар жайдыр-кыштыр от өксүтүшкөн эмес. Кыскасы, ал ыйык инсандын жаткан жайы мазар катары эсептелчү. Балким, мазар болуп калгандыктан, Аллах-тааланын кудурети менен калың токой чыгып калгандыр деп, карыя тобо келтирген.

Сарт аке бала кезинен Ысыккөлдүн чыгышында өмүрүн өткөргөн. Ал эл аралагандан баштап көзү өткөнгө чейин жайкысын атактуу Каркырада (кадимки эле “Манас” эпосундагы Көкөтөйдүн ашы өткөн кенен жайлоодо), кышкысын жер соорусу, ажайып көркөм Түргөндө жашаган. Калайык-калк даңазалаган анын атагы ушул чөлкөмдө чыккан.

Сарт аке жөнүндө маалыматтар басмада биринчи жолу кабарланып жаткан жок. Буга чейин белгилүү акын, драматург Кубанычбек Маликовдун “Балбай” поэмасында, кийинчерээк басмадан жарык көргөн “Кызыл жалында”, чыгыш калктарынын философия топтому “Ой гүлдөрүндө”, улуттук ойчулдуктун түп уңгусунан сөз козгогон Чоюн Өмүраалы уулунун “Теңирчилик” аттуу жаңы эмгегинде, “Санжыра” очеркинде, “Садыр аке”, “Кыдыр аке”, “Алдаяр Мойт аке” жана “Заман Кыргызстан”, “Ысыккөл кабарларында” (бул газеталарда беш жолу) жана башка санжыра материалдарында көп эле сөз болуп жүрөт. Бирок бул эмгектерде Сарт аке жөнүндө толук маалымат берилген эмес.

Аллах-таала бирөөнө баш берсе (тукум), бирөөнө мал, дагы бирине мансап, же өнөр, же талыбаган эмгекчилдик, же терең акыл берет тура. Ал эми өзүнө жаккан адамга (мындай инсанды Аллах-тааланын сүйгөн адамы деп да коюшат) көп касиетти, эч аябастан, мол берип коёт экен. Анын бириндей, Аллах-таала Сарт акеге көптөгөн, эң сонун сапаттарды – акылды, жан эриткен ширин сөздү, анын ичинде чечендик өнөрдү, жаркын, жайдары мүнөздү, токтоолукту, чайпалбас көтөрүмдүүлүктү, бардык адамга бирдей назик мамиледеги адамгерчиликти, сый-ызаатты, кара кылды как жарган калыстыкты, жакшылык менен жамандыкты алдын ала туя билген олуялыкты, сынчылыкты, жылдызы жарык ачык маанайды, бей-бечараларга кайрымдуулукту ж.б. мол бериптир.

Сарт аке асыл ойдон келип чыккан насыят-нуска сөздөрдү көп айтчу дешет. Чоң жыйындарда, эл чогулган аш-тойлордо, сыйлуулар олтурган үлпөттөрдө, шарты келе калса, акени билгендер, терең урматтагандар чиелүү да, жүйөлүү да суроо беришип, сабырдуулук менен жообун күтүшүп, ооздон чыккан жообун эсте сактоого аракеттенчү экен.

Сарт аке эч качан элден озунуп сөз сүйлөбөгөн, сүйлөөр алдында маектешип жаткан адамын көз токтотуп карап, ошондо эле анын оюнда эмне жатканын алдын-ала билип, айтар сөзүн дилинде калчап, шашпай, ары таамай, ары түшүнүктүү, ары уккан кулактын кумарын кандырып, ширин саймедиреп турчу дешет.

Сабырдуулук салтын бекем тутуп, дайыма өтүнүч болгондо гана сүйлөгөн.

Илгери Түп суусунун боюнда арык, белек урууларынын бир жыйынында Мураталы бий:

– Сарт аке, насаат-насаат эле дейсиз, бул насааттын насили эмнеде? – деп сурап калат. Анда Сарт аке:

– Насаат-жашоо эрежеси, турмуш багыты. Ким насаатты кабыл албаса, боюна сиңирбесе, сокур пенде карангыда кан жолго таяксыз жалгыз чыккандай болот, – деп насааттын маңыздуу өзөгүн чечмелеп бериптир.

Сарт аке жайкысын Каркыра жайлап, кышкысын Түргөндө кыштоодо болучу экен дебедикпи. Ошол чөлкөмдө Алдаяр уулу Мойт аке, Алдаштын Солтонкулусу, Жылкыайдардын Тилекматы, чоң таман Намазбек (зор адам экендигинен улам ушинтип аташкан) жана арык уруусунан Токсоба менен катар бир топтору болуп шерине жеп калат. Ошондой бир отурушта Мойт аке өзүнөн кичүүлөргө кеп салып отуруп, сөз арасында:

– Ой, бу жалганда эмне өлөт, эмне өлбөйт, эмнеге айла бар, эмнеге айла жок? – деп суроо таштаптыр. Анда олтургандар арасынан дагы бир тыңыраагы:

– Тоо өлбөсө керек, таш өлбөсө керек, – деп санап барып, эмнеге айла барын, эмнеге айла жогун таба албай мукактанып калат. Ойлонуп тыным болуп калат бир азга. Ошондо-топтун ичинен:

– Тоо өлбөйт, таш өлбөйт, жер өлбөйт, суу өлбөйт дешип, так жооп болбогон соң, Сарт аке:

– Баракелде, баатырлар, ошонун баары убактылуу болсо да өлөт. Өлбөй турган эмне? Кагазга түшкөн кат өлбөйт, жакшынын сөзү менен аты өлбөйт, – дейт. Андан соң Мойт аке кийинки суроонун – эмнеге айла бар, эмнеге айла жок дегендин – жообун тактайт. Анда дагы бири:

– Бир өлгөнгө айла жок, бир жаманга айла жок, – деп калат. Сарт аке бул жооптун ары толук, ары так эместигин айтып:

– Өлгөндүн айласы табылат: аруу жууп, ак кепиндеп көмүп койсо -айласы табылганы. Эми жамандын айласы... кирдүү аяктан аш ичирбей, жоргону мингизип, торкону кийгизип, үлпүлдөтүп бакса да, саламды алик ала албаган, жадагалса, эшигинин алдына келген адам-

дын атын ала албаган кош аяктар болот. Бул өтө эле жаман, ийриси жок түз жаман. Мындай жаманга айла жок, – деп жооп берсе, бүт олтурган эл да, Мойт аке да ыраазы болушкан экен.

Ошол эле отурушта сөз учугун андан ары улап, Мойт аке Сарт акеге дагы бир нече суроо менен кайрылат.

– Кандай адам бай болот?

– Үйүнө кут түшкөн, пейли кенен, колу ачык, тукуму өскөн адам бай болот.

– Эркек деген ким, аял деген ким?

– Эркек – үрөн, аял – жер. Үрөн жайсыз өспөйт.

– Бул дүйнөдө ким карып?

– Ынтымагы жок эл карып.

– Бейиш эмне, тозок эмне?

– Шарыят жолу менен жүрсөң, эмгек менен, таман акы маңдай териң менен адам катары жашасаң – бейиш: шарыят жолунан адашсаң, адамча жашай албасаң – тозок.

– Кубаныч эмне, кайгы эмне?

– Кубанычтын да, кайгынын да булагы көп. Чоң кубаныч – балалуу болуу. Чоң кайгы – анын учуп кетиши.

– Душман менен туугандын айырмасы кандай?

– Күбүр сөз – душман, так айтылган ачык сөз – тууган.

– Бул жалганда не семиз?

– Суудан семиз эч нерсе жок. Ал эми калган жандыктын бардыгынын семизи да, арыгы да убактылуу. Ал бардык жандыкка өмүр тартуулап, эне болуп турат.

– Бу дүйнөдө не кордук, не олжо?

– Отун – олжо, суу – кордук. Суу жок болсо өсүмдүк гана эмес, жан-жаныбар да өспөйт. Отун болбосо, адамдын жашоосу өтпөйт.

– Өлүү менен тирүүлүктүн айырмасы кандай?

– Тирүү жүрүп, өлүк болгон адам, өлүү болуп, тирүү жүргөн адам бар. Жакшы атка конуу өмүрдөн кымбат, жаман атка конуу өлүмдөн жаман. Жаман атка конуу оңой, жакшы атка конуу кыйын. Жакшы деген атты жоготуп коюу оңой, аны асырап жүрүү кыйын.

– Бийлик эмне?

– Бийлик – бул күйүп турган шам. Бир учурда күйөт, учуру келгенде өчөт. Бийлик колдо турганда, тууганың да, душманың да айланаңа топтолот; бийлик колдон кеткенде, алардын бирин көрүүгө зар болосуң. Бийликтеги адам түбөлүгүн ойлосо, кол алдындагылардын шагын сындырбай, боюна тартып жүргөнү абзел.

– Чечен деген эмне?

Кеп учугун турмуш, жашоо-тиричилик, адам табияты менен айкалыштырып, ары таасирдүү, ары өткүр, ары таамай сөз менен иритип айтпай, жибитип айтуу – чечендик. Чечен адам акыл булагын, сөз булагын табияттан да, элден да, жакшыдан да, жамандан да, кыскасы, бардык нерседен алат. Чечен – айлакер, сөз устаты. Чечендик менен туюктан жол табылат. Чечендик – бийик даражалуу өнөр.

Санжырачылардын айтымына караганда, жогоруда эскертилгендей, маектешип жаткан адамдын бут турпатына назар салып отуруп, анын оюн таап койчу экен. Эгер маектешип жаткан адам бир аз четиркеп, түпөйүл тартып батына албай турса, дароо ага болгон мамилесин өзгөртүп, көңүлүн таап, дилин жибитип, жарпын жазып, жылуу мээрим менен ага сый көрсөтүп, жылмаюу менен курсант кылуучу дешет.

Сарт аке көптөгөн баалуу, ыйык түшүнүктөрдүн – урмат, урмат-сыйга жетүүнүн жолдору, адептүүлүк, турмуш куруу, каалоо жана тилектин тазалыгы, кем акылдык, жек көрүү, ата сөзү, жакшынын санаты, сабырдуулук, сыр чечүүнүн жолдору, текеберлик, ыйык жолу, абийир-

дин тазалыгы, жаштык менен карылык, теңчилик, пендечилик, тагдыр, кеңпейилдик, кесир жана башка толуп жаткан зарыл керектүү түшүнүктөрдүн маңызын ачып, чечмелеп кетиптир. Эми ошол түшүнүктөрдүн айрымдарына токтоло кетелик.

Көл, нарын өрөөндөрүндө Сарт акенин бир кыйла накыл сөздөрү эл оозунда азыркыга чейин сакталып калган. Ошол накыл сөздөрдүн биздин колубузга тийгендери азыраак эле. Эмесе акылмандын колдо бар асыл ой мурастарын замандаштарыбызга тартуулайлы. Окурмандарыбыздын бирине болбосо экинчисине жугуп, таалим-тарбия берип, аз да болсо көзүн ачып, жакшы жолго багыт алуусуна, дилин тазартууга көмөк болуп калар деген тилек-үмүтүбүз бар.

## УЛУУЛАРДАН КАЛГАН НАСААТ СӨЗДӨР

**ЖАКШЫ АТКА КОНУУ** – асылдык. Ага жетүү кыйын, аны колдон чыгарып коюу арзан. Колдон чыккан – жоголгон нерсе. Жоктун орду толбойт, толсо да мурдагыдай болбойт.

**АДЕПТҮҮЛҮКТҮ** сактаган адам өз мүдөөсүнө да, муратка да жетет. Адамды көркүнө чыгарган касиет – адептүүлүк. Адептүүлүк бардык жерде сакталганы абзел; эл арасында отурганда жосунду сактоо, сый-урматта меймангерчиликтин сыпатын күтүү, саламдашуудагы кичи-пейилдик, мээримдүүлүк, зарыл шартта адамдын ажатын ачып, мүдөөсүнө чыгуу, бейкүнөө адам шагын сындырбоо, адамдар менен алакалашуудагы ыйбалуулук...

"Жердин көркү – жашыл токой" деген кеп бар. Бул дагы туура. Чындыгына келгенде, жердин көркү – АДАМ, бул ааламдын көркү – АДАМ. Адамдан артык эч

нерсе ааламды көркүнө чыгара албайт. Күтүрөтүп мал багып, жайлоонун көркүн чыгарган – АДАМ. Туюктан жол таап, моюнга түшкөн мүшкүлдүн амал-айласын тапкан – АДАМ. Жер жүзүндөгү макулукту, айбанатты көндүргөн – АДАМ. Жакшылыкты жасаган да, жамандыкты жасаган да – АДАМ. Бирок жакшылык менен жамандык эки бөлөк адамдын колунан келет.

**АСЫЛДЫК** – бул да улуулук, ыйыктык. Эр жигиттин асылдыгы көтөрүмдүүлүгүндө. Орунсуз сөзгө эрегишпей, аны тымызын ичке батырып, ырбатпай коюу – асылдык. Бул да – акылдуулуктун белгиси. Адамдын бардык жакшы сапатынын булагы – акыл.

**СӨЗ КАДЫРЫ** – ишенимдүү так сүйлөө. "Суунун башын булгаба -аягы ылай болот. Сөз сүйлөсөң так сүйлө – элге сөзүң эм болот", – деп бир жыйында Мойт акенин элге кайрылган суроосуна жооп берген экен Сарт аке.

**УРМАТ** – улуу сый-зыяпат. Адамга жасаган бардык мамилең таза, ыйык мээримден болсо, акырындап отуруп сен ошонун үзүрүн көрөсүң. "Жакшылык айланып кайра келет" деген – ошол. Урмат, сый-зыяпат мына ушундан келип чыгат. Урмат эки тараптуу: сенден да, андан да болууга тийиш.

Урмат-сыйда эмне тартуу кылынса, мейли түркүн тамак-аш, арзан-кымбат буюм, чоң-кичине мал – эч качан бирин барктуусунтуп, бойго жакын кабыл алып, биринен четиркеп, четке какпа, анткени колдон келген урмат-сый учурунда баарынын баркы бирдей болот. Эгерде урмат-сыйда тартууланган нерсеге ылгоо жүргүзүлсө, анда тегиндин чоо-жайына, керт баштын баркына шек кетет жана нысаптын дарегине, наркына доо кетет, зил кетет, көлөкө каптайт да, алкыңа алдырган болосуң.

Ошентип, адам урматтын ыйык, улуу баркын билгени өтө эле абзел. Адам урмат-сыйга жетүүнүн жолдорунун

жарык нурунан кубат алып азыктанганы абзел. Мындай адам терс адаттан оолак болот. Кудай жолунан тайбайт.

**ЭГИЗ БОЛУУ** – Аллах-тааланын насилинен. Адам баласы өмүрүндө эки жолу эгиз болот; бир ата-энеден жаралып, бир үй-бүлөдө өнүп-өскөндөр – биринчи эгиз; адам бойго жеткенде, үй тигет. Үй тигүү деген сөз – үйлөнүү деген сөз. Кыз бала да, эркек бала да бойго жеткенде, буюрганы менен баш кошот. Бул – экинчи эгиз. Биринчи эгиздердин ынтымагы үйлөнгөнгө чейин ынак болот. Үйлөнгөн соң абийир болсо, акыл болсо, ата-баба салты сакталса, ынтымак улана берет. Үйлөнгөн соң меники, сеники деген сөз көбөйсө, ушак-айыңга кулак төшөп, ортодон муздак жел жүргөнгө жол берилсе, ынтымак бузулат.

Адам баласы экинчи эгизи менен (эрди-катын) бүт өмүрүн бирге өткөрөт: жамандык менен жакшылыкты бирге тартат; бул экөөнөн күйүмдүү эгиз болбойт. Адам эгиз жолун бийик тутса, Аллах тааланын эркинен чыкпаса, эгиздер ажырашпайт. Ошондон улам элде: "Колуңда жүрүп билинбейт, камчыдан ашкан курал жок; койнуңда жатып билинбейт, катындан ашкан тууган жок" – деген макал сөз калган. Мына ушундай эгиз мааниси, – дептир Сарт аке.

**КААЛОО, ТИЛЕК** – ар бир адамда болот. Муктаждыгы жок, эч нерсени каалабаган, үмүтү, тилеги болбогон адам баласы болбойт. Кем акыл, билимисиз түркөй адамдар каалоо-тилекти керт башына, бала-чакасына, жакын урук-туугандарына ыроолойт. Ал эми акылдуу – адамдар, жамандык менен жакшылыкты терең ажырата билген даанышман, чыныгы калыс адамдар Аллах-таала алдында адилеттик үчүн оболу тилекти жалпыга тилейт, бүтүндөй калайык-калкка ынтымак, ырыс тилейт. Мындай адамдар өзүнө каалабаган жамандыкты өз элине гана эмес, өзгөгө да каалабайт.

– Эң жаман **АДЕПСИЗДИК** деп эмнени эсептөөгө болот?

– Ыксыз жерден бейкүнөө аял адамдын шагын сындыруу – адепсиздиктин өтө ыпыласы. Эркекти да төрөгөн, аялды да төрөгөн – ошол аялзаты. Аллах-таалам анын азабын да, түйшүгүн да эркектерге караганда арбын жаратып койгон. Тарткан түйшүгү өлчөөсүз.

Аял адамды эне деп эсептейбиз. Адам жаратууда эненин мээриминдей мээрим болобу? Биз мына ушуну терең баалайбыз. Ушундан улам аялзатынын шагын сындыруу, бейкүнөө капа кылуу эң жаман адепсиздик гана эмес, Кудай алдында кетирген күнөөнүн өтө ооруу, кечиримсизи болуп эсептелет, – деп жооп бериптир Сарт аке.

– **ЫСЫРАПЧЫЛЫК ТЕКЕБЕРЧИЛИК** – наадандык. Ысырапчылыкка эч качан жол бербөө керек. Куттуу дасторкондогу нандын күкүмүн терип жеген сыяктуу буюрган бардык ырыскыга этият болуу керек. Телегейиң тегиз болуп, каалаганың аткарылып, жылдызга жетип турса да, Аллах-таалага тобо келтир. Толуп, жайнап турган ырыскыңдын бир да бирөөнү артык баш дебе. Элде: "Ырыскы тоголок, мээнет жалпак" деген накыл бар. Ырыскыны ысырап кылбай, текеберленбей акылдуу адам күтөт. Кеткен ырыскы кайра келбейт. Анын артынан нечен түрдүү азап-тозок келет. Мына ошондо ырыскынын баркы билинет. Кесир чайкоо, ыгы жок ысырапчылык, тобо кылбаган текеберчиликтин кесепети мына ошондо билинет. Арман кыласың, оозуңду карманасың! Өзүңдүн кем акылдыгыңды ошондо даана сезесиң!

**НУСКАЛУУ СӨЗ** – өмүрдүн күл азыгы. Нускалуу сөздү көптү билген, көптү зээнинде туйган, акылы жетик нускалуу адам айтат. Адам баарынан мурда сөзүнө этият болуусу жөн. Өз сөзүнө өзү сынгандан жаманы жок. Өз сөзүнө өзү кор болгондон жаманы жок. Сөздөн жыгылган кун төлөйт, тогуздап мал төлөйт.

**НУСКАЛУУ СӨЗ** – дөөлөт, ал керт башка кадыр-барк алып келет, абройду көтөрөт. Нускалуу сөздөн адам артында өлбөс-өчпөс даңазалуу ат калат, ал укум-тукумдун денесинде сакталат.

**ЖЕК КӨРҮҮ** – душмандык. Адамды жек көрүү эч качан жакшылыкка алып барбайт. Жек көрүүнүн акыры касташууга, душмандыкка жеткирет. Адам өзүнө душман издебесе, кекчил болбосун, кечиримдүү болсун. Элдеги: "Атанды өлтүргөнгө энеңди алып бер" деген макалдын өзөгү ушунда. Чакан-чамалуу кекээрдин түбү – чоң бүлгүн. Акыры жектөөдөн, кек тутуудан мүшкүлдөн башка пайда жок.

– Акылы кемдин кемчилигининин эң жаманы кайсы?

– Кем акылдар бардык нерсенин түйүнүн, түпкү уюткусун билишпейт. Бардык нерсени өз акылы менен өлчөйт. Алар акылдуулардын сөзүнө караганда өзүндөй түркөйлөрдүн айтканына тез көнөт. Мына, кем акылдын эң жаман жери. Акылы кем түркөйлөр акылдуулардын айткандарын баамдоого кудуретсиз болгон себептүү, жакшы акыл-насааттарды жактырбайт. Алар өз акылы жеткенди гана туура дешет. Алардын оюу кыска, тайыз, ар иштин эртеңкисиң, андан аркысын болжой албайт. Мына, кем акылдын кемчилигинин жеткен жери! Бардык иштин башкы учугу да, аякталган чеги да, маани-маңызы да акылга байланыштуу, акыл менен өлчөнөт. Ошондон улам: "Ойлон, ойлоп иш кыл" деген накыл сөз бар.

Кем акылдар оюна жараша түз ишти да кыйшайтып алат. Өзү бүлдүрүп алган ал ишти кайра түзөөгө чаркчамасы жетпейт. Бул да – кем акылдын табиятынын дагы бир жийиркеничтүү жери.

Ар адамдын өз теңи бар: адам султанынын теңи – султан; адам жаманынын теңи – жаман. Жашоодо бул экөөнүн жолу бөлөк.

**ОЛЖО** – ата-бабадан калган накыл сөз. Бул олжо – уккандыкы, баалап дилге сиңиргендики. Накыл-насаат сөз агын суусундай. Өзөн суусу жайдыр-кыштыр тынбай аккан сыяктуу калк асыраган насаат кептер да укумдан тукумга тынбай өтүп отурат. Бул олжонун агым жолу ушундай, түбөлүктүү үзүлбөгөн жол.

**НАКЫЛ-НАСААТ СӨЗ** – тунук акылдын доошу, өчпөгөн доош. Шарты келсе, чоң дарыя да соолуйт, көл да соолуйт, ал эми укум-тукумдун күл азыгы болгон тунук акыл доошу соолубайт. Калайык-калк күл азык кылган бардык нерсенин угуттуу өзөгү, өчпөс очогу, баш-көзү – акыл. Ошондуктан калайык-калк жакшы акылга муюйт, баш иет.

Акыл – өмүр дабаасы, ынтымактын ачкычы, асыл сөздүн кутман энеси, калыстыктын, адилеттиктин атасы, жашоонун жолбашчысы. Акылдын өлчөөсү да, чеги да кенен. Ал баарын – жаман менен жакшыны, арам менен адалды, адилеттик менен арамзалыкты, жокчулук менен токчулукту, жыргал менен тозокту, бак-таалай менен шорду, күлкү менен ыйды, койчу, тиричиликте болгондун баарын бирдей көтөрөт: башына бакыт конгондо көкөлөбөйт, башына тозок түшкөндө мүңкүрөбөйт.

**– Бу жалганда адамдын ыйык милдети кайсы?**

– Наристе жаралганда, Аллах таала аны эне сүтүндөй таза жаратат. Мына ошол тазалыктын өзүндөй жашоо – адамдын ыйык милдети. Бул Аллах-таала жолу. Баарынан мурда ушак-айыңдан, көралбастыктан, ичитардыктан, карасанатайлыктан, карамүртөстүктөн, экижүздүүлүктөн, калпычылыктан, колу туткактыктан алыс болуу абзел.

**– Адамдын эң мыкты сапаты кайсы?**

– Адамдын мыкты сапаты кеп: акылдуулук, сабырдуулук, кайраттуулук, токтоолук, кеңпейилдик, билимдүүлүк, көтөрүмдүүлүк... Ошондо да жакшы адамдын

асыл сапаты – күндүн нуру жер жүзүнө тегиз тийгендей төгүлүп туруусу. Ушул жакшы сапаттарга ээ болгон адамдын милдети, көтөргөн жүгү теңдешсиз оор да, чоң да болот. Бул сапаттарды асырап жүрүүнүн өзү эле оор. Жакшы, адамдын милдетинде бүтүн элдин тагдыры камтылат.

Суюк нерсе эле төгүлүп-чачылбастан, күтө албасаң бак-дөөлөт да төгүлүп-чачылат. Бак-дөөлөт көтөрө албастыктан, акыл менен токтото албастыктан бир төгүлсө, жаратылышынан бир агылат. Түбөлүк орноп калган дөөлөт жок. Дөөлөткө чалкысаң да, кыйынчылыкка көнбөйсүң, кыйынчылыкка чалкый албайсың. Мына ошондо акыл керек, сабырдуулук, кайрат, көтөрүмдүүлүк керек. Кыйынчылыкты көтөрүү гана керек, андан башка жол жок.

**– Улуулук, асылзаадалык дегенди кандай түшүнсө болот?**

– Улуулуктун, асылзаадалыктын туткасы – жөнөкөйлүк, сыпайкерчилик, карапайымдык. Асылзаада адамдардын бийик касиети мына ушул жөнөкөйлүктө. Андай адамдар эч бир жандан өөдөсүнбөйт, даражасы канчалык бийик болсо да, өзүн пас кармайт. Мына ушул касиетинен баар табат, эл кадырлоосуна жетет. Мындан артык улуулук, асылзаадалык болобу.

**– Бар нерсенин орду табылат, а жок нерсени кантебиз? Жоктон ойлоп отуруп жалаа чыкса кантебиз?**

– Бар нерсенин орду табылат деген туура. Жоктун аты – жок. Жоктон бар кылуу Аллах-тааланын гана колунда. Ал адамдын колунан келбейт. Эгерде көроокат жок болсо, ал убактылуу. Жок оокат түбөлүк жок боюнча калбайт. Жок нерсе колго тийгиче сабырдуулук менен чыдоо керек. Жокту тап, изде, аракет кыл. Аракетсиз жок нерсе асмандан түшпөйт. Ал эми жоктон ойлонуп отуруп жалаа чыгаруу – карөзгөйлүк, кыянаттык. Бул – адам баласынын өлүмдөн кийинки душманы, мунун да

жолун тапса болот. Өлүмдөн башка душмандын дабасы табылат. Душман менен касташууга да болот, элдешүүгө да болот.

Акылмандын акылы менен айдан ачык, күндөн жарык жол туюктан табылган сыяктуу, кыянаттыктын да жолу табылат. Жыланды сүт берип бакса да, уу чыгарат. Уу чачкан жылан менен, ыгын таап, үйүр алышса болот. Кыянаттык кылган адамды адамгерчилик менен, бал тил менен сугаруу керек, ага жакшылык тартуулоо керек. Ошондо анын айласы табылат.

**– Адамдын жакшы-жаманын, кары-жашын эмне ылгабайт?**

– Адамдын жакшы-жаманын, кары-жашын, бар-жогун өлүм ылгабайт, азап-тозок ылгабайт, кырсык ылгабайт, оору ылгабайт. Булар үчүн баары бирдей.

**– Таза жүрүү дегенди кандай түшүнсө болот?**

– Тула бойду, жүздү кирдетпей жууп-тазалап жүрүү – бир тазалык. Канды, жүрөктү, дилди таза алып жүрүү – чыныгы тазалык. Жүрөктү, канды, дилди таза алып жүрүү деген – Аллах-тааланын жолун тутуу деген сөз. Бул жол – ыйык жол, ыйык тазалык. Бул жолдун жүзүнө көлөкө түшүрбөй, бардык ыпластыктан – жаман мүнөздөн, жаман жүрүм-турумдан, жаман ойдон, жаман иш жасоодон алыс болуу өтө абзел. Аллах-таала, чынында, адам баласына тазалыкты гана буюрган. Ыпластыкты адам өзү тапкан. Алланын пендесине арнаган кут белеги – мына ушул ыйык тазалык. Бүт өмүр тазалыкка арналсын.

**– Сабыр кыл, баатыр, сабыр кыл, – деп көп айтылат. Бул сабыр деген эмне?**

– САБЫР деген жалгыз эмес, анын чыдоо, көтөрүү, токтоолук өңдүү танаптары бар. Сабырдын тиреги – акыл. Акылсыз сабырдуулук болбойт. Акылдуулук менен асыралган сабырдуулуктун түбү терең да, кенен да болот. Мына ушуга ылайыкталып, элде: "Сабырдын түбү -сары

алтын" – деген макал калган. Акыркы сабырдуулукта бир гана жакшылыктын жолу болот. Анда жаман жол жок. Сабырдуу болуу – ыйык сапат. Сабырдуу болуу да – чыдамдуулук менен шерик.

**– Жеке чырды чечүүдө, калк арасындагы калың чырды чечүүдө көп катышасыз, аке. Чырды чечүүнүн жолу кандай?**

– Чырдын жүзүн Кудай ары кылсын. Ошентсе деле нараздашуудан улам чыр чыга берет. Жашоо эрежесин билбеген соң адамдарда нараздашуу боло берет тура. Чыр чечүүнүн жолу көп: опузалоо, жазалоо, коркутуу, жемелөө, салык жолу, бата жолу, салт жолу, сый-урмат көрсөтүп кадырлоо жолу, сөз күчү менен ыктуу мактоо, же уяткаруу жолу... Айтор, чыр чечүүнүн жолдору көп. Анын бардык жолу акылга калчанып, кеңешилип чечилүүгө тийиш. Асили чыр чечилген соң, кек калбашы абзел.

**– Адам башына мүшкүл иш түшпөй, түйшүк түшпөй жашаган доор болгонбу?**

– Жок. Андай болбойт. МҮШКҮЛ иш – адамдын байкоосуз жашаган күндөрүндө кетирген күнөөсүнүн жазасы. Мүшкүл иш, өткөн күнөөнү кайталабасын, кул пендеге акыл-эс кирсин деп, Аллах-тааланын берген сынообу, тарбиясы.

Эстүү адам бир жолу кетирген кемчилигин, күнөөсүн экинчи кайталабайт. Өткөндөн өрнөк алат. Мына ушунун өзү – билимдүүлүк. Ал эми түйшүк болсо башка. Түйшүк – жашоо аракети. Жакшынын жан жолдошу – түйшүк. Жашоо үчүн аракет кылбаган адам болбойт. Падышанын падышадай, бектин бектей түйшүгү болот. Ар адамдын өзүнө жараша, кесибине жараша түйшүгү болот. Түйшүк тартпаган адам ырыскыдан кем.

**– Зарылчылык деп калабыз. Мунун мааниси кандай?**

– Зарылчылык деген керектөө деген. Тиричиликте көп нерсе керек. Кандайдыр бир шартта бир нерсе өтө керек болсо – зарылчылык. Зарылдан чыгуу үчүн жанды аябоо керек. Нан кармаган таза колуң, зарылдыкта ташты да, музду да кармайт. Керек болсо бычакты да, кылычты да, найзаны да кармайт.

**– Нарк-нусканын төркүнүн баян кылыңызчы?**

– Ата-бабадан уланып келе жаткан – улуу нерсе. Нарктуу, нускалуу болуу үчүн үрп-адат, салт, адепти ыйык тутуп, пейилди ондоо абзел. Жакшы адамдар муну эстен чыгарышпайт. Атамзамандан бери адамды оңго салуучу бул түшүнүктөр мыйзам катары аппак дилде улана берет. Эгерде дил ак жолдон чыкса, азезил шайтан араласа, аны оңго салууга болот. Мында деле баягы бабалардын нарк-нускасы, акыл-осуяттары менен, Алланын, пайгамбарлардын жолу менен тазалап туруугa болот. Түптүү элде нарк-нуска, салт, үрп-адат, адеп-ыйбаа туруктуу. Муну тутунбаган адам нарксыз, нускасыз. Мындай адам эл-журттан ажырайт. Эл-журттан ажырабас үчүн ар бир адам ата мурастарынын – салттын, нарк-нусканын, үрп-адаттын– алдында милдеткер. Бул ыйык түшүнүктөрдү бойго сиңирүү, дилинде баалап ыйык сактоо – жоопкерчиликтин жоопкерчилиги.

Ата, бардык нерсенин түйүнүн чечет экенсиз. Акылмандыгыңыздан, олуялыгыңыздан, кара кылды как жарган калыс, адилет экендигиңизден уккан-билген элдин баары Сизди ардактайт. Деги билбегениңиз болбосо керек, деги сый-урмат жагынан арманыңыз болбосо керек? – деп сураганда, Сарт аке:

– Балам, билбегеним сайдын ташынан арбын. Бул жалгандын сырын Аллах-тааланын амирин ким билип чегине чыкты дейсиң. Мен баарын билем дегендин өзү жалган. Жадагалса караңгылыктын жарык менен алмашканын, кайра жарыктын караңгы менен алмашка-

нын, жылдын төрт мезгилинин жаңылбай бири менен экинчисинин алмашканын чечмелеп жүрүшөт. Чечмелөөнүн да дал маңызы бар. Ошон учун чечмеленет. Бирок жараткандын купуя сырынын түп-тамырын ийнежибине чейин, акыр-аягына чейин адам баласы билет дегенге ишенбейм. Мен бар болгону билгенимди, көзүм жеткенди гана айткан кишимин. Мен бар болгону Кудайдын берген касиети менен гана айткан кишимин.

Ал эми арманга келе турган болсок, балам, кат таанып, билим албадым. Бой тартып эл аралаганы тыным албадым. Көйнөктү чечип, көпөлөк куугандан калгандан бери жыргалдын жүзүн көрө албадым. Бүгүнкү түйшүгүмдөн эртеңки түйшүгүм көп болуп, өмүр өткөрүп келем.

Балам, кемибеген, телегейи тегиз, арманы жок адам болбойт – дептир Сарт аке.

– **Шорду адам кантип табат?**

– Адам шорду өзүнөн табат. Кенебестик, бейкапардык, түркөйлүк, жаман мүнөз, жалкоолуктун арты – шор. Канча кемчилик кетирсең, ошончолук өз шоруңду өзүң тартасың. Изи жок дайынсыз кемчилик, катачылык болбойт, анын акыры шорго кабылтат. Айрыкча текеберчиликтин, зөөкүрлүктүн арты – арылбаган калың шор.

– **Жөнбилги деген эмне?**

– Адам баласына ыйгарылган асыл сапаттардын бардыгы болбосо да, негиздүүлөрүнүн нарк-насили, маңызың дурус билген адам жөнбилги, ийги адам болуп эсептелет. Эгерде адамда билим, адамгерчилик болсо, ал акыры алкоого татыктуу адал, жөндүү, нарктуу, сыйлуу болорунда күмөн жок. Бул түпкүлүгүндө билимдүүлүк деп эсептелет. Билимдүү адам бардык ыктуу нерсеге баш ийет, моюн тосот. Мына, жөнбилги деген– ошол.

Көрсө, адамга ыйгарылган асыл сапаттар бири-бири менен чырмалышып, канатташып, эриш-аркак болуп

калыптанат турбайбы. Адамга ыйгарылган жамандык да ошондой: бир жаман сапаттын учугу уланса, ага экинчи жамандык жалгашып алат. Жараткан асилинде жамандыкты адамга ыра көрбөйт. Жамандыкты адам өзү, өз табиятына жараша таап алат. Ошондон улам андай адам Аллах-таала эркине каршы келип, күнөөгө батат: жалкоолук күнөө; ушак айтуу – күнөө; ичи тардык – күнөө; көралбастык – күнөө; кекчилдик – күнөө; уурулук – күнөө. Кыскасы, адам өзү тапкан күнөө да арбын.

Жакшылык да, жамандык да – катмар-катмар, кабат-кабат. Жамандык менен жакшылык ажырымдуу, бири-бирине коошпогон өңдөнгөнү менен, аларда деле танапташтык бар. Жаман деген нерсе да кезегинде керек болот, жакшы деле кезегинде керегинен чыгат, бул – бир жагы. Экинчиден, жаман деген нерседе катылган жакшы жагы, тескерисинче, жакшы дегендин көкүрөк сезбеген жумурунда жаман жагы болот.

**– Жаштык менен карылыктын ажырымын чечмелеп бериңизчи?**

– Жаштык менен карылык– бир эле адам өмүрүнүн эки доору. Жаштык– жалындап турган курак. Көп нерсени аңдабай, жалынга алдырып, жаңылыштык да кетирет. Анын жаңылыштыгын, жаштыгына тогоп, эл кечирет. Эл кечиргенди Кудай да кечирет. Ал эми карылык болсо – өмүрдүн бойго жеткен курагы. Жыбылжып аккан булактай дымып бараткан курак. Дымып бараткан булактын суусу тунук болот. Карыда да нускалуу карылык, адамга эми тийген акыл болгону абзел. Карынын жакшы карыганы – дөөлөт. Карыганда Аллах-тааладан мына ушул дөөлөттү тилөө керек. Кары адамды Кудайым сөзүнөн, акылынан, жүрүм-турумунан мүдүрүлтпөсүн. Карынын катасы оор болот. Аны эл да, Аллах-таала да кечирбейт. Мына, балам, өмүрдүн доорунун айырмасы – ушул.

– **Акылмандуулуктун купуя баркын кандай түшүнсө болот, ата?**

– Акылмандуулук – бир эле адамдын керт башына эмес, калайык-калкка багыт берүүчү, Аллах таала тартуулаган улуу касиет. Акылмандын акылынын үзүрүн эл көрөт. Чыныгы акылман билгенин элден аябайт. Ал элдик адам болгондуктан, анын өмүрү да, эмгеги да, акылы да элге тартууланат. Акылмандын кең пейил, жатык, сылык-сыпаа болгону абзел.

– **Тагдыр дегенди көп угабыз, түшүнөбүз. Ошондо да аны кандайча терең баамдаса болот?**

– Тагдыр делет, жазмыш делет. Бул – улуу сөз. Өмүр тагдырың Аллах-таала эркинде. Жашоо тагдырың өз колунда. Жаныңды кыйнап, тер төксөң, ырыскыга жетесиң. Жалкоолук, мээнеткечтик жашоо тагдырыңды чечет. Ошого акыл керек. Акылдуу адам жалкоолукка алдырбайт. Аны акыл ойготуп турат. Акыл, абийир, милдетти туя билүү адамга жай бербейт, дайыма сезимди ойготуп, тынчтык бербейт.

– **Кырсыктын маанисин чечмелеп берүүңүздү өтүнөбүз.**

– Кырсык – тагдырдын бир бутагы. Күтүүсүздөн ойго келбеген кырсык болот. Бул да Аллах-тааланын эркинде. Ал эми билимсиздиктен, энөөлүктөн, баелуктан, ачуудан, көпкөндүктөн, айтор, жамандыктан болгон кырсык өзүңдөн. Кырсыкта жакшылык жок. Ал – жан кейиткен мүшкүл. Кырсыктан оолак болууну Аллах-тааладан дайым тилөө керек, тобо кылып тилөө керек!

Баарыбыз бир Аллах тааланын пендесибиз. Ар кандай иште пендечилик деп коебуз.

– **Пендечилик деген эмне?**

– Пендечилик – Аллах-таала тартуулаган улуу, ыйык нерселерди улантуу. Бул – нагыз пендечилик. Пендечиликтин ыйык жолунда өзүңдөн мыктыларга, жашоо-тиричилиги жогоркуларга, зоболосу бийиктерге сук артпа,

өзүндөн пастарга, ал мусапыр болсо да, карып болсо да, айласыз кембагал, кем акыл болсо да сын такпа. СУГУН АРТУУ, СЫНТАГУУ илдет сымал оор салакасын тийгизет керт башка. Ал айланып башка түшөт. Сук артуу кызганчактыктан, ичи тардыктан, кем акылдыктан, өзүн көтөрө чалуудан, кемсинтүүдөн келип чыгат. Бул илдет сыяктуу сапаттардын экөө тең – көрпендечиликтин ыпылас, пайдасыз жактары, жашоо-тиричиликтин, адам мамилелеринин жарык жүзүнө көлөкө түшүргөн кара көшөгө. Бул – адам баркынын асылдыгына баа бере албаган, адамга текебер караган, адам башын аттаган наадандыктын бир түрү. Асили, адам баласы жашоо-турмуш эрежеси жол бербей турган пендечиликтен оолак болгону абзел. Телегейди тегиз санаган пендеде мындай сапаттар болбойт. Ал кем жаралып калган адамдарды көргөндө Аллах-таалага тобо кылып, ичинен жакасын карманып, ызаат кылып, ага жылуу саламын тартуулап, колунан келген сый-урматын аябайт. Теңчиликти пир туткан даанышман мыктыларга да, акылмандарга, элге соопчулук тилеген, дартына дабаа издеген улукмандарга, адам акылын, дилин тазарткан билимдүүлөргө, өнөрпоздорго, эл башчыларына да, Аллах жолу, эрки боюнча мамиле жасайт. Пендечиликти пир туткан даанышман пендечиликте ууруну, ушакчыны, эл бузар бүлгүнчүнү, бузукуну, ичи тар, ошонун кесепетинен тууган-урук, жолдош-жоро күтпөгөн саранды, ташбоор мыкаачыны, жандимини, алдамчыны, жалганчыны, акылы жетпеген нерселерди жактырбаган түркөйлөрдү, көөдөнү сокур көр дөдөйлөрдү ылгап карайт, андайлардан өзүн оолак кармайт.

Кыскасы, пендечиликти туура түшүнүү, анын ак жолунан чыкпоо деген сөз – адам болуу деген сөз.

**– Ачуу деген эмне?**

– Ачуу. Ачуу нерсе бар, адам ачуусу бар. Ачуу нерсеге убада бербе, ант бербе. Адам ачуусу – душман, кадыр-

барктан кетирүүчү, адамды өөдөлөтпөй турган душман, өчөшкөн душманга караганда, керт баш үчүн ачуудан ашкан душман жок. Ал – азезил шайтандын азгырыгы. Бул эч качан оң жолго салбайт.

**– Өмүрдө адам картаят, дарак картаят, мал-жан картаят. Картайбай турган нерсе болобу?**

– Болот. Тилек картайбайт, үмүт картайбайт, сезим картайбайт. Адам акыл-эсин жоготпой жашаса, сезим да картайбайт. Өзгөчө жакшы нерсеге болгон сезим картайбайт.

**– Кеңпейил деген эмне?**

– Кеңпейил адам – бай адам... Ал кенен дүйнөнү тарытпайт... Ал жок деген сөздөн алыс болот. Бар туруп, жок деген адамдар да болот. Бул – жарды адам, пейли тар адам. "Жокко туз да жок" деген сөз ушундан калган.

Байлыктын түрү көп: баш аман болсо – байлык; укум-тукум өссө -байлык; башыңа ырыс уяласа – байлык; эл-журтуң тынч болсо – байлык; ынтымак – байлык; ден-соолук – байлык... Ал эми бак-дөөлөт болсо убактылуу, аны кармана билүү керек. Мал күтүү, сан жеткис дүнүйө күтүү байлык эмес. Дүнүйө бекер жерден табылбайт: же өз мээнетиңден, же башкалардын мандай теринен табылат. Өз мээнетиңден табылган дүнүйө – адал дүнүйө, бирөөнүн мээнети менен табылган дүнүйө – арам дүнүйө, ал акыры түбү шорго малындырып кетет. Дегинкиси, дүнүйөгө азгырылбаган абзел. Бар болгонуна топук кыл. Топук күткөн адам -бай адам.

**– Кесирди кандай түшүнсө болот?**

– Кесир текеберчилик менен барабар. Кесир деген – ырысын тебүү деген. Кесирдин бир аты – көпкөндүк. Ким көбөт? – кем акыл көбөт. Өзгөчө эл башындагы акылмансынган адам көпсө, анын оор залакасы өзүнө да, калың элге да тиет.

Акылдуу адам кесир чайкабайт, аш тандабайт, буюрган насибине каниет кылат. Кесир да канат-бутактуу: баш кесир, мал кесир, аш кесир. Мунун баарынан жаманы – баш кесир. Баш кесир кылган адам акыры башка зар болот. Башка зар адам – кор адам, жалгыз адам. Жалгыздык-кара баштын мүшкүлү, тозоктон оор мүшкүл. Бул накылга түшүнгөн адам – жакшы адам, каада-салттуу, нускалуу адам.

Кептин кыскасы, Аллах-таала ыроологон ырыскыны кармана бил. Ырыс күтүүнүн жолу чиркейдин канатындай жука. Ага чеберчилик, этият болуу керек, билимдүүлүк керек.

**– Күнөө жөнүндө уккубуз келет. Адам кандайча күнөөгө батат?**

– Күнөөгө батуунун жолу көп: Аллах-тааланын эркинен чыгуу, ыйык курандын жолунан таюу, жашоо эрежелерин бузуу – күнөөлүү болуу деген сөз. Ошондо да күнөөнүн күнөөсү бар. Эң оор күнөө – адам өмүрүн өзү кыюу. Бул күнөөлөр – кечирилбей турган күнөөлөр. Ал эми бирөөнүн ак эмгегине карасанатайлык кылуу, ууурулук, эл арасын бузуу, үй-бүлөнүн ынтымагын кетирүү, ылайыксыз адам басмырлоо, адам убалына калуу, жөнсүз чыр-чатак чыгаруу, көрөалбастыктан, ичи тардыктан каргыш айтуу, кек сактап жектешүү да – оор күнөө. Бирок мындай күнөөлөрдүн кайталанбашына убада берилсе, көпчүлүк бир бүтүмгө келип, кечирим кылышы мүмкүн. Адамга жол берилбей турган күнөөлөр дагы көп. Аларды биле жүргөн абзел.

**– Эл башчысы кандай болуу керек?**

– Башчысы жок эл болбойт. Башчысы жок эл – карып. Башчысы жок эл – көрүнгөнгө жем. Башчысы бар эл – ынтымактуу, бirимдик эл. Ынтымактуу эл – кубаттуу эл.

Эл башчысы – эл тагдырынын жоопкери, көсөмү. Ар нерсенин таянычы, тиреги болот; кереге таянычы – жер; уук таянычы – кереге; тундук таянычы – уук. Ушул сыяктуу эл башчысынын таянган тиреги -калың эл. Элге алымдуу, элге жагымдуу, сөзү жугумдуу, эли үчүн жанын сайган, кайгы-муңун чогуу тарткан, жыргаса чогуу жыргаган, адилет, калыс башчыны эл-жери кадырлайт, ардак тутат. Жок, андай болбосо, башчы нарк-насилсиз болсо, өзүн өзгөчө сезген көр көкүрөк болсо, айткан сөзү жөнсүз болот, жакшы менен жамандын дилин билбесе, жана бар кудуретин – акыл-эсин, абийирин, дөөлөтүн напсисине тебелетип, көрдүйнөгө кул кылса, ал элден ажырайт, андайды калын журт колдобойт. Мындай башчы эл бузар, журт бузар, журт курутар митеге тете.

Жакшылык менен жамандыктын салмагы, касиети бирдей эмес. Өмүрдө тапкан абийириңди көз ачып-жумганча жоготуп коюуга болот. Колдон кеткен абийирдин орду толбойт, ал кайрылып келбейт. Муну эл башчысы эле эмес, ар бир адамдын биле жүрүшү абзел. Ошондон улам көп жакшылыкты бир жамандык жеңерин эсте тутуу абзел.

Жамандык менен жакшылык ар адамдын көзү өткөнчө тегерегинде эриш-аркак ээрчишип жүрөт. Ниетке жараша биринин ордун бири басып турат. Эмесе, айланайындар, Аллах-таалам ниетиңерге береке берсин!

Ниет оңолсо, Аллах-таалам бак берет, береке берет. Ниет оңолгондо, эси-дартың да, сүйлөгөн сөзүң да оңолот. Жакшы айтылган сөздүн өмүрү узун, бүт ааламды баккан кара жер, калын эл гана казына эмес, тунук акылдан чыккан асыл сөз да – кенч. Ата мурасынын бардыгы сөз аркылуу укумдан тукумга жетет.

Чечен адамдар акылман адамдар турбайбы. Топто, ар кандай ылайыктуу шартта даярдыгы жок эле чукугандай таасы сөз тапкан, доор өзгөчөлүгүн, адам жашоосу-

нун жол-жобосун чечилип айткан. Ошондон улам кээ бир чыгаан чечендерди олуя деп да аташкан.

Кыргызда чечендин түрлөрүн – жөө чечен, коңур чечен, кургак чечен, тил чечен, акыл чечен, төгөрөгү төп чечен деп, терип айтат. Саймедирегендердин баары эле чечен эмес. Чечендик – чоң бакыт, чоң өнөр, табият тартуулаган өнөр. Аны да эл аралап, таалим-тарбия алып, көптү үйрөнүп өстүрөт тура.

Сарт аке төгөрөгү төп келген акыл чечен болгон. Ошондон улам калың элде: "Акыл атасы – Сарт аке", "Сөздү уюткан – тандай, бугу, сарбагышты уюткан – Сартбай (Сарт акенин Азандагы аты)", – деп айтылган макал бар. Сарт аке жөнүндө баа берген бул макалдарды ушул тапта 85-ке чыгып калган саруулук Молдобай уулу Кенбай карыядан жазып алган элем.

– Сартбай билерманым, кээде баланча адам нурдуу адам эле, жүзүнөн нур чачырап калар эле деп калабыз. **Бу адам нуру дегенди кандай түшүнсө болот?**

– Бийик даражалуу калыс бийим, нур, жарык деген – маанилери жакын сөздөр. Нурду күн да, ай да, жылдыз да, адам да төгөт. Нурсуз, жарыксыз жашоо жок. Нурдан кубат албаган, өмүр улабаган жан жок. Нур чачкан ай, жылдыз түндүн көркү, күндүзгүнүн көркү – күн, экөө тең, чындыгында, ааламдын көркү. Нур – көрк, кубат, жашоо учугу, булагы. Адам да нур төгөт. Нур төкпөгөн адам жок. Ошондо да нуру жайнаган, нурунан көөрү төгүлгөн адамдар болот. Алар – жакшылык үчүн, адам бактысы үчүн жаралган жайдары, адөөлөт адамдар. Мындай адамдар – жашоонун көркү. Алардын жүрөгү толо мээрим, денеси толо адамгерчилик, жумуру башы толо акыл, көмөкөйү толо асыл сөзү болот. Мындай адамдар – жарык нурдуу адамдар. Алар пейли, акылы, мамилеси, мээрими, илеби күчтүү асыл сөзү менен адамдарга жакшылык тартуулайт. Мына, андайлардын айкын

күбөсү – Тилекмат. Ал – жүзүнөн да, акылынан да, көмөкөйүнөн да сөз нуру чачырап турган адам.

Адамдан чыккан нурду адам көзү менен көрө албайт. Аны туюму күчтүү сезимтал адамдар акылы аркылуу, андан калса жүрөгү аркылуу сезип турат. "Акыл туйбаганды жүрөк сезет" деген – акыйкат чындык.

Адам нуру адамды жакындатат, ымалалаштырат, бириктирет. Нурлары төп келген адамдар ушундай болот, бийим. Сиз да, мен да, биз ынак көргөн чөйрөлөш адамдар да бири-бирибиз менен нурдашпыз, ошондон улам сырдашпыз. Бул – бизди жакындаткан ыйык касиет.

**– Көртирликте эмне кымбат, эмне баалуу?**

– Жок кымбат, жок баалуу. Жоктун эки танабы кымбат: издетип, зарылтып бир кымбат болсо, ордун толтурарда бир кымбат болот. Мындай кымбатчылыкка тушукпас үчүн адам жашоосунда чыгымдуу, түйшүкчүл, тер төккөндөн майтарылбаган аракетчил болушу абзел. Ошондо да адам жоктон арыла албайт: бири болбосо бири кемип турат. Кемиген күндө да колуң куру болбосун. Колу куру болбогон адамга сураганы табылат, анткени колунда бар адамга, ким болбосун, качандыр бир мезгилде башка адамдар кайрылып турат. Адамга адам кайрылганда көңүл суутпаш керек, өзүңө керек болуп турган нерсе болсо да, бер. Бул – чоң соопчулук, адамды кыжалаттан чыгаруу – адамгерчилик. Эч качан бар нерсени жок дебе. Акыры жоктун түбү жок болуп калышы ыктымал.

**– Сарт аке, чечендик, анын мааниси жөнүндө кайсы бир отурушта учкай айтып бергенсиз. Ошондо чечендиктин бир түйүнүн, жандырмагын айтпай кеттиңиз. Бул чечендиктин жандырмагы болобу?**

– Чечендиктин көп түйүнү, уругу, кадыр-баркы болгон сыяктуу, анын жандырмагы да көп кырдуу, көп сырдуу: жандырмагы маектешкен адамда болот: ал сөздү

таап, акылыңды улап, кептин жүйөсүнө түшүнсө – биринчи жандырмагы; андан соң маектешкен адам аңдап отуруп улуу сөзгө маани берип, кадырына терең жетсе, ар бир айтылган сөздүн тамырына толук талдоо жүргүзүп, андан жаңы ой тапса, экинчи жандырмагы. Ошентип, орундуу айтылган сөз айткан тараптан гана эмес, уккан тараптан да бааланса, баркка алынса, анда сөздүн бейишке чыкканы. Уккан тараптан жакшы баага татыган сөз айткан адамга дөөлөт, кадыр-барк алып келет. Ошондуктан ар бир айтылган сөзгө сак, чебер болуу абзел. Жакшы, акылдуу айтылган сөз менен зоболоң көкөлөгөн чакта ого бетер кылдат бол. Сөзүм эм болот деп, жайыты жок сүйлөй берсең, бирде болбосо да, бирде мүдүрүлөсүң. Чыныгы акыл чечендин бир эле жолку мүдүрүлгөнү анын мурунку даңкын жууп кетет. Бул кандайдыр бир кумарга азгырылбаган, шарапка алдырбаган адамдар үчүн мүнөздүү. Сөздү чечилип айтуунун жайы, шарты көп. Кандай жагдай болгон күндө да чебер, кылдат болууга не жетсин.

**– Адам мүдөөсүнө кантип жетет?**

– Максат менен эмгек чырмалышканда, адам бардык мүдөөсүнө жетет. Максатсыз жашоо болбойт да. Максатсыз жашаган адамдын тирүү жандыктан айырмасы жок.

**– Бу жалганда эмнени кылдат асыроо керек?**

– Бак-таалайды кылдат асыроо керек. Эл оозунда: "Мээнет жалпак, бакты тоголок" деген макал бар. Бактыны асыроо керек. Аны акыл менен, токтоолук, көтөрүмдүүлүк, жөнөкөйлүк, сабырдуулук менен асырабаса, колдон чыгып кетет. Асилинде бак-таалайга жетүүнүн деле кеп жолу бар: ак эмгек, адал иш менен, элинден, тукумундан чыккан мыктылар, алардын колдоосу менен, дагы-дагы көптөгөн ийги жакшылыктар менен, өзгөчө Кудайга жагуу менен жетет. Кудайга жагуу үчүн Кудай жолунан чыкпоо керек.

Бак-таалайдан ажырап калуу бат эле. Андан ажыроонун айныгыс жолу – текеберчилик, акыл токтотпой көпкөндүк. Адам бак-таалайдан ажыраганда акылына бир келет. Ошондо гана турмушту, өмүрдү, тапкан табылганы барктоого мажбур болот. Бул баштан өткөндөн кийинки көз ачылуу делинет. Баштан өткөндөн кийин көздүн ачылышы да дурус. Муну өткөндөн таалым сабак алуу дейт. Өткөндүн таалым сабагы адамды билимдүү кылат. Ошондон улам билимдүү адамдын айтканың кулак сыртынан кетирбей, табылган табылга катары көкүрөккө түй, жумурда сакта. Ошентип, билим да, асылзаадалык да, байлык да аз-аздап, мыскалдап жыйналат. Ушунун баарынын жыйналган ордосун бак-таалай деп коет.

**– Тагдыр ушу экен деп айтылат. Муну кандай түшүнсө болот?**

– Кайсы бир сөз жарышында тагдыр жөнүндө айткан элем. Анда өмүр тагдырын Аллах-таала эркинде, жашоо тагдырындын бир учугу өз колунда дегенди айттым эле. Эми ушуну улап берейин. Тагдыр да – турмуш багыты, жашоо жолуна байланыштуу болот. Аны алдын ала болжоого болот, бирок болор-коерун айдан ачык айтууга болбойт. Дагы бир кайталайын, тагдыр Аллах-таала буйругуна жараша болот. Ага баш ийбөөгө ылаажы жок. Аны сатып алалбайсың. Утурумдук бийликти, мансапты сатып алса, айла-амал менен алдап алса болор, ал эми тагдырды сатып алалбайсың.

Тагдыр да дейт, жазмыш да дейт. Бул да – көп мааниде айтылган сөз. Анын эң улуу, эң жогорку мааниси – Кудайдын бир аты деп кабылданышы.

Жашоо тагдырдын өйдө-ылдыйы, оош-кыйышы адамдын мүнөзүн өзгөртөт, ошондон улам тагдыр бир калыпта, бирбеткей болбойт. Бирде ал нур чачкан жүзүн көрсөтсө, бирде муздак жел жүргөн караңгы бетин

көрсөтөт. Мунун эки жүзүнө төп чыдоо керек, тобо келтирип чыдоо керек. Жарык жүзүн көрсөткөндө жарылба, сүйүнүчтөн ашып-ташыба, караңгы жүзүн көргөндө мүңкүрөбө, муңайба, бир калыбындан жазба. Калыбыңдан тайсаң аркы-терки сөзгө кабыласың.

– **Жалаадан чыккан жаңжал деп калабыз. Ал кандайча чыгат?**

– Кур жалаа, көрө албастыктан чыккан жалаа, ич тардыктан чыккан жалаа, карөзгөйлүктөн, кемсинтүүдөн, басмырлоодон, эрдемсинүүдөн ж.б. көптөгөн ыпыластыктан жалаа болот. Ушунун баары эл арасына, ал гана эмес үй-бүлө ыркына да жаңжал түшүрөт.

Жаңы жараны айыктырганга караганда айыгып бара жаткан жараны тырмап отуруп дүүлүктүрүп, ырбатып койгон соң аны айыктыруу ого эле кымбатка турат. Мына ушул эски жара сыяктуу өткөн-кеткен нерселерди, андагы оош-кыйыштарды кайра козгоп, элди дүргүтүп жаңжал салуу абдан жаман. Жашоо агымында эмнелер гана болбойт! Бейкут жашап жаткан элге ар кандай айла-амалдар менен бузукулар жалаа жабат. Бузукудай айлакер, амалкөй болобу! Ал түшкө кирбеген нерсени чындык катары ынандырганга жарайт. Ошондон улам чыккан ар кандай жаңжалды алоолонуп тутанганга чейин өчүрүү керек. Эл арасындагы азыноолак жаңжалды агатууган өзү басат, ошондо да анын баш-көзчүсү болот. Ал эми кан күйгүзүүчү чоң жаңжалды Тилекмат сыяктуу көсөмдөр басат; тил менен майдай эритип, көл сыяктуу көлкүтүп отуруп басат; акыл менен караңгыдан ак шоола, туюктан ак жол таап басат; ак шооланын, ак жолдун шартын, жүйөлүү себебин табат. Мындай кемеңгерлик, жөндөмдүүлүк ар кимдин эле колунан келе бербейт. Ага өтө сейрек жаралган, Кудайым акыл-айласына, тил өнөрүнө көөрүн кенен төккөн адам гана жарайт. Андай адам – биздин арабызда Тилекмат.

**– Эл жүгүн чын ыкластан көтөргөн адамдын түйшүгү кандай болот?**

– О-о, мусулманым, бул өтө оор. Аны сөз менен болжоо да кыйындыкка турат. Салыштырып айтканда, бул түйшүк бийик зоодон көчкөн көчкүнүн чачырандыларын терип чогултканга тете. Тынымсыз түйшүк, ак дилден эл жүгүн аркалоо – кадырман адамдардын өтөгөн кызматынын бөксөрбөс, соолбос дарыясы. Анын бүт өмүрү да, жашоосу да оор түйшүктө болот; анын жүрөгү дайыма муңдуу, кайгылуу болот; эл көзүнө жыргап жүргөндөй көрүнгөнү менен, чынында, ал убайымда жүрөт. Ушул да жыргалбы? Эл жүгүн аркалагандан бери Тилекматтын жыргап жүргөн күнүн мен көргөн жокмун. Ал – чыныгы эл үчүн бир жаралган адам. Аны көрө албагандарга Кудай өзү жеткирет.

**– Тукуму жакшы, тукуму жаман деп айтылып калат кай бирде. Муну кандай түшүнсө болот?**

– Бардык жан-жаныбарлардан өз тукуму жаралат: койдон кой, жылкыдан жылкы, төөдөн төө; ошол сыяктуу адамдан адам жаралат. Бардык жан-жаныбарлардын жакшысы, чыгаан жакшысы, ошондой эле жаманы, чыгаан жаманы бар эмеспи. Адамдын да жакшы-жаманы бар. Укумчулдардан калган уламышта: "Теги жакшы, теги жаман", – деп айтылат. Бул бекер эмес. Асили сөөгү, дили, акылы, мүнөзү таза атадан, энеден жакшы эле тукум таралат. Бирок кээде жакшы дегендерден деле көңүл иренжиткен жамандар чыгат. Бул Аллах-тааланын берген бактысына байланыштуу. Адамдын колунан келсе жамандар болбос эле. Көп нерсенин оң-тетириси болгон сыяктуу адамдын да оң, тетириси жетиштүү. Ушундан улам: "Жакшыдан жаман туулса – чыгаша, жамандан жакшы туулса – киреше", "Жакшы тукум ирегеден төргө сүйрөйт, жаман тукум төрдөн көргө сүйрөйт" деген макал сөздөр калган. Айтса айтпаса

төгүнбү. Жаман көз ачырбай капа кылып отуруп, ата-энени тез картайтат. Бул көргө сүйрөгөн эмей эмне?

Дегинкиси, жакшыга не жетсин! Дегинкиси, балалуу адам бирөөнүн баласынын жакшы чыкканына, же жаман чыкканына сук артпай, сынтакпай жүргөнү абзел. Турмуш оомалуу-төкмөлүү. Эч качан бир калыпта сыдыргыга салгандай болбойт.

Жакшы тукум атага да, энеге да байланыштуу болот. Ушундан улам: "Жакшы жерден сөөк күт"; "Тектүү жерден теңинди тап", – деп бекеринен айтылбагандыр.

Жакшы жерде өскөн мөмө берчү дарактан ширеси жагымдуу жемиш алынат; суусу кемчил, каксоо жерде өскөн дарактан ширеси ачуу жемиш алынат.

Жакшы тукум атага караганда, көбүнчө энеге байланыштуу. Эненин көп чалымынын бир канчасын тартпаган тукум болбойт. Бул жөнүндө да элде айтылган накыл бар; "Эр тайын тартат", "Атасы жаман аста-аста оңолот, энеси жаман эзели оңолбойт"; тайы жаман, жатыны жаман; тайы жакшы, жатыны жакшы, – деп жүрбөйбү. Бул да бекер сөз эмес. "Калк айтса, калп айтпайт" деген макал бар.

Канткен менен да, тукуму жакшы, тукуму жаман дегенге так жооп берүүгө мүмкүн эмес, кесе айтуу кыйын. Мен акылым жетишинче гана жооп бердим. Чөп-чардан, жан-жаныбардан кантип, кандайча ар түрдүү жыт чыгарын билбеген сыяктуу, жакшы-жаман тукумдун кандайча болорун ташка тамга баскандай так айтуу кыйын. Муну Аллах-таалам гана билет. Биз көзүбүз менен көрүп, ирегелеш жашап, сыр алышканда гана адамдын жакшы-жаманын билебиз. Ал эми анын кандайча жаралыш табыятын билбейбиз.

**– Сарт аке, Тилекмат шакиртиңизди кандай баалайсыз?**

– Аллах-тааланын пендесине шыбаа кылган ыйык, кымбат касиеттерин ааламга тараткан Мукамбет пайгамбарымдын мурастарын, жол-жобосун бекем туткан адам катары аны абдан бийик баалаймын. Пайгамбарым бүт өмүрүн элге кызмат кылууга арнап, 18 000 ааламдын калкын дилдин тазалыгына, ынтымакка, ыймандуулукка, теңдикке, кең-пейилдикке, адамгерчиликке, мээнеткечтикке адамдарды ылгабай бирдей урматтоого жарык жол ачкан; бул сапаттардын маани-маңызын, жашоодо өтө керектигин түшүндүргөн. Аллах-таалам ушундай сапаттарды Тилешимден аяган эмес. Тилешим – бактылуу адам, ал өзү үчүн, бала-чакасы, урук-тууганы үчүн эмес, калайык-калк үчүн жаралган адам. Ошон үчүн аны денеме күч-кубат берген жүрөгүмдөй, жаратылыштын кереметин көргөзгөн эки көзүмдүн карегиндей баалаймын. Ал барда менин телегейим тегиз, деним таза, жаным жанатта.

Сарт акенин Тилекмат акеге берген бул баасын 1949-жылдын жайында Жетөгүздүн Байтөр деген жайлоосунда Сарт акенин чөбөрөсү Тыныстан уулу Дүйшөмбүдөн, 1954-жылы Баракан уулу Акундан укканмын. Акун аксакал абдан сабаттуу санжырачы эле. Аттин! Армансыз дүйнө болобу!? Өз учурунда толук жазып калбай, көп уламыштар, түн катып уга турган санжыра кептер Акун аксакал менен кошо жер алдына кетпедиби!

– **Зөөкүрлүк деген эмне?**

– Зөөкүрлүк – көпкөндүктүн жеткен чеги. Бул эки сөз танапташ. Кандай адам көпкөндүккө алдырат деп ойлойсуңар? Көпкөндүктүн түпкү үрөнү байлыкта, кемакылдыкта, жашоонун баркын, адамдын баркын, дүйнөнүн баркын жана анын кайдан, кантип куралларын билбегендикте жатат. Көпкөлөң адам тизгинин тартпаса, бара-бара жүрүп отуруп зөөкүргө айланат. Зөөкүр болгон соң ыплас ишке чалдыгат. Ага дүйнөдөгүнүн баары бир, ылгоо

жок, барксыз. Зөөкүрдү кутурткан – атанын тапканы. Ал андан ажыраган сон, мурдуна суу жеткенде, эчен жамандыкка тушукканда дээринде анча-мынча идиреги болсо, акыры токтолууга аргасыз болот, бирок кеч болуп калат. Эс токтотконго чейинки жаманаттысы өмүрүнүн акырына чейин сүртсө кеткис кара көө болуп чырмалып жүрө берет. Бул кара көө анын бактысына таш сепил өңдүү жол ачпайт. Балдарым, асили зөөкүрлүктөн алыс болгула.

**– Адамдын өзүн-өзү басынтуусунун эң жаманы кайсы?**

– О-о балам, мунун да жолу көп. Ошондо да турмуштук туюму кем адамга кеңешүү, ага ал-абал жөнүндө айтып берүү өз касиетинди ого эле басынтуу болуп саналат... Турмуштук туюму кем адам – билими кем адам. Билимсизге кеңешүү, андан терең акыл үмүтөтүү чөлдөн дайра агызам дегенге тете. Ал эми турмуштук туюму кенен адам – билимдүү адам. Адамдын жалпы баасы мына ушул акылга таянган билимдүүлүк менен өлчөнөт. Турмуштан билим алган адам – баамчыл адам, жашоону билип, ага баа берген адам, анын ысык-суугун билген адам. Мындай адамды периште деп айтса болот; анын акылы да, жүрөгү да сезимтал болот, айттырбай-дедирбей сезет. Андай адам өзүнө сынчы, издемчил болот, билбегенин сурамжылап билет, билиминин кемтигин толтурат; көптү билүүгө дилгирленип, тынбай далалат кылат. "Билимден артык өнөр жок", "Билимдүүнүн түнү – күн, билимсиздин күнү – түн", "Билимсиздин өмүрүнүн жанжолдошу – наадандык", – деп айтылган макалдар бар элде. Муну эске бекем түйүү абзел.

**– Пайдасыз нерсе деген эмне?**

– Куру кайгы пайдасыз. Наадангa наалуу, чын-чынына келгенде, өлгөнгө өксөп кайгыруу – пайдасыз эле кайгы. Кайгы адамды чегерет. Кайгы – дененин ырака-

ты болгон ден соолуктун өчөшкөн душманы. Мына ушуну билип турса да, акыл-эси ордундагы адам кайгырат. Өксөткөн өлүм кыйбас адамды алып кеткенде, адам кайгырат, кайгыга алдырат. Ошондо деле кайгы өлчөөсү менен болушу абзел. Ал эми жакыныңдын наадандыгына кайгыруу акыйкатта куру кайгы болуп саналат, анткени наадан тирүүнүн өлүгү эмеспи. Жаныңда жүргөн гирүү өлүктүн несине кайгырасың?

**– Кандай ыракат түбөлүктүү?**

– Ден соолуктан алган ыракат, тер төгүүдөн табылган табылгадан алган ыракат түбөлүктүү деп эсептелинет. Жана да билимден алган ыракат, чын дилден акылдуу айтылган, жан эриткен жылуу сөздөн алган ыракат түбөлүктүү. Ал эми жыргалдан алган ыракат түбөлүктүү эмес. Ал тез келип, тез кетет. Ошондуктан жыргалдан алган ыракатка машыркоого болбойт. Ыракатка жеткениңе да тобо кыл!

**– Өмүрдө эч нерсе менен алмаштырбай турган нерсе болобу?**

– Акыйкат баалаганда, бала үчүн эненин мээрими, эне үчүн бала –бүтүндөй жарык дүйнөгө, дүйнөдөгү эң кымбат каухарга да, кампа толгон алтынга да алмаштырылбай турган нерсе. Муну бардык адам билүүсү абзел. Эненин ыйык мээримисиз, ак сүтүсүз Ааламда адам өспөйт. Бала Аллах– тааланын ата-энеге берген белеги деп айтылат. Бул белекти жаратууда ата мээрими эне мээримине эч теңдеше албайт. Адам жанынын жаралышына эне мээриминдей мээрим болобу? Эне үчүн балалуу болуудан артык эч бир дөөлөт жок. Балалуу болгондо эненин бактысы күн нурундай төгүлүп, ажары ачылат, көркүнө көрк кошулат. Эне кокустан баладан ажыраса, күнү да, айы да, жылдызы да өчкөндөй болот. Муну Кудай көрсөтпөсүн! Баладан ажыроо шартында адам энесин кой, айбанды элестетип көргүлөчү. Жарыктык бээ кулуну-

нан ажырaганда, кулуну өлгөн жерден кетпей, жаналакетке түшүп кишенеп, айласын таппай далбас уруп, ого бетер желининин сүт тээп, кадимкидей көзүнө жаш алат. Ал эми ботосу өлгөн ингендин жанына адам чыдап тура албайт. Күндүр-түндүр үнүн баспай боздоп, көз жашы түктүү жаагын жууп турат. Кулун менен боточуктун энеси кан жутуп жатканда айгыры менен буурасы беймарал гана оттоп жүрө берет.

Бала үчүн эненин кымбаттыгы мусулман шарыятында айтылган. Аны ар бир бала жүрөккө бекем тутуусу абзел. Адам баласы канчалык ак, эне сүтүндөй таза, Аллах-тааланын жолунан чыкпай адал эмгеги менен тер төгүп жашаса да, жалганда пенделик бардык милдетин түз аткарса да, эненин эмгегинен, энеге болгон парзынан кутула албайт. Мына, балам, өмүрдө эч нерсе менен алмаштырбай турган нерсе! Бул – дүйнөдө баасы жок, баа коюуга мүмкүн болбогон нерсе. Муну билген бала эненин көзү тирүү кезинде ыраазылыгын, батасын алып калууга аракет жасашы зарыл.

– **Адамдын оң жолдо болуусунун омоктуу өбөлгөсү эмнеде?**

– Адамдын оң жолдо болуусунун өбөлгөсү – этияттык. Этияттык акыл менен баамдоодон, сезимталдыктан келип чыгат. Этияттык бардык жагдайда, бардык учурда керек: отуруп-турганда, атка минерде, босогону аттаганда, үйдөн орун алганда, дасторкон үстүндө даам сызганда, амандашып учурашканда, артыкча сүйлөгөн сөздө, жасаган иште, кыскасы, этияттык ар дайым болуш керек.

Этияттыктын жөнөкөй, өзгөчө тыкан баамдай турган, өтө сак боло турган учурлары болот: сыр алышпаган адам менен, сый адам менен, кекчил адам менен, зоболосу бийик дөөлөттүү менен, өкүмдар султан, бийлер менен, эл кадырлаган акылмандар, даанышмандар менен

баарлашкан шарттарды, алар менен чогуу жүргөн учурларды жыт сиңишкен, күндө көргөн ага-тууган, жолдош-жоро, тели-теңтуштар менен пикирлешкен учурларга салыштырып болбойт.

Этияттык жашоо-турмуштук тажрыйбага, адам жашына, мурда кетирген мүчүлүштүккө байланыштуу улам толукталып, такталып отуруудан уланат. Мурда кетирген мүчүлүштүк демекчи, адам ар кемчилигинен сабак алуусу абзел. Этияттык адам акылы, чеберчилик, кылдаттык сапаты менен ширешип, айкашып, учугу менен уланып турушу абзел. Ошентип, этияттык адамды оң жолдо тутат, акыры жакшылыктан, ийгиликтен, бакдөөлөттөн ажыратпайт. Ар качан этият болууга не жетсин!

**– Сарт аке, бу жалганда бири-бири менен эч убакта элдешпей турган душмандар болобу?**

– Болот. Бири-бири менен эч элдешпей турган өч душман өмүр менен өлүм болуп эсептелет. Өмүр өскөнүн токтотпойт, өлүм өксүткөнүн токтотпойт. Өмүргө караганда өлүмдүн булагын көп жараткан Кудайым: карылык, айыкпаган илдет, кесепеттүү кырсык, – өлүмдүн качып кутулгус себептери. Карылыкка айла жок. Бир да улукман анын айласын таба алган эмес. Айыкпаган илдеттин акыры – айныксыз өлүм. Улукман анын убактылуу болсо да дабаасын тапканы менен, акыры аны коорсуз жогото албайт. Кырсык болсо күтүүсүз келет: ал агыны катуу суу, же ашуусу бийик дабандан болобу, же тили жок жоо өрттөн болобу, же жылан чагабы, же ат тебеби, айтор, аны бир Кудайым билбесе, эч ким болжоп биле албайт.

Ал эми өмүрдүн жолу кыска, бирөө гана. Аны кереметтүү Кудайым ар жандыкка аманат катары бир гана жолу тартуулаган. Биз ошол аманатты ар түрдүү ыпыластык, кенебестик, барктабастык менен кыскартпай,

өмүрдү өлүмгө тезирээк жакындатпай жашасак абзел болоор эле. Дагы да эскертейин, Аллах-таалам кеңпейил, кайрымдуу, боорукер, кечиримдүү. Адам жарык дүйнөгө келгенде өмүрдү, ага жараша ырыскыны берген. Бирок өмүргө, ырыскыга, дегеле табиятка болгон түшүнүктүн, баамдап-билүүнүн тайкылыгынан, чектелүү болуусунан улам, аңдабай жашоодон улам адам көптөгөн табылгыс кымбат нерселерге, анын ичинде өмүргө да зыян келтирип алат: ден соолугуна көзөмөл салбайт; ооруу-сыркоону капарсыз коёт, өмүргө зыян келтирчү нерселерге бейкапардыктан сезимге, напсиге алдырып, колдон келбес кымбат саламаттыкка доо келтирип алат.

**– Адамды кандай шартта басмырлоо, кемсинтүү өтө оор болот?**

– Адамды басынтуунун, кемсинтүүнүн жолдору, айла-амалдары, максаттары көп: ичи тардыктан, көрө албастыктан басмырлоо, зээндүү, өтүмдүү жалгызды атайы басмырлоо, көптүккө, түбү калыңдыкка салып, азыноолакты басмырлоо, өкүмдүккө, бийликке таянып басмырлоо...

Неси болсо да, жалгыз бирөөнү, же адамдардын тобун бейкүнөө, өз мүдөөсүнө жетүү максатында атайы басынтуу, кемсинтүү акылдуулукка жатпайт. Баарынан оору – адамдын башына оор кайгы, мүшкүл түшүп, карып болуп, мусапыр болуп турганда басынтуу, кемсинтүү. Ушундай шартта адамды басмырлаган адам – баарынан төмөн турган, эси жок адам; качандыр бир мезгилде керт башына мүшкүл түшөрүн ойлобогон өтө түркөй адам; бирөөнү кемсинтүү, басмырлоо менен өзү оор күнөөгө батып жатканын ойлобогон, көөдөнү сокур ыплас адам; кептин кыскасы, ал – алды-артын аңдабаган, билимсиз, ошол билимсиз түркөйлүгүнөн оор күнөөгө баткан кош аяктуу макулук.

өмүрдү өлүмгө тезирээк жакындатпай жашасак абзел болоор эле. Дагы да эскертейин, Аллах-таалам кеңпейил, кайрымдуу, боорукер, кечиримдүү. Адам жарык дүйнөгө келгенде өмүрдү, ага жараша ырыскыны берген. Бирок өмүргө, ырыскыга, дегеле табиятка болгон түшүнүктүн, баамдап-билүүнүн тайкылыгынан, чектелүү болуусунан улам, андабай жашоодон улам адам көптөгөн табылгыс кымбат нерселерге, анын ичинде өмүргө да зыян келтирип алат: ден соолугуна көзөмөл салбайт; оору-сыркоону капарсыз коёт, өмүргө зыян келтирчү нерселерге бейкапардыктан сезимге, напсиге алдырып, колдон келбес кымбат саламаттыкка доо келтирип алат.

– **Адамды кандай шартта басмырлоо, кемсинтүү өтө оор болот?**

– Адамды басынтуунун, кемсинтүүнүн жолдору, айла-амалдары, максаттары көп: ичи тардыктан, көрө албастыктан басмырлоо, зээндүү, өтүмдүү жалгызды атайы басмырлоо, көптүккө, түбү калыңдыкка салып, азыноолакты басмырлоо, өкүмдүккө, бийликке таянып басмырлоо...

Неси болсо да, жалгыз бирөөнү, же адамдардын тобун бейкүнөө, өз мүдөөсүнө жетүү максатында атайы басынтуу, кемсинтүү акылдуулукка жатпайт. Баарынан оору – адамдын башына оор кайгы, мүшкүл түшүп, карып болуп, мусапыр болуп турганда басынтуу, кемсинтүү. Ушундай шартта адамды басмырлаган адам – баарынан төмөн турган, эси жок адам; качандыр бир мезгилде керт башына мүшкүл түшөрүн ойлобогон өтө түркөй адам; бирөөнү кемсинтүү, басмырлоо менен өзү оор күнөөгө батып жатканын ойлобогон, көөдөнү сокур ыплас адам; кептин кыскасы, ал – алды-артын андабаган, билимсиз, ошол билимсиз түркөйлүгүнөн оор күнөөгө баткан кош аяктуу макулук.

– **Баарынан адөөлөт иш болуп эмне эсептелет?**

– Адамдын өмүрүн сактоо, адамды оор кыжаалаттан чыгаруу баарынан адөөлөт иш болуп эсептелет. Бул – чыныгы мусулман, нагыз Кудайга жаккан адамдын милдети.

– **Акылдуулуктун белгиси кайсы?**

– Мен акылдуулук, акылмандык жөнүндө көп ирет сөз кылдым. Ошондо акылдуулуктун жогорку белгиси көтөрүмдүүлүк, сөзгө эрегишпес, кек сактабоо, кечиримдүү болуу деп, алда-нече мертебе кайталап айттым.

Кечиримдүү, көтөрүмдүү болууда да бир аз жик бар: өзүң менен мартабасы, дөөлөтү, акыл-эси тең адамга караганда, артыкча өзүңдөн деңгээли төмөн адамдарга өтө кечиримдүү болуу абзел.

– **Адам өзүн сактай билүүсүнүн жакшы жолу кайсы?**

– Ачууга алдырбаган, сырды ката билген, чеги жок сүйлөбөгөн адам – өзүн сактай билген адам.

– **Баарынан коркунучтуу деп, Сиз эмнени эсептейсиз?**

– Күнөөлүү болуу коркунучтуу. Күнөөлүү болгондун тирүүлөй шермендеси чыгып, бетине көө жабылат. Ал – тирүүнүн өлүгү. Ал эми таза, абийирдүү өлүм – ак өлүм. Ал коркунучтуу эмес.

– **Кор болгон жетим деп, кимди айтса болот?**

– Ата-энеден ажыраган жетим томолой жетим деле эмес, аны ага-тууган деле асырап алат. Баарынан жаман, кор болгон жетим деп, эл журттан чыккан адамды айтса болот. Эр жигит элден ажырабашы керек.

– **Эң жогорку кадыр-барк кайсы?**

– Эң жогорку кадыр-барк, ыйык ардак – адам алкышына татыктуу болуу; эң төмөнкү барк – адам наалатына калуу. Наалатка калуу каргышка калганга тете. Алкышка татыктуу болуу оор, кымбат, өтө татаал, ал эми наалатка калуу оңой.

**– Ар нерсенин баркын кантип билсе болот?**

– Ар нерсенин нагыз баркын башыңдан өткөргөндө билесиң: токчулуктун баркын ачка болгондо, жылуулуктун баркын үшүгөндө, жакшынын баркын жок болгондо, туугандын баркын жат ичинде, дүнүйөнүн баркын андан кол жууганда, ден соолуктун баркын андан ажыраганда, күч-кубаттын баркын картайганда, унаанын баркын жөө калганда билесиң.

**– Сарт аке, сиз улам улгайган сайын Тилекмат аке оозуңуздан түшпөйт. Ушул сырыңызды айтар бекенсиз?**

– Айтам. Анын жашыра турган сыры жок. Жүрөгүндөн түнөк алган асылды кантип ооздон түшүрөсүң? Тилекмат Жылкыайдардын, бала-чакасынын, ынак көргөн менин энчим эмес, ал – бүт элдин табылгасы, энчиси. Ал – артыкча асыл жаралган адам: сөз менен акыл айкашпаса, чечен болбойт, турмушту, эл жүрөгүн сезе билбесе, көсөм болбойт. Тилекмат – ушул касиеттердин баарына төп келген адам. Ошондуктан мен аны ооздон түшүрбөйм.

**– Эмнени өмүрдүн акырына чейин сактаса болот?**

– Тууганмын деп, досмун деп, алардын баркын айтпа бирөөгө; бирөөнүн жакшылыгынын кадырына жете бил, баалай бил. Мына ушунда гана адам адамдан болгон жарыкчылыкты, шыбааны туят: жакшы ниеттеги адамың үйгө ак тилегин алып келет, бул да – жарыкчылык; дагы бир насиптешин, урматтуу улууң ак батасын тартуулайт, бул да – жарыкчылык; бардык жакшылык – жарыкчылык. Бардык колкабыштын, жакшылыктын ыйыгы – ак тилек менен ак багат. Мына ушуларды өмүрдүн акырына чейин сакташ – парз. Муну эстен чыгарбоо абзел.

**– Акыйкат, акыйкатчылык жөнүндө өтө эле көп айтасыз. Деги акыйкат деген эмне?**

– Адам баласы жаралгандан бери акыйкатты эңсеп, ошого жетүү үчүн далбасуруп келет. Акыйкат, чындык

деген – танапташ, маанилеш. Чын чынына келгенде, акыйкат – каршылыктын башаты, анткени акыйкат бирөөнө жакса, бирөөнө жакпайт. Ошондон улам акыйкаттын жолу катаал, татаал. Ошондой болсо да, акыйкатка жетүү абзел. Акыйкатка жетүү үчүн ак иш, чындык себепкер болот. Адамды чындык колдойт, акыры чындык сактайт. Чындык дегендин өзү – Кудайдын бир аты.

Пенделер не кылбайт, не дебейт! Кээде Кудайга да сөз тийгизет. Тиричиликте көп эле кездештирип жүрбөйбүзбү, кээде акыйкаттык менен чындыкты карөзгөйлүк, кыянаттык тебелеп-тепсеп да коёт, айласын кетирип, бейкүнөө муунтуп да коёт. Бирок акыйкат деген – акыйкат, чындык деген – чындык. Ал акыры жеңбей койбойт, анткени акыйкат, чындык түбөлүктүү. Ошондон улам элде: “Ак ийилип сынбайт”; “Ит каппай койбойт”; “Жакшыдан коркпой, жамандан корк”; “Акмактан алыс бол”; “Арамзанын мамысына ат байлаба”; “Акмактын башынан жаман ой кетпейт”; “Акмактын өзү эле эмес, баскан изи да ыплас” деген накыл сөздөр бар. Бул – акыл менен калчанган таза сөздөр. Акыйкаттан, чындыктан утурумдук кордук көрүп турсаң да, башыңды ийбе, чөкпө. Акыры акыйкат менен чындыктын үзүрүн көрөсүң. Акыры пейлиң түз, ишиң ак болсун. Мына ошондо муратка жетесиң.

Сарт аке жайлоодон кыштоосуна келгенин угуп, коно жатып бир кепке тоёлу деп, Тилекмат чечен атайы келип калат. Бир-эки ай көрүшпөй сагынышып калган ынактар кенен-кесир баарлашып отурганда, кеп арасынан оңтоюн таап, Тилекмат чечен Сарт акеге мындайча суроо берет:

**– Адам денесиндеги мүчөлөрдүн толук болгону эле жакшы экен. Анын бирөө эле кемисе, жогун тартат экен**

**адам. Деги адам мүчөсүнүн ээси, колдоочусу, жөнсалды айтканда, атасы барбы?**

– Бар деп айтылат. Мен билгенимди айтып көрөйүн: баш атасы -мээ; бардык тирүү жанды жетелеп жүргөн – ошол; чач атасы – жабуу; жүз атасы – бешене; кашкабак атасы – көрк; көз атасы – элес; бардык нерсени көз аркылуу элестетебиз; кулак атасы – добуш; мурун атасы -жыт; бет атасы – чырай; тиш атасы – аш; "Тишиң барда таш чайна, андан кийин аш кайда" деген макал бар эмеспи; өпкө атасы – дем; дем тартып туруу деген өмүр эмеспи; таңдай, көмөкөй атасы – даам; бел атасы - желек; тил атасы – сөз; жүрөк атасы – тиричилик; кол атасы – эмгек; бут атасы – кыймыл; ичеги-карын, бөйрөк жана боор атасы – жашоо...

**– Эми, аке, адамга тиешелүү түшүнүктөрдүн ичинен ата, эне, келин, уул, кыз, ини, теңтуш дегендердин жакшы-жаманын чечмелеп берсеңиз,– деп өтүнөт Тилекмат чечен.**

– Жарайт. Бул саам да билгенимди айтып берейин.

– **Ата жакшысы – акылдын көзү:** ал бардык жолжобону айтып берип, көздү ачат; ата жакшысы – уюган ырыскы; эч убакта үй-бүлөсүн кор кылбайт; эч нерседен кемитпейт; жакшы атанын кадыры тоодой, анын кадыры менен бала-чакасы да сый-урмат көрөт; жакшы атанын оюу кенен да, терең да болот; алысты билип, балачакасынынын келечегине кам көрөт; эл таанытат; жер таанытат; жакшы ата бала-чакасын жакшыга жанаштырып, жамандан адаштырат, кадыр-баркка алып баруучу жолго салат; жакшы ата – ар иштин ордун таба билген устат, табып; ал ошонусу менен бала-чакасына үлгү.

Тилешим, сенин атаң Жылкыайдар да – дал ушундай ата. Анын адамгерчиликтүү касиеттери ашып-ташып сага үлгү болгон, оошкон.

– **Ата жаманы – жакыр:** үй-бүлөсүнө бакты-таалай тартуулай албайт; казаны ашка толбойт; анын жанжолдошу уйку болуп, жокчулуктун кошчусу болот; жокчулуктун айынан ууру-кескинин жандоочусу болот; акыры эл караган бети жер карайт; жаман ата бар күчүн катынынан чыгарат; өзүндө болбогон оңдуу нерсени катынынан талап кылып, болбогон жерден жаңжал чыгарат; жаңжал болгон үйгө ырыскы түнөбөйт; бала-чакасынын үрөйү учуп, кыргыйдан корккон таранчынын кейпин киет; жаман атанын колунан оңдуу иш да келбейт; жасаган ишин үй-бүлөсүнө доомат кылат; аны жасадым, муну жасадым деп, катынына колко оодарат; жамандыктын айынан үй-бүлөсүнөн ажырайт; катынга чандырат.

– **Эне жакшысы – кут:** анын үйүндө ырыскынын көөрү төгүлүп турат; жакшы аялдан эр кетпейт деп айтылат; жакшы аял эрин, бала-чакасын гана эмес, тууган-уругун чогуу асырайт, ошондон улам анын үйү келим-кетимдин мекени болот.

Тилешим, сенин үйүңдө да кутуң бар, ал – Кенжеке балам. Бул байбичең – чокко колу күйбөгөн, уул-кыздарын, ага-тууганын оң жолго үндөгөн адам. Жатыны жакшы экен, балдарыңдын төбөсү көзгө чалдыгып калды. Ылайым ушул бактың кут болсун!

– **Эне жаманынан ашкан мээнет жок:** жердигинен жаман катын эзелинде оңолбойт; жасаганы какмар, кийгени шакмар; казан-аягы көөгө, коломтосу күлгө толот; жадагалса, туз татымын биле албайт, жасаган тамагы шор болот; көрктөнтүп үйдү тиге албай, алпештеп бала бага албай, жаткан жайы, төшөк-орунчусу каңырсып, жипкиртип турат: бул кылыгы аз келгенсип, жаман катындын артык өнөрү чыр болот; айла жок, аттиң ай деп арман кыласың, кылык-жоругун кимге айтасын, бармагыңды тиштеп, сакалыңды сылап, үшкүрүккө

күчүңдү чыгарасың; тууган-туушкандан кем болосуң, тапканың талаада калып, көрүнгөнгө жем болосуң, акыры түбү кайырчыга тең болосуң.

– **Ини жакшысы – ишенич:** атың токулуу, малың багылуу; кылган ишинде, сүйлөгөн сөзүндө пайдадан башка зыян болбойт; жакшы ини аганын баркын, улуунун баркын билет; ал – чоң байлыктын бири, не дегенде, анын айттырбай жасаган ишинен көңүл ыракат алат; бул байлык эмей эмне? Ошол себептүү жакшы инини жандай сыйлоо керек; ак кызматы, адал оюу менен ал ишеничке ээ болот; ишеничтен да адам каниет, ыракат алат. "Иниси бардын ырысы бар" деген накыл жакшы иниге таандык.

Тилешим, сен бизге ушундай инисиң. Сага баарыбыз ишенгендиктен, эч убакта сөзүңдү эки кылбайбыз, сага ар качан пил көтөрө алгыс оор жүк тапшырабыз. Сен болсо бир да жолу кабагым-кашым дебестен, эч ким чыдай албаган, даай албаган иштерди аткарасың, жөнгө саласың, айла-амалын табасың. Сен бар, элдин ырысы бар.

– **Ини жаманы – муш:** аны менен жааккташпай, көчүгүңдү кыс; аны кепке тартсаң, топто абийирди кетирет, арам тамакка семирет, жети атага чейин наалат келтирет, ата-эненин жыйган-тергенин бүлдүрөт; ал урган акылга моюн бербейт, не дегенде ондуу акылга акылы жетпейт; ошондон улам эл-журттан четтейт.

– **Келин жакшысы – кенч:** ал – алган жарынын теңдешсиз кенчи; айрыкча бала-бакырасына тарбия берүүнүн кенчи; не дегенде бала атага караганда энеден көбүрөөк тарбия алат, анткени атага караганда эне баланын жанында көбүрөөк болот; үй-бүлөнү көркүнө келтирип турган асыл зат – жароокер, жакшы келинчек; анда акыл мол; өмүрүндө таба элек акылды асыл келинчекке туш болгондо табасың; жакшы келин ар убакта, жаманчылыкта да, жакшылыкта да тоодой арка; ал – көңүл

өстүрүүнүн, көңүл, дил, тил табуунун кенчи, ошон үчүн жакшы келиндин шартына көнүү абзел; жакшы келин – абийирдин кенчи, ошондуктан ал чөйрөсүнө мыкты тарбиянын үлгүсү болот; мындай келинди корсунтууга эч кимдин акысы жок; аны корсунткан адам күнөөкөр, кемакыл; келин жакшысы мээнеткеч, түйшүкчүл, ошондуктан ал турмуштун капилет кыйынчылыгына моюн сунбайт; жакшы келин -сыйдын кенчи; ал кайын ата, кайын энесин, улуу-кичүүлөрдү тегиз сыйлап, бата алат; акыры ал батанын үзүрүн көрөт; жакшы келин баарын оңдуу тескеп, начар күйөөнү да жакшыларга жанаштырат; атынан айтпай, байым деп бапестеп турат; өзү наркнасилдүү, эл-журтка барктуу келет. Мына, кенч деген – ушул. Мындай кенчти урматтоо гана керек.

– **Келин жаманы – кесел:** этегин эптеп бүрө албайт; ушактын кулу болуп, эл ичинде тынч жүрө албайт; этегин үзө басып, шордуу аягына күч келтирип, аяк бошотор айылчы болот; казан-аягы жуулбайт, мындайдан оңдуу перзент туулбайт; үй-ичи кир болот, жүргөн жери чыр болот; акыры баарынан мүлдө ажырап, кордукка маталат, салпаяк аталат, азапка такалат; ошондо да аны оздуктай албайсың; арга жок, келинчек жаман болсо, келген-кеткендердин алдында үн ката албай, жер карайсың, колдо жок нерсени самайсың. Мына, мындан ашкан кесел болобу, мындай кеселдин ылаажысы болобу. Шордун шору деген – ушул.

– **Кыз жакшысы кымбат деп айтылат:** Кыз жакшысы да кут болот, башына дөөлөт, бак конот; ачууну таттуу кылган туз, алысты жакын кылган кыз деп айтылат; кыз жакшы болсо, элди бириктирет; бул кут эмей эмне? Адептүү кыз жүк бурчунан чыкпайт, сырдаш жеңесине ыктайт; үй-бүлөдө барктуу болот, жакшы энени тартып, нарктуу болот; аккуу сымал талпынат, көргөндөр аны жактырат; жакшы кыздын акылы тунук болот, айткан

сөзү улук болот; жакшы кыз – шам-чырак, өмүргө өмүр улаган тунук булак; жакшы кыз – үйгө көрк берген гүл, ошондуктан аны назик асыроо керек; дегинкиси, уздун уздай, кыздын кыздай болгону жакшы.

– **Кыз жаманы – кыроо:** Түнкү түшкөн кыроодой болуп өз теңине кетер, барган жеринин да түбүнө жетер, анткени ал кийимин эптеп кие албайт, жигит тандап тие албайт; ыржыйып жүрүп тыржыйган бирөөнө тушугат; барган жеринде кор болот, колу-буту чор болот; чачы даакы, жүзү каакы болот; күйөөсү менен туура сөз таба албай, соорусунан таяк, көзүнөн жаш арылбайт, жакшылыктын илеби табылбайт; шалакалыгынан кор болот, шалдайып жүрүп чор болот, акыры жаман катын деген атка конот, өмүрү ылайга толот. Мындайдын барынан жогу. Жаман катын алгыча эртерээк өлгөн жакшы. Эзилип жүрүп, күндө өлүмдү баштан өткөргөндөн көрө эртелеп бир өлгөн артык.

– **Уул жакшысы урмат деп айтылат элде:** Уулуң жакшы болсо, атагың чыгат, кемтигиң толот да, башыңа бак конот; жакшы уул – табындагы шумкар, илеби күчтүү жалын; эл башкарып, элин багат, адал кызматы менен элге жагат; ал арам ишке баспайт, жеп-ичкенден сактайт; ар-намыстуу келет; залкар иш жасап, өз салымын кошот; ал элин мактап өсөт, эл мүлкүн чачпайт, элге жаккандарды даңктайт, кош колдоп колдойт; ата-эненин айтканын акыл тутат, аны ичинен талдайт; улуулардан таалим алып, туйбаганды туят, сезбегенди сезет, бүтпөгөн ишти бүтүрөт; ал эл жүрөгүндөгү муңду сезет, не дегенде анын жүрөгү эл деп согот, эл деп жашайт; жакшы уул эл-журт деп эмгек кылат, ошондуктан эл үчүн адилет болот, ошондуктан анын даңкы абийиринде болот; жакшы уул ары токтоо, ары көтөрүмдүү жана топуктуу келет; ал буюрганына ыраазы; дайыма чындыкты бетине кармап, келечекке жол салат; анын дили таза

болот, тазалыгы үмүтүнөн, тилегинен да байкалып турат; жакшы уулдун бардык иши пайдалуу, анткени ал ар ишти жалпы элдин бак-таалайы үчүн жасайт. Ошентип, жакшы уул кеменгер болот. Кеменгерге тушугуудан артык дөөлөт барбы. Кеменгер эл көркү эмеспи. Анын даңкы – эл урматы. Ошондон улам: "Жакшы уул – урмат", – деп айтылат.

– **Уул жаманы уйгак делет:** Этек-жеңге жабышып жүрө берет; жаман – уул-ата-эне мандайына бүткөн тирүүлөй тозок; өз үйүнө өзү батпайт, же элге жакпайт куу тумшук аталып, көрүнгөнгө жем болот; ал бирөөнүн шыбагасына көз артат, ыгы келсе, колуна тийгенди коюнга катат; ылайым ырыстуу төшөккө жатпайт, акмактардын сөзүн жактайт, акмактыгынан өзүн мактайт; мунун жүргөн жери жут, караңгы болот; акыл айтсаң, жеме деп түшүнөт, жемелесең бетиңе түкүрөт; кой дегенге болбойт, ар дайым жамандыкты ойлойт; үй-бүлө бакпайт, кылган иши эч кимге жакпайт. Мына, жаман уулдун жоругу. Андан өлүп кутулбасаң, тирүүңдө кутула албайсың.

– **Жакшы теңтуш – Теңирим берген курбу:** Жакшы теңтуш күн сыяктуу, ал дайыма нур тартуулап, күлкү менен шаңга бөлөп, оор жүктөн арылтып, көкүрөктөгү муңду тазалайт; жакшы теңтуш менен жолугууну көксөп турасың; үй-бүлөңө айтпаган сырыңды айтып, чер жазасың. Элде: "Ата, же эне өлсө элден табылат, бала өлсө, белден табылат, асили, бир тууган менен жакшы теңтуш кайдан табылат" – деген накыл бар эмеспи. Жакшы теңтушуң да – эгизиң. Ынактыктын айынан жүрөктүн толтосу, боор эт менен тең болуп калат. Кудайым жакшы теңтуштан ажыратпасын.

– **Жаман теңтуш бел болбойт,** кылык-жоругу жакшы теңтушка тең болбойт, тамаша айтсаң, корс этип, эл көзүнчө кордойт. Жашоодо үч нерсе билбейт жайды: кара

нөшөр жаан билбейт жайды; жердиги жаман уул-кыз билбейт жайды; жаман теңтуш билбейт жайды. Булар жай билбегендердин көбүрөөк оозго алынгандары. Дегинкиси жай билбегендер көп го. Жаман теңтуштун оюу тайкы, жыланач, ошол себептүү андан жакшылык күтүүгө болбойт. Жаман теңтуштун куралы тилинде, андан уу тамбаса, бал тамбайт. Аны менен чогуу болгон күндөрдү текке кеткен күндөр деп эсептей бер. Ошентип, жаман теңтуштун сөзүнөн запкы жегиче, зынданга түшкөн артык, зындан тирүүнүн тозогу болсо да, тынч отурасың. Жаманды сөзгө жөнсалды аралаштырса да каркылдайт, бапестесең да каркылдайт, андан чыккан добуш бирөө гана ...

Сарт аке картайып, эл-журтту көп аралабай калган күндөрдүн биринде, учурашалы, акенин ал-абалынан кабар алалы деп, көл бугусунун бир топ мыктылары келишет, коно жатып мейман болушат. Ошондо Ногой баатыр Сарт акеден: “Сизге не кымбат?” – деп сураган экен.

Анда Сарт аке:

– **Баатырым, адамда кымбат нерсе көп:** Анын сыңарындай мага да кымбат нерсе көп: тогуз ай көтөрүп, омуртка-сөөгү сыздап, ымыркайымдан ысык-суугума чыдап, ак сүтүн эмизип, мээримин төгүп баккан энем кымбат; жети атам мекендеген жерим кымбат: “Ар кимдин жашаган жери – Мисир” деген кеп бар эмеспи; үйүбүздүн ыйык туусу, баш-көзү болгон атам кымбат; каныбыз, жаныбыз бирге бир туугандарым кымбат; эл жүгүн бирге көтөргөн, акылдаш-сырдаш замандаштарым кымбат; эл тааныткан, жер тааныткан атам, устаттарым кымбат; жайы салкын, кышы жылуу алтын бешик Ысыккөлүм кымбат; келбети көздүн жоосун алган, аскасы асман тиреген, түмөндөгөн жан-жаныбарды мундурбай баккан касиеттүү Алатоом кымбат; жаш кезимден

бооруна тартып, атам сыяктуу асыраган Бирназар атам кымбат; эл аралаган күнүмдөн баштап акыл кошкон, ак батасын берип, кеңештеш болгон Мойт абам кымбат; адам сырын айттырбай билген, жумурда катылган ой түйүнүнүн көзүн тапкан, адамдан башка жылдыздуу жаралган шакиртим Тилекматым кымбат; ичине кир сактабаган, бет алганынан кайтпаган, сырды ант бергендей бекем сактаган Жанек баатырым, Балбай арстаным жана өзүң кымбат; эч нерседен капарсыз, эртеден кечке оюнга тойбой жыргаган күнүм, наристе балалыгым кымбат; түндүгүмдөн чыккан түтүндү, коломтодогу отумду өчүрбөй турган тукумду терең берген байбичелерим кымбат; киндик каным тамган Нарыным кымбат; ушунун баарынан да бүт ааламга ырыскы чачкан кеңпейил, кайрымдуу, кечиримдүү, көтөрүмдүү Аллах-таалам кымбат.

Бул суроосуна оюна төп келгендей жооп алган соң Ногой баатыр абдан ыраазы болуп, ыракматын айтып:

– **Сарт аке, бизге арнаган да насааттарыңыз бардыр. Болсо айтып бериңиз?** – деп өтүнөт. Анда Сарт аке:

– Көзүң жетип турса да, дайым эле оюңа келгендей иш кылба. Билермандар менен кеңеш. Ар ишти ойлонуп башта, оңунан аякта.

**Кембагал болбо.** Кембагал бактысыздыгын өзүнөн көрсүн. Ал – жалкоолуктун кесепети. Жаның аман барында бирөөгө кор болбой, көз каранды болбой жаша. Кор болбой жашоо деген – эркин жашоо, ага жетүү үчүн тер төк, жанды кыйна.

Мансабың, зоболоң жогору болсо да, бирөөгө зор болбо, зордук-зомбулук кылба. Анын акыры залал, убал. Көмүр алоолонуп күйбөсө да, көөлөгөнгө жарайт. Зордук-зомбулуктун түбү – көө. Кабанаак ит да кордукту көп көрөт эмеспи. Ушуну эсте бекем туткула.

Адамдын шагын сындырып, өзүңө душман кылба. Душман деген сөздүн тузу оор, не дегенде бир айыл эл-

ден жалгыз-жарым душман көптүк кылат, коогалуу да, коркунучтуу да болот. Душман деген бор илдеттен да жаман. Душманды тилге келтирсең да, дилин тазартуу кыйын. Ал дилин, сырын ачпайт, ошон үчүн ага ишенүү кыйын. Ак ишеним болбогон соң, өзүң да ар убак дүпөйүл болуп жүрөсүң. Дүпөйүл болуп жүргөн адамда ыракаттанып эркин жашоо болбойт. Эркин болбосоң, жашооң бүркөлгөн күндөй болот. Душмандын бутагы да арбын: касташканың – душманың; касындын ылымсанашкандары – душманың, анын ылымсанашкандарынын кастары да – душманың. Ошентип, бир душман тапсаң, түмөн душман тапканың болот.

Эр жигит атка коном десең, кайраттуу да, сабырдуу да, көтөрүмдүү да бол. Жакшы-жаманды бирдей көтөр, асман айланып, жерге түшкөндөй болсо да көтөр.

Жакшынын сөзүнө жооп берсең да, жамандын сөзүнө жооп бербе. Ал сени мазактаса да, унчукпай, арга кеткенде моюнга алымыш болуп кутул. Итти эркелетип, башынан сыласаң, ал тула боюңа асылат, ийниңе секирет.

Ата-баба салты, акыл сөздөрүн жолдо, ула. Андан пайдадан башка жамандык көрбөйсүң. Ата-баба салты кийинки муундарга жашоо багытын берет.

Жакшыдан кол үзбөй, жаманга күнүң түшпөгөндөй болуп жаша. Жакшыдан кол үзбөсөң, башыңа сыймык конот, жаманга күнүң түшсө, башыңан сыймык качат. Жакшынын да айтылуу жакшысы бар, достун да түбөлүктүү досу бар. Кандай да болсо, жыйнаган бардык байлыктан жакшы адам, жакшы дос күтүү жогору турат. Неге десең, курсактын тойгонунан көңүлдүн тойгону жогору турат.

Элдин кадырлоосуна жетем десең, адамга жакшылык кыла бил. Ошондо да этияттык менен жакшылык кыл: жакшылыкты билген бар, билбеген бар. Жакшылыкты

билбеген адамдын көзүн ачуу үчүн да адөөлөт иш жасап көрүү абзел. Акыры, төбөсүнөн урган түркөй болбосо, өзүнүн пас экендигин сезет; пастыгын сезгени – көзү ачылганы. Адамдын көзүн ачуудан артык соопчулук жок. Ошондон улам элде: "Көзүндү ачканга көр казба», – деген асыл сөз айтылып калган. Көзүндү ачкан – устатың. Устат ыйык деп айтылат; устатыңа акарат келтирүү чоң күнөө деп айтылат.

Чагым сөзгө кулак төшөбө. Ага кулак төшөсөң, жакын санаалаш ага-тууганлан, жолдош-жородон, сөөктамырдан ажырайсың. Чагым сөз ондуу сөз эмес: ал сага чейин чирик электен өтүп, оңду-тетирисинче айланып, түзү ийрейип, ылайга жуурулуп, жагымдуу даамы кетип, ууга айланган учурда жетет. Чагым сөз – жасалма сөз, ошон үчүн бир укканга уккулуктуу келет. Чагым сөз – ойдон чыгарылган ойсуз сөз, ошон үчүн адеп укканда, үстүртөн боолгологондо чындыктай сезилет. Кептин кыскасы, уккан сөздүн чын-бышыгына жетпей, кулак төшөбө.

Бир адамды жек көрсөң, анын укум-тукумун, жекжаатын жектебе. Жектеген адамыңа да жек көргөн сезиминди билдирбе. Бул шертти аткарбасаң, өзүндүн нааданчалыш экениңди билдирип аласың. Дегинкиси адамды жектөөдөн пайда чыкпайт. Жек көргөн адамдан кутулам десең, андан алыс бол, көзүнө чалдыкпай кой. Адам бөөдө жерден бирөөнү жектебейт. Жектөөдө эки тараптын биринен эси жоктук иш кетет. Эси жок эч убакта эзилишкен тууган, азиз дос болбойт. Мына ушуну да эстен чыгарбоо абзел.

Адам көп түрдүү, көп кырдуу, көп сырдуу. Баарынан да кошоматчыны андай бил! Кошоматчы кем акылды, көөдөнү көтөрүңкүлөрдү гана эмес, мен-менсинген мыктыларды да алдастатып акмак кыла турган азыткы. Ошондуктан кошоматчынын мактаганына, бапестеп алды-

артыңа, таманыңа май төшөгөнүнө алдырба. Кошоматчы эч убакта бирөөгө жакшылык жасабайт, ал өз мүдөөсүн гана көздөйт. Кошоматчы эч убакта колунда жокторду, кембагалдарды жандабайт. Ал дайыма мансаптууларды, колунда барларды жандап, шынаарлап, жасакерленип, миң түрдүү кубулуп, амалданып, керек болсо, малын гана эмес, жанын да тартуулоого даяр сымактанып, устаттык менен ич коюнга кирет. Ал ишенимиңе өтүп алса, акыры өлтүрдү дей бер. Кокус тайып, мансаптан, дөөлөттөн ажырасаң, сырдана болуп калган ал азыткы биринчи душман болуп чыга келет: отко күйүп атсаң, суута агып бара жатсаң, кол сунбайт. Мындай шартта ал сенден кутулгуча шашат, дагы бир дөөлөттүүнүн колтугуна киргенге шашат. Мындай адамда инсандык жүз болбойт.

Сөзүнө, убадасына турбаган адамдан сактан. Убадасыз адам -касиетсиз адам. Андай адамдын сөзү ала да, чала да болот. Бул да бирде болбосо бирде сызга отургузат. Убадасыз адамдын сырткы көрүнүшү да жылмаңдап турат, анын убадасыздыгынын күзгүсү сыяктанып турат. Убадасыз адам – чаар ичеги. Тили жатык, ширин болгону менен, түпкү максаты башка. Андай адам деле асили өзүмчүл келет. Шарты келгенде анын ойт бермеси оңой эле, не дегенде жаралган жаратылышы, түпкү турпаты ошол да. Бул да – эки жүздүүлүк.

Өз оюңдагыны бербеген көк болбо. Акылдуу кеп-кеңешке моюн тос. Акылга көнгөн адам – ийги адам, жатык адам. Кеп-кеңешти ылайыгы менен кабылдаган адам түпкүлүгүндө бак-таалайга жетет.

Оор жүгүңдү, жүрөк өйүгөн дартыңды, муңуңду эч кимге айтпа, айткандан пайда жок. Оор жүктөн, муң-кайгыдан көтөрүмдүү болсоң, Кудай арылтат. Аны жакындарыңа айтсаң, сени менен кошо кайгыга батат, касыңа айтсаң, кайра табалайт.

Э-э баатырым, насаатты дагы улантып айта берсе болор эле. Мен, бар болгону, жашоо-тиричиликте, адам мамилелеринде көбүрөөк назар салына турган уруттуулары гана айттым, – дегенде угуп отургандар ыраазы болуп, алкышын айтышкан экен.

## САРТ АКЕНИН СЫНЧЫЛЫГЫ, ОЛУЯЛЫК ТУЮМУ

Күндөрдүн биринде Боромбай өзү баш болгон бугунун жоон топ кадырман адамдары Сарт акенин үйүнө келип:

– Карылыкка баш коюп баратасыз. Сиздин көңүлүңүздү көтөрөлү, Сизден көбүрөөк тукум калса экен деген ниет менен солкулдаган жаш кыздардан, тукуму эл көргөн, эл узаткан тектүү жердин кыздарынан тандап, колукту алып берели дедик эле деп, бир чети, тамаша айтып күлдүрүп, бир чети, келгендеги чын максаттарын билдирет.

Жайбаракат мейман болуп отурушканда, келген мыктылар негизги максаттан алыс кетпей, кана, ойлонгулачы, ар кимиң билгенден кайсы жерде, кайсы урууда бойго жеткен сулуу кыз бар (илгери кыздар 8 жаштан жогору бойго жетти деп эсептелчү экен) дешип, ой бөлүшүп турганда, Сарт аке үн катат.

– Баатырлар, кыз жаныбарды сыртынан тон бычып отурбай, эл аралап өз көзүбүз менен көрсөк кантет, – дейт. Көрсө ошол кезде Сарт акенин кадыр-баркы өсүп, тү деген түкүрүгү жерге түшпөй турган кези экен, отургандар толугу менен кеңешке макул болушат. Эртеси айыл кыдырып жөнөшөт. Бир кыйла эл аралап, жер кезгенден кийин көлдүн күнгөйүндөгү өрүштүү өзөндүн боюндагы чакан айылдан толукшуган, ажары көз жоосун алган, айдай аппак, калың топко салса да, жайнаган

каз-өрдөктүн ичинде даана бөлүнүп турган ак куудай болгон, колго алмак түгүл бир көргөндө турпаты менен сезимге ыракат берген, сулуулук гүлдөрү эми гана ачыла баштаган татынакай кыз табышат да, аны көрүңүз деп, Сарт акеге сунуш кылышат. Аке кызды көрүп, аны жаратканга ыраазы болсо да, тымызын ичинен мунайып, ага боору ачып, туйганын эч кимге айтпай, жанындагы кадырман билермандарга кайрылып, дагы эл аралап көрүү ниетин билдирет. Кадырмандар Акенин сунушун жандырбай, дагы кыз издеп жөнөшөт. Бир нече күндөн кийин көлдүн тескейинен бөксө жайлоо этегиндеги айылдан чарчы бойлуу, татынакай кол сандыктай болгон, туйгундун балапанынын көзүндөй жайнаган аксаргыл кызды көрүшүп, бардыгы бир добуштан аны Сарт акеге ылайык экен дешет.

Аке аны да көрүп, бир азга үн катпай туруп, он ийнине кулагын төшөп, кыска тынымдан кийин эл башчысы Боромбайга ызаат менен кайрылып, мынча максат кылып калган соң дагы калк аралап көрүүнү өтүнөт. Бул саам да Сарт акенин илебин кайтара алышпай, андан ары жөнөшөт. Акыры көлдүн көкүрөк өрөөнүнүн, чыгаан сулуу болбосо да, караторунун өңдүү-түстүү, киши жылдыздуу бир кызды Сарт аке жактырып, азиз баатырлар, ылайык тапсаңар, ушул кызды мага алып бергиле. Менин кадырыма жетүүчү адам – ушул. Бул турушу менен эле жабылуу тукум уюткусу турбайбы.

Коштоп жүргөндөр үн катышпай тунжурап калганда, эл башчысы Боронбай:

– Сарт аке, биз Сизге түшүнбөдүк. Тектүү жерден көз жоосун алган эки кыз тапсак, аларды жактырбай, жөнөкөй бир жатакчынын ортозаар кызына көңүл байлап калдыңыз. Мунуңуз кандай? – деп суроо таштайт. Анда Сарт аке:

– Урматтуу кадырмандарым! Чыгаан сулуу, айдай биринчи аппак кыз, чынында эле, ай экен, чиркин. Ай толгон кезде жарык болгону менен, жылуулугу болбойт. Аллах-таала андан сулуулугун аябаганы менен, багын байлап коюптур. Чиркинден тукум болбойт дептир. Ал эми экинчи ак саргыл кыз да гүл экен. Адырдагы как-соорок жерге чыккан гүл мурда гүлдөйт да, сабактары саргыл болот. Анан башка гүлдөргө караганда гүлүн бат түшүрөт. Ошол өңдүү экен экинчи кыз. Ал төрөп, тукум берет, бирок андан төрөлгөн балдардан мыкты чыкпайт, өз жаны менен өздөрү алек болгон адамдар болушат.

Эми болоору болду. Сиздерди көп убара кылбайын. Сиздер айткандай, мага тукум керек. Бул каратору беш уул, эки кыз төрөйт. Болбостур, бирөө көзгө илине электе эле учуп кетет. Дагы бири менин өзүмдү тартат, бирок бечаранын өмүрү кыска болот. Калган үчөө анын тукумдары топ жарып, топ баштабаса да, эл ортосу болуп жашаган, дасторконундагы ырыскысы тиричилигине жеткен, укум-тукуму өскөн адамдар болушат дейт.

Акенин айткандары чындыкка тогошор бекен деп, баягы мыктылар мурунку эки кыздын тагдырын көзөмөлдөп жүрүшөт. Элдин айтымында, ал эки кыз жөнүндө Сарт акенин берген олуялык сыны чындык болгон экен: биринчиси төрөбөй өткөн; экинчисинин тукуму катардагы эле жанбактылардан болуптур. Ал эми өзү жактырып алганы, Сарт аке айткандай, беш уул төрөгөн: Козукен, Муса, Улак, Мойнок, Мамырбай. Мамырбай кичине кезинде эле селкинчектен учуп өлүптүр. Мойнок он сегизге келгенде, эл аралап, жасоол болуп, кепке таанылып келе жатканда көз тийип өлгөн экен. Мойноктон Кыргызбай деген жалгыз уул калган. Анысы да тың, кайраттуу, эр жүрөк адам болгон. Кыргызбайдан эки уул бар эле: бирөө өз ажалынан, экинчиси (Аралбай) чоң

согушта, кечээки эле немистер менен болгон согушта курман болду. Мен балдарын көрүп калдым.

Сарт акенин калган үч уулунун тукуму Жетөгүз районундагы Акдөбө айылында турушат. Мен Козукенден тараган тукумданмын: атам – Ыман; Ымандын атасы – Тыныстан; Тыныстандын атасы – Козукен; Козукендин атасы – Сарт аке.

**СЫНЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ ДАГЫ МИСАЛ.** Көл бугусунун атактууларынын бири Мураталы бий болгон. Күндөрдүн биринде ал Сарт акени мейманга чакырып, урмат менен сый көрсөтүп отурган маалда сырттан Мураталы бийдин карачечекей жээни келет. Көрсө, бий өсүп келе жаткан жаш жигитти адам болор деген үмүт менен эл аралатып ээрчитип, жакшылардан таалим алсын деп алардын сөзүн уктуруп, аттап-тондоп көңүлүн өстүрүп жүрчү экен.

Сөз арасында Мураталы бий баланы сындатып алайын деген ойдо Сарт акеге кайрылып:

– Ушул уулуңуз келечекте кандай адам болор экен, мүнөздөп бериңизчи? – деп өтүнүп калат. Анда Сарт аке колундагы чай чыныга куюлган кымызды жутуп жибергенден кийин, өзү угуп, шагы сынбасын деп, баланы тышка чыгарып жиберип:

– Муке, адам жаманынын эки чоң түрү болот: бири ийри жаман; экинчиси түз жаман. Ийри жаманды кыйла аракет менен түздөп алса болот. Ошондо да дээринде жамандыктын көрөңгөсү болгон соң, оңдоп алган жамандан топко жарар мыкты чыкпайт. Мындайлар келим-кетимге жарап берсе эле болду. Ийри жамандын түзөлгөнү – ошол.

Асили түз жаман оңолбойт. Ал жаратылыш түпкүлүгүнөн оңолгус түз болуп жаралган. Эми, Муке, өлгөндү

деле угузат турбайбы, мен ачыгын айтайын – жээниңиз түз жаман экен. Аны эл аралатып убара болбонуз – дейт.

**САРТ АКЕНИН СЫНЧЫЛЫГЫ, МҮНҮШКӨРЛҮГҮ** жөнүндө эл арасында айтылып жүргөн сөздөр кеп. Мүнүшкөрлүк, күлүк тандоо, аны таптоодо да сынчылык касиети бар.

Жетөгүз өзөнүн жаңыдан гана өрдөй бергенде күн чыгыш тарабында кенен жайык бар. Мына ошол жерде Көл бугусу чогулуп, жыйын өткөрүлүп калат. Жыйынга мен мыкты дегендердин баары чакырылат. Алардын катарында Сарт аке да болот. Ошол жыйынга жигиттерин ээрчитип баратса жол жээгинен бута атым алысыраак чоң таштын үстүндө кебетеси орто кушчалык, өз табиятынан олбурлуурак бир күйкө уктап отурган экен. Күйкөнү көрүп колуна куш кондуруп келаткан жигитине (илгери жыйынга да мыктылар жигиттери менен барганда, шаан-шөөкөт менен колдоруна бүркүт, куш кондуруп жүрүшчү):

– Сен акырын бастырып, күйкөгө жакында. Көтөрмө бою калганда кушундун томогосун алып, кушту чымыркانып катуу ыргыт. Ал байкатпай барып алгандай болсун. Иш оңтой келип, куш күйкөнү алып калса, кушка тез жет, көп тырмактататапай күйкөнү ажырат, – дейт. Жигити аке айткандай иш кылат. Кыскасы, күйкөнү кармап келет. Дагы бир жигитинин канжыгасын чечтирип, күйкөгө боо тактырат да, муну эми үйгө кайткыча сен алып жүрөсүң дейт. Ошондо Сарт аке:

– Балдар, КҮЙКӨ-ШУМКАР деген – ушул. Муну таптаса кыраан куштай алгыр болот. Буюрса, быйылкы кышта ушул күйкөнүн кызыгына далай батабыз. Балдар ар канаттуунун туйгуну болот. Адам сыяктуу эле ар жандыктын чыгааны болот: жылкыдан тулпарлар, жер

таянбаган сай күлүктөр чыкса, бүркүттөн аюуга кол салган кыраандар, иттен жолборско да дакаат берген сырттандар чыгат. Мына биз, жолубуз болуп, күйкөнүн шумкарына туш келдик, – дептир.

Ошентип, күйкөнү жигитине көтөртүп алып жыйынга келет. Кай жердеги жыйын болбосун, Сарт аке келип түшкөндө, озунган адам чепкенин чечип, алдына жаая салып берчү экен. Сарт аке дайыма чепкендин этегин түрө салып, этекти баспай отурчу дешет.

– Аке, эч нерсе болбойт, кенен эле жайган боюнча отурсаңыз, – деп өтүнүч кылышса, Сарт аке:

– Жок, андай болбойт. Эр жигиттин этегин басууга болбойт. Муну ар киминер тутуна жүргүлө, – деп осуят калтырган.

Жыйын башталгыча, күйкөнү жерге кондуруп, боосун узунураак кармап, Сарт аке чепкен үстүндө чыканактап жатса, Тилекмат акенин тукумунан бирөө (кечирим сурайм, аты эсимден чыгып кетиптир) келип:

– Эл бүркүт, куш кондуруп жүрсө, Сарт аке күйкө кондуруп жүрөт. Үйүнө чычкан толуп кеткен го, – деп күйкөнү бутунун учу менен акырын тээп коет. Көрсө, жаш жигит атасынын даңкына чиренип, жаштыкка алдырып турган чагы экен. Сарт аке үндөбөйт. Ошондой болсо да ичинде бир аз таарынып, балага нааразы болуп калат.

Ошол жыйындан кийин кышы бою эч жакка каттабай, тигил, бул топко чакыртса да барбай, күйкө-шумкардын кызыгына батат.

Илгери жер ээн, мылтык жок, аңчылык аз болгондуктан, илбесин да, каз-өрдөк, кекилик, чил, кыргоол, коён да көп болчу экен.

Сарт аке, күйкө-шумкардын табылгасын элге көрсөтөйүн деп, сый алдырган адал канаттууларын чыгдан ичине тондуруп жыйдыра берет. Кыш чыгаар алдында

буга эмне болду? Канча жолу чакыртсак да келбей койду. Барып саламдашып келеличи дешип, Боронбай өзү баштап, Тилекмат акени ээрчитип келет. Саламдашып жай сурашып отурган соң, Боронбай Сарт акеге кайрылып:

– Көп жыйынга чакыртсак да, мейман болсун деп, сый тамакта күтсөк да келбедиңиз. Эмне, бирөөбүзгө таарындыңызбы, кимибизден айып кетти? – дейт. Анда Сарт аке:

– Жок, баатырларым. Мен эч бирөөңө таарынбадым. Мына босогодогу туурда конуп отурган күйкө-шумкардын кызыгына батып алып эле бир жакка чыгууга убактым болбоду. Кана, байбиче чыгданды тартчы деп, чыгдан ачтырса жерден жыйган адал канаттуунун түркүндөрү керегенин башына чейин тирелип турган экен. Аны көргөн мыктылар күйкө-шумкардын кыраандыгына, мүнүшкөрлүгүнө ыраазы болуптур.

**САРТ АКЕНИН БОЛОЧОКТУ ТУЯ БИЛГЕН ОЛУЯЛЫГЫ** жөнүндө дагы бир мисал. Жайдын чилдесинде Алдаяр уулу Мойт аке экөө жигиттери менен Жыргалаң тараптан дагы эле Жетөгүз дарыясынын боюндагы жыйынга келе жатышып, ортодогу Каракол дарыясына келишсе (илгери жер ортосу деп, Жетөгүздө жыйынды көп өткөрүшкөн) суу күкүктөп, ылай аралаш каракочкул болуп кирип турган кези экен. Туш келди жерден дарыяны кече алышпай сайроон издеп, суу ылдый жүрүп отурушуп, азыркы Бөрүбаш айылына жакын жерден кечүү табышат.

Илгери ата-бабалар үйгө кирип жай алганда, же дасторконго карап, ашка кол сунганда эле улуулук жолун тутунбастан, бардык учурда, бардык шартта улуулукту бийик урматташкан. Анын бириндей, Каракол дарыясын кечкенде улуулук наркы боюнча Мойт аке озунуп

жол баштап, күрүлдөп өзөн жаңыртып турган сууга кире бергенде эле суу тизеге жаба берет. Минген аттары чыгаан жүрүштүү, чыгаан карылуу болгондуктан, мындай дарыялардын далайын кечкен ишенимдүү болгондуктан, Мойт аке жайбаракат бастырып суунун аркы өйүзүнө өтүп, артын кылчайып караса, Сарт аке камчысын бүктөй кармап, камчы менен суунун үстүн шапшып турган экен. Ошондо Мойт аке:

– Ой, Сарт баатыр, (өзүнөн кичүү болгондуктан Мойт аке Сарт акени баатыр деп эркелетчү дешет) эмне тили жок суу ортосунда токтоп ойлонгонсуп турасың, бир нерсе сездиңби? – дегенде, Сарт аке:

– Мойт аке. Сиз байкоо салбай кечип кеттиңиз, шаштыңыз окшойт. Мына бул суу доош менен күңгүрөнүп, сырдуу агып жатат. Буюрса, ээн жаткан ушул дарыянын эки өйүзүнө келечекте чоң шаар салынып, эл жык отурукташат экен дептир. Айткандай, илгери ээн жаткан Каракол дарыясынын эки өйүзү тең кийинчерээк шаар болду.

Айтып берчүсү бардай, боло турган нерсени туя билүүсү Акенин көзү өтөр жылы да болду.

Санжырачы Бараканов Акундун, Алымбаев Темиркулдун, Иманов Дөөлөтказынын (Дөкөш) айтымында, Сарт аке – токсондон кыйла ашып жашаган адам.

Аксуу аймагындагы айтылуу Түргөндү адатынча кыштап чыгып, жаз келер алдында ага-туугандарын, бала-бакырасын чогултуп:

– Менин канат-бутактарым, медер туткандарым, быйыл катарым келди (Көзүм өтөр мезгил келди деген мааниде). Эрте жаздан баштап, Сырт өрөөнү менен Нарын тарапка бет алып көчкүлө. Бир күнү көчүп, он чакты күнү мал-жанды өрү кылып, малга чөптүн гүлүн жедирип семиртип отургула.

Сырт бетине Кичижууку ашуусу аркылуу көчүп баргыла. Андан Бордуга көп күн өрүү болгула (Борду – азыркы Кумтөр алтын кенинин түштүк батыш тарабы). Акбелди ашып Карасайга түшкүлө, анан Кызылэшме, Кыргоону жайлап, Каракаман, Балгартка, анан эски Нарынга түшкүлө. Болду, Нарынга жетти деген ошол.

Нарындын дал өзүнө жай менен күздүн кесилишинде, суу анчалык күч ала элек маалда, жеткиле. Ошол мезгилде Нарын дарыясынын суусу тартылып калган болот. Ошондо да дарыяны эртең менен эрте кечкиле. Түшкө жуук, же түш оой кечүүгө болбойт, дарыя кирбесе да, суусу арбый түшөт. Жакынкы тоолордун кары жибип, дарыяга суу кошулат.

Эми, балдарым, угуп тургула. Нарын – менин киндик кесип, кир жууган жерим. Сөөгүмдү ошол жерге койгула. Кайсы жеринен жай аларды өзүм көрсөтөм дейт. Ага-туугандары Сарт акенин айткандарын аткарышып, болжогон мезгилде атанын төрөлгөн конушуна келишет.

Илгери эл көчүп-конуп жүрүшүп, бири-бирин жакшы билишчү экен. Ошондой жагдайларда, жакындашабыз деп, кыз алышып, кыз беришчү экен. Ынтымак-ыраш-керлүү болуш үчүн дүйнөлүк дос күтүшүп, ат арытып, бири-бирине катташып турчу экен.

Сарт акенин көчүп келгенин угушуп, көрүп-билип жүргөндөр, даңкын уккандар ат тезегин кургатпай, күнтүн дебей өрүлүктөп келишет. Келип-кеткендердин аягы үзүлүп бараткanda бир күнү Сарт аке балдарын чогултуп, Нарын өрөөнүндө ат жеткен жердеги элдин баарын мейманга чакыргыла: малдын чыгаан семиздеринен болушунча сойгула: мен өз колум менен элге даам берип калайын дейт. Балдары атанын айткандарын аткарышат.

Ага-тууган келген меймандарды жашына, баркына жараша акөргөлөргө жайгаштырышып, конок салтын көрүшөт. Ата өз колу менен элге акыркы даамын берип

жаткан соң ага-туугандары да, балдары да колдон келгендерин аяшпайт.

Сарт аке өзү кадырман аксакалдар менен бирге олтуруп, даам татат. Тамак-аш желип, бата тиленгенден кийин эл алды узай баштайт. Дал ошол мезгилде, эл алды алыстап кете электе Сарт аке балдарына:

– Менин баш-аягымды тарткыла дейт. "Баш-аягымды тарткыла" деген сөз – кепич, маасыны чечип, башыма жаздык койгула деген сөз. Атанын айтканы аткарылган соң, оң колун бооруна алып үч ооз гана керезин айтат:

– Балдарым, ууру кылып, ушак сүйлөбөгүлө, ала жип аттабагыла, ит өлтүрбөгүлө – деп кыска осуятын айтат.

– Ит өлтүрбөгүлө дегеним купуя сыр эле. Муну ушул мезгилге чейин жан адамга айткан эмесмин. Менин колдоочум кара дөбөт эле. Ал дайыма мени ээрчип жүрчү эмес. Качан башыма оор иш түшкөндө, же эл башына кыйын-кыстоо түшкөндө, айла амал издегенде гана түн жамынып келип, оң этегимди баса жатчу эле да, жерге жарык түшөрдөн мурда көздөн кайым болор эле. Мына, балдарым, менин ит өлтүрбөгүлө деген насылымдын жөнү ушундай.

Сарт аке кыска керезин айтып бүтүп, Аллах-таалага келме келтирип, эли-журтуна ыраазылыгын билдирген соң, молдонун ыйман айтуусун суранат. Молдо ыйман айтып жатканда, таптаза турган Сарт аке оң колун бооруна алып, чалкалап боюн түзөп жаткан боюнча көз жумат. Ошол замат үйдөн ызы-чуу, өкүрүк чыгат. Узап бара жаткан эл алдына чабаган жетип, Сарт акенин бул дүйнөдөн өтүп кеткендиги кабарланат. Эми эле аксакал табактардын биринде чогуу даам сызышкан кадырман карыялар аң-таң болушат. Уккан кулакка ишенбей алар айыл тарапты кылчайып карашса, эчак балдар таяк таянып өкүрүп калышыптыр. Ошол жерден күтүрөгөн ат-

чан калың эл кайра тартышып, өзөндү жаңырта өкүрүп келишет.

Ошентип, мейманга келген эл чогуусу менен Сарт акеге топурак салышыптыр. Көрсө, олуя карыя кайсы күнү, кай мезгилде көз жумарын билип, элге өз колу менен даам берип, бул жарыкчылык менен да, калың эл менен да коштошуп калайын деген ниетте мейманга чакырган экен.

Санжырачылардын биринин айтымы боюнча, Сарт акенин тукумдары акенин кыркын бергенден кийин көл бетине Долон ашып, Кочкор жерин басып кайтышкан делинсе, дагы бир санжырада Сарт акенин ашын төрөлгөн жеринде бергенден кийин, жыл айланып, жердеген жерине кайтышкан. Акенин тукумдары Нарындан келгенден кийин, атасы жайлаган Каркырага, кыштоосу Түргөнгө барбай, Чонкызылсуу өрөөнүндө отурукташып калышкан делинет.

Сарт аке эчен жолу бугу менен сарбагыш урууларынын ортосунда калыс элчилик кызматын аткарып, эчен жолу бугу элине бүлгүн түшкөндө анын да акыл менен, амал-айласын тааптыр. Эми Сарт акенин олуялыгына, акылмандыгына жана чечендигине байланыштуу бир окуя менен окурмандарды тааныштыра кетели.

Балбай баатыр кыз ала качам деп, баатырдыгына салып, Кочкорго Ормон хандын жергесине, түн жамынып барып калат да, байкоосуздан колго түшөт. Ормон хан Балбайды бир жыл чамасы зынданда (ордо) кармайт.

**ЭСКЕРТҮҮ:** 1. Санжыралардын биринде Балбай баатыр беш ай туткундалган деген да маалымат кездешет.

2. Балбай баатырды тоңдук кыдыктардын Намазбеги Ормондон куткарып келген делинсе, дагы бир санжырада Балбайдын өзүнүн эле жакын иниси бошотуп келген деген да сөз бар.

Эмнеси болсо да, санжыранын ар кандай варианттарын төгүн деп айта албайбыз. Санжыранын тигил же бул вариантын таразалап, ойго калчап талдап көргөн оң сыяктанат.

Кыргызда кылымдар менен тең келаткан “кол ийрисине тартат” деген кеп бар эмеспи. Балким, ушундан улам Балбайды чыгарып келүүдөгү санжыраны айткан адам өз жагына буруп койгондур. Бизге жеткен маалыматта Ормон: – Балбайга келген элчини да өлтүрөм, Балбайды колдон чыгарбайм, – деген имиш.

Айтор, эмнеси болсо да, Балбай баатыр Ормондун колунда кыйла узакка жүрүп калат. Ошондо бугулардын айласы кетип, ары ойлонуп, бери ойлонуп бул ишке Сарт акеден башка эч ким Ормонго батына албайт, жолун таба албайт, анын үстүнө Сарт аке Ормонду билет. Ормон Сарт акени билет. Алар эчен жыйындарда бирге болушкан дешип Балбайдын башын бошотууга Сарт акени жиберишет. Сарт аке бул өтүнүчтү кабыл алат. Бар болгону, жанына бугудан эстүү, тыңыраак бир жигитти кошуп берүүнү сурайт. Аке өз жигиттеринен жанына албаптыр. Балким, санжыранын биз эскерткен варианттарындагы адамдар, ошол жигит ээрчиткенинде да бир сыр бар.

Кептин кыскасы, Сарт аке жалгыз жигити менен Ормон хандын ордосуна барат. Келген мейман ким экенин билген соң Ормон аларды конок үйүнө киргизет да жигиттеринен сый тамактарын жибертип, бир апта үстүлөрүнө кирбей коёт, анткени келгендердин максаты не экендигин сезет. Бир жума өткөндөн кийин эртең менен Ормондун бир жигити келип, хан бүгүн Сизге келүүгө ниет койду деп кабарлайт.

Бир жума тоготпой конок үйгө кармаганга, адам келдиби, ким келди деп Ормондун кабар албаганына Сарт аке да кабатыр болуп чыйралып отурат.

Аке жигитине кайрылып:

– Сен мурда Ормонду көрдүң беле? – деп сурайт.

– Жок, кабарын угаарын уккамын, өзүн эч көргөн эмесмин, – дейт. Анда Сарт аке:

– Ормон өтө сүрдүү киши. Анын үстүнө хан атагы бар. Жигиттерине эшик ачтырып кирип келгенде салам айтат. Биз болсо мейманбыз. Төрдө отурган ордуңду бошотуп бербе. Салам айтып кирип келгенде отурган ордуңдан тура калып алик алба. Былк этпей отуруп, жайынча гана алигин ал. Уктуңбу, түшүндүңбү? – дейт. Жигити:

– Түшүндүм. Баардыгы сиз айткандай болот, – деп жооп берет. Бир оокумда бир жигитине бир чара бозо, бир жигитине суу жоолугу менен чайнегин, бирөөгө бир чара эт көтөртүп келгенде, коштоп келе жаткан эки жигит боз үйдүн эшигин эки жагынан бийик көтөрүп ачат. Босогону эңкейип аттаган Ормон башын көтөрүп, Сарт акеге салам айтканда, баягы убада берген жигит, чынында эле Ормондун айбаттуу сүрүнөн чочуп ыргып турат да, кайра Сарт акенин айтканын эстеп, ордуна лып отура калат. Ормон болсо чөгөлөп, ак өргөнүн он капшытынан жай алат. Хандын чөгөлөп отурушу анын кепке байыр албай тургандыгынан; чечилип сөз сүйлөөгө кыртышы тартпай тургандыгынан кабар бергенин Сарт аке сезип коёт. Саламдашып бир аз даам таткан соң Ормон хан:

– Жол болсун, Сарт баатырым, – деп калат. Анда Сарт аке:

– Айтканың келсин, азиз Ормон, хан Ормон, – дейт.

– Чолом тийбей, иш көп болуп, кол бошобой, бир апта кабар ала албадым. Не иш менен келдиң эле? – деп Ормон дагы суроо салат. Ошондо он колун он тизесине таяп, Сарт аке:

– Ат баспаган алакандай Көйкапта өлчөлүү суур бар деп, аркада капыр жутунат дейт. Анын сыңарындай,

Көл башында алакандай жерде чактуу-чамалуу бугу эли бар деп, сөз баштап аягына чыга электе Ормон хан эки санын эки колу менен мыжыга-мыжыга кармап, жигиттерине тарт эшикти деп, кош айтышпай ачууланып кетет. Ормон үйүнө келгенде улуу байбичеси:

– Ханым, барганыңдан келгенин тез болуп калды. Эмне кеп-келеч болду? – деп сурайт. Анда Ормон Сарт акенин аягына чыкпай калган сөзүн кайталап берет. Улуу байбиче дагы сөзүн улап:

– Олда ханым ай ээ! Бекер кылыптырсыз баатырдыгыңа салып, чапчандык кылыптырсыз. Сарт аке акыйкатты тартынбай түз сүйлөгөн адам эмеспи, шашпай аягына чейин уксаңыз болмок, – деп өкүнүчүн билдирет. Ормон болсо дагы эле ачуусу тарабай, мени каапырга салыштырат. Мындан бир өч алайын деген ойдо Сарт акенин үстүнө дагы бир апта кирбей коёт. Жетинчи күнү болот дегенде, семиз тай сойдуруп, учасын бир табакка, аттуу-баштуу устукандары менен ич этин бир табакка көтөртүп, өзү ишенген жигитине эт кесип жей турган бычактарды берип:

– Сен Сарттан көз айырбай жакшы карап отур. Анын өткөндө айтканы менин жумурумдун учунда турат. Мен бул сый тамакты бир сыр менен жөнөтүп жатам. Эгерде Сарт бычакты колуна алып, кыя кесип жесе да өлтүрөм аны, жок, бычаксыз эле эзиле бышкан учадан үзүп жесе да өлтүрөм. Сен анын бардык жосунун, кыймыл-аракетин жакшылап байкап, мага төкпөй-чачпай айтып келесиң – деп буйрук берет.

Болгон дасмиясын көтөрүп, хандын жигиттери келет. Ошондо Сарт аке оң колдун үч манжасынын учун гана чала-була жууп, колун дасторконго сүртүп, бычакты колго албай, табакта жаткан учаны оң колдун чыпалагы менен бармак аркылуу бир гана тал этти сууруп алып ооз тиет да:

– Тарт, сарбагыш этинди! – деп чыпчыргасын коротпой кайра көтөртүп жиберет.

Илгери эл башчыларынын, манаптардын сөзү эки болчу эмес экен. Сарт аке катуу буйрук бергенден кийин, жигиттер үн катпастан, сөздү эки кылбай, табактарды кайра көтөрүп кетет. Ошондо акенин жанындагы жигити картадан бир кесип жегенге үлгүрүп калыптыр.

Өрүктөй болгон тайдын эти таңдайына мейиз татый түшсө керек, өкүнүп:

– Кап, аке, бир аз коё туруп жөнөтсөңүз болмок. Сүт эмип турган тай экен. Картасы тим эле эзиле бышып турган бал өрүк тура. Тое жебей өкүттө калбадымбы, – дейт. Анда Сарт аке:

– Эй бечара, ал эт чоң сыр менен келген. Эгерде экөөбүз аны тое жебей эле бөрү тоют болгонубузда да башыбыз алынмак. Ал этти Ормон бизди сынамакка, биздин өлүмүбүзгө жиберген, – деп түшүндүрүп берет.

Ормондун жигиттери тез эле кайтып келген соң, баягы тың, ишенимдүүсү Сарт акенин жасаганын төкпөй-чачпай айтып берет. Ошондо Ормон чечилип, Сарт акенин чын эле олуя экенине ыраазы болот. Эртеси дагы бир тай сойдуруп, жеңилгенин мойнуна алып, тайдын этин чыпчыргасын коротпой көтөртүп, өзү чогуу келет. Жылуу саламдашып, аркы-беркиден жайбаракат кеп салышып отуруп тамак жеп бүткөндөн кийин Ормон хан Сарт акенин баягы кебинин аягына чыгып коюусун сурайт.

Сарт аке Ормондун көңүлү жай экенин, ич кегинин таркаганын байкап:

– Урматтуу хан, Көйкап – адам өтө сейрек из таштаган, тоо арасындагы алакандай жер. Жер ээн болсо, илбесин көп. Суур чээнге киргенче, ал жерде жырткычтарга той түшөт. Сиз бир апта бизди кабарсыз таштаганыңызга бир аз кападар болуп туруп, чекирээк айтып

койдум эле. Ал үчүн адилеттүү хандан кечирим сурайм (бул сөздү Ормонду дагы жибитүү үчүн, келгендеги максатына жетүү үчүн айткан). Хандын улуу даражалуулугу, ишинин Кудайга жаккандыгы мына ушул кеңпейилдигинде, кечиримдүүлүгүндө, адилеттүүлүгүндө.

Бугу менен Сарбагыш – экөө бир тууган, бир Кылжыр атанын тукуму. Эки биртууган сары майдай таттуу болгону жакшы эмеспи. Ынтымак-ырашкер Аллах-тааланын пендесине берген ыйык белеги турбайбы. Ынтымакты хан баштайт. Эл арасында жикти хан бириктирет. Ханым, Аллах-таала чындыкты сүйөт. Кептин чынын айтканда, Көл башындагы алакандай жерге баткан бугуга көрсөтпөгөнүңүз калган жок. Ар бир иштен кыйкым издеп, жазалап жүрүп не мураска жеттиңиз? Хандыгыңыз өз ордунда, Кудай берген бак-дөөлөтүңүз өз жайында. Эмне кааласаңыз бардыгы колуңузда. Дагы эмне жетпейт? Каапырдын гана напсиси толбойт. Биртууган бугу элиңизге ыраазы болуңуз. Сизден кандай буйрук болсо, ошонун баарын жаза кетирбей аткарып турат. Ыймандуу биртууганыңыздын жүрөгүнө көп эле таксалбаңыз. Артын ойлонуз, ханым.

Эми, ханым, жаңыдан бой көтөрүп келаткан бир баланы бейкүнөө туткундап отурасыз. Ал деле сиздин жатыңыз эмес. Балбай экөөңүз таяке-жээн эмессиздерби. Сиз Балбайдын Пири болосуз. Балбай сиздин эркеңиз болот. Кыргыз болгон жерине тыштан от күйгөн душмандык болсо, аны Балбай экөөң көтөрөсүңөр. Ал сиздин аркаңыздан эл жүгүн аркалаган адам болот. Баланы эл-журту күтүп жатат, эркиндик бериңиз. Биз ушул максат менен алдыңызга келип отурабыз. Бардык карапайым эл эки Улуунун кулу: биринчиси – Кудайдын, экинчи – хандын кулу дегенде, Ормон Сарт акеге абдан ыраазы болуптур.

Сарт баатыр, болду-болду. Сөз эки болбойт. Балбай бошотулат. Эки аптадан бери бизге мейман болуп жатасыздар. Эми дагы бир апта күтүп бериңиздер, – дейт. Иш оңунан чыккан соң, бир апта күтүү да кеп бекен деп, Сарт аке ыраазылыгын билдирет.

Көрсө, Ормондун бир апта күтүп бергиле дегенинде кеп бар экен. Ал жаш кезинен Балбайдын жүрөгүн калтырам деп, зынданга салып, кулагын чунайта кесип, жайдын күнү кум ширетилген оор кийиз өтүк кийгизип, суусундугуна деп, көгөндүн кирин чылап берип, алын кетирем деп, күн тийбес сызга бактырып жүргөн экен.

Ошол тапта баатыр баланын кызылы өчүп, арыктап турган кези экен. Бир апта ичинде Сарт акелерге билгизбей, баланы жууп-тазалап, айдарым жел соккон жерге алып чыгып күчтүү тамак-аш берип, өңүнө кызыл чуркатып жаткан тура.

Убадалашкан мөөнөт жеткен күнү Ормон хан улуу байбичесинин өргөсүнө казан астырып, меймандарды алдырат. Тамак-аш желип бүткөн соң, Балбайды чакыртат. Балбай баатыр эшиги түрүлүү турган өргөнүн босогосун аттап кирип, отургандарга салам айтып, ирегеге сыңар тизелеп олтура калат. Сарт аке балага көз чаптырса, анча деле жүдөңкү эмес. Жоо-жарагын берип, татынакай кийинтип койгон.

Ормондун улуу байбичеси, суусундук деп, чоң сыр аякка кымыз куюп Балбайга сунса, бала эч кимге назар салбай, тынбастан тартып жиберип, аякты тегеретип таштап коёт. Бардык сөз да, сый да соңуна чыгат, бата тиленет. Босогодо отурган Балбай үн-сөзгө келбей, эшикке биринчи чыгып баратып, жер босогону кемире басып өтүп, түз эле күн мурун камдап койгон жасалгалуу атын өзү чечип минип, артын карабай бастырып кетет. Ормондун улуу байбичеси Сарт акелердин карааны үзүлгөнчө, көзүн албай карап турса, Балбай баатыр

кылчайып артын карабай кетет. Бир оокумда байбиче үйгө кирип:

– Ханым, Балбайдын жүрөгүнүн үшүн алам деп, чеки иш кылып жүрүпсүз. Сиз сөзгө алагды болуп жүрүп байкоо салбадыңыз. Балбайдын ичине кек кетти: суусундукту ачуусу менен тынбай ичип, аякты тегеретип таштады; чыгып бара жатып бийик такалуу өтүгүнүн такасы менен жер босогону жемире басып кетти; ат байлаган мамыга чейин атайы такасын ура басып, жерди оюп кетти; эч кимге карабай аттанып, кош деп үн катпай, караанды үзүлгөнчө артына кылчайбай кетти. Эмнеси болсо да, чоң кек менен кетти. Ханым, айтты-койду дебеңиз, акыры ажалыңыз Балбайдан болот көрүнөт, – дейт.

Ошентип, кымбаттуу окурман, Балбай баатыр элине келген экен.

Эми Сарт акенин көл бугусун сактап калгандагы бир акылмандыгы жөнүндө кыскача кабар берели.

Ормон хан бугу уруусунун баатыры Балбай колдуу болуп өлгөндөн кийин (бул өзүнчө кыйла санжыра), сарбагыш уруусу хандын кунун алабыз деп, бугуга бир нече жолу бүлгүн салган. Бирок Балбай, Өмүр баатырлар баштаган бугу уруусун багындыра албаган соң, сарбагыштар казак Тезек төрөгө алтын, күмүш, үйүр-үйүр жылкы белекбечкекке алып барышып, андан кол сурашмак болгон кабар бугу элине угулат. Бул кабарды уккан соң, эми туруштук бере албайт экенбиз деп, бугу эли Текес тарапка көчмөкчү болушат. Чынында, элдин айласы кетип калат. Ошондо Сарт аке элге кайрылып, сабыр кылгыла, мен билгенден Тезек төрө аял жандуу адам эле, эл арасынан чыгаан сулуу кыз, же бир жубан тапкыла дейт. Кыз бергенди ыраа көрүшпөй, алдаяр уругунан (азыркы өрүктү айылынан) эрден чыккан, абдан сулуу бир жубанды таап келишет. Төрөгө ылайыктуу аял заты табылган соң, сөзгө устат, акылы менен шартка жараша айла тапкан жигит керек болот. Эл жыйылып ойлонуп

отурушуп, ар кимди сунуш кылышат. Сарт аке анын бирин да жактырбай, буга бир гана Тилекмат жарайт, Тилекматты, күндөп-түндөп болсо да, Текестен алдырышыбыз керек дейт (Тилекматтын Текеске кетип калышы өзүнчө санжыра). Ал көл бугусунун мыктылары: Тилекмат Зарыпбектен катуу таарынычка тушугуп, жакындары, бала-чакасы менен көчүп кетпеди беле, ал келбейт го, бекер убара болуп, убакытты текке кетиребиз го дешет. Анда Сарт аке:

– Тилешим экөөбүз (Тилекматты Сарт аке атынан айтпай, ал кичүү болгондуктан, дайым Тилешим, менин ыйык Тилешим деп айтчу экен) тү деген түкүрүгүбүздү жерге түшүрүшчү эмес элек. Ал экөөбүз улуу-кичүүлүгүбүзгө карабай эгиздей ынак элек. Мен ага да бир ишеничим бар. Тилекмат – эл үчүн, эл кереги үчүн жаралган адам. Эл ашына оор иш түшүп жатканын укса, ал чыдап тура албайт дегенде, айтса-айтпаса төгүнбү дешип мыктылар макул болушат.

Ошентип, эл башына оор иш түшкөнүн, Тезек төрөгө барууга Тилекмат жарай тургандыгы жөнүндө Сарт аке айтып, атайы Сарт аке чакыртканын чабарман билдиргенде, Тилекмат ата: – Сарт аке жибердиби? – деп үч жолу сураптыр. Чабарман да үч жолу дааналап, бир эле жооп айтыптыр. Ошондо Тилекмат ата: – Мен кеттим. Эми кайта бул жакка келбейбиз, силер көл бетине көчүп келе бергиле деп, чабарман экөө жөнөп кетет.

Күндөп-түндөп жол жүрүп, Тилекмат Сарт акеге келет. Болгон-койгонду толук түшүндүрүп, Сарт аке: – Тилешим, мен акыл таптым. Жакында күңгөйлүк алдаярдан бир чыгаан сулуу жубан таап, аны татынакай кийинтип, беш көкүлдөп чачын өрдүртүп, жууп-тарап койдук. Ал күлгүндөй жапжаш эле бойдон экен. Атын Төрөкан (Төрөтай деп айтышат) дедиртип, эстен кылгыс жат кылып салдык. Эми сен Тезек төрөгө бар, кандай да болсо кезигип, биз Текеске биротоло кетип жата-

быз. Биздин элде Сизге атайы арнаган белек бар эле. Ал ченде жок сулуу төрөлгөндө, төрөгө ылайыктуу жан экен деп, атын Төрөкан койгонбуз. Ошол кыз быйыл бойго жетти. Тынчылык болсо, жайда өзүбүз эле алып келип бермекпиз. Эми минтип шашылыш кетип жатабыз. Сизге арнаган кол тийгис белекти алып каласызбы, же Тескеке алып кете берелиби де. Тезек төрө аял жандуу неме эле, бир жооп айтат, андан аркысын өзүң бил дейт.

– Жанына канча жолдош аласың, Тилешим? – дегенде, Тилекмат ата: – Көргөнүн көргөндөй, укканын укандай төкпөй-чачпай айтып келгенге жараган бир гана жигит кошуп бергиле дептир.

Ошентип, сөз төркүнүн, жол багытын билип алган соң далай жол арытып, Тилекмат ата Тезек төрөнүн айылына келет. Дал ошол мезгилден бир аз мурдараак сарбагыштардын бир топ аттуу-баштуулары белек-бечкеги, толгон-токой тартуусу менен төрөнүн үйүнө келип түшүшкөн экен.

Төрө аларды коноктоп, өткөн-кеткен, боло турган кептерди сүйлөшүп, эки-үч күн бошобой калат. Ансыз деле төрөнүн жайы катуу кайтарууда болуп, шам-шаркыт кишилерди жолотушчу эмес экен.

Төрө маалы менен даарат ушатканы чыкканда, бир жигити чайнегин, чылапчынын, дагы бири суужоолугун көтөрүп артынан чыгарын Тилекмат ата байкап калат. Эч, ылаажы болбогон соң, дал ошондой учурдун удулун күтүп, кол-аягын жууп, үйүнө бет алганда, Тилекмат ата салам айтып, төрөнүн алдынан чыгат да, баягы Сарт аке үйрөткөндү толук айтат.

**ЭСКЕРТҮҮ.** Тилекматтын төрөгө кезиккенин эки түрдүү айтып жүрүшөт: биринде томоголуу куш салып, анын өнөрүн төөчүгө көрсөтүп, ошол төөчү аркылуу жолуктурушат. Бул варианты чындыкка жакын эмес, легенда сыяктуу айтылат.

Тилекмат атанын айткандарын укканда төрө ойлонуп, ушул чынбы?– дейт.

– Чын, төрөм, чын болбосо ушунча жол арытып шашылыш келбейт элек го дегенде, төрө ачык жооп айтпай, барайын-барайын, болуптур деп үйүнө кире берерде чоң өргөнүн эшигин эки жигити эки жагын көтөрүп, эшик ачышат. Тилекмат ата болсо төрөнүн артынан калбай, төрө менен чогуу эле төргө олтуруп алат.

Көрсө, салт боюнча төрө өз үйүндө да кенен-кесири төрдө олтурат экен. Капырай, бул ким болду экен, төрөнүн өтө сыйлуу адамы го, болбосо анын жанына эч ким олтурчу эмес эле дешип, үйдө жык-жыйма олтурушкан сарбагыштар таң калышат. Ар кимиси бири-биринен сурашып, Тилекматтын ким экендигин биле албай коюшат. Чынында эле, ал кезде Тилекмат ата элге тааныла элек кези экен.

Эки-үч күндөн бери мейман болушуп, төрө менен эркин таанышып калган сарбагыштар көлдүк бугуларды болушунча жамандап, кан ичкичтер, ууру-бөрүлөр, жортуулчулар, хандын канын ичкендер, алардан Ормон хандын кунун алып, элин тыптыйпыл чаап салбаса болбойт дешип дуулдап калышат. Ошондо Тилекмат чөгөлөп олтура калып: – Урматтуу төрөм, хандын кунун алууга болобу? – деп сурап калат. Төрө бир аз ойлонуп, үн ката электе эле дагы озунуп: – Эгер хандын кунун ала турган болсо сиздин аталарыңыз Кенесары, Норузбай хандардын кунун төлөшсүн сарбагыштар. Илгери Мукандын сазына камап туруп, Ормон хан Кенесары менен Норузбайды өз колу менен өлтүргөн. Эми бул уятсыздар аны унутуп коюшуп, сизден кол сурап, Ормондун кунун алышканы жатканын кара! Буларда абийир жок! – дегенде эле төрөнүн кирпиги тескери айланып, ачуусу келип: – Тарт эшикти! Ал белек-бечкегинди! – деп сарбагыштарды үйүнөн кууп чыгат.

Сарбагыштар кеткен соң, Тилекмат ата төрө менен кенен-кесири сүйлөшүп, көлгө качан келерин, Төрөканды качан аларын тактап (төрө эки аптадан кийин бармак болот), көл бетине жеткиче казактардын узатып коюшун суранып, элине жүрүп кеткен экен. Ошондон баштап Тилекматтын атагы калайык калкка тараган. Эл айтымында, Тилекмат ата кызыл тилдүүнүн чечени болгон. Ошондон улам аны "сөз атасы" деп даңазалап аташкан.

Болгон-койгонду төкпөй-чачпай бектерге, манаптарга, бийлерге, кадырман аксакалдарга айткан соң, алар чогуу-чаран кеңешип, бугунун мыктыларынын баарынын жакшы өргөлөрүн Жыргаландын жайлуу жерине шаар кылып, кырка тигишип, Төрөканды жасап-түзөп, кулпунтуп кийгизип коюшат.

Болжогон күнү төрө жигиттери менен келип, күйөө каадасын жасайт. Өргөдө Төрөкан менен бирге болгондун эртеси мейман болуп отуруп, Сарт акенин кулагына: – Төрөкан кыз беле, же катын беле? – деп шыбырайт. Анда Сарт аке: – Төрөм, кызыл кулак болсо кыздыр, ак кулак болсо катындыр; аны койнуна түнөгөн сиз билбесеңиз, мен кайдан билем, дегенде төрө үн катпай калган экен.

1. Илгери аялдар чачын көрсөтпөй, жоолукту ээгине байлап жүрүшчү тура. Ошондон улам кулагы күн көрбөй, көлөкөдө өскөн чөптөй болуп, аккуба тартып турчу. Ал эми кыздар тебетей кийишкен. Кулактары күнгө күйүп, кыпкызыл болчу экен. Күйөөчүлүк шарты, бүткөндө, төрө Төрөканды алып кетет. Элдин айтымында, кийин Төрөкан Тезек төрөнүн кадырман байбичеси болуптур.

Ошентип, Сарт акенин акылы, Тилекмат акенин айлакерлиги жана чукугандай сөз тапкан чечендиги менен бугу уруусу биротоло касиеттүү Ысыккөлдү мекендеп калыптыр.

# САРТ АКЕ ЖӨНҮНДӨ САНЖЫРАЛАР

Сарт акенин нускалуу сөздөрү, акылмандыгы, калыстыгы, чечендиги жөнүндө эл арасында азыркыга чейин көптөгөн санжыралар айтылып жүрөт. Эми анын айрымдары менен тааныштыра кетели.

1. Илгери бугу элинин Арыктан жана Белектен тараган тукумдары ич ара нараздашып, бири-биринин кылганын жактырбай өз ара кырданып жүрүшөт. Ошондо Арык тукуму:

– Кой, минтип жүрө берүү болбостур. Жакшылап кол курайлы дагы, Белек тукумунун эси-көөнүнөн калгыс бүлгүн салалы, – дешип камынып калышат. Бул кабар тез эле Белектерге жетет. Каршылашуунун арты жакшылыкка алып барбайт. Кандай да болсо, чыр-чатактын алдын алалы. Эл бөөдө жапа чекпесин. Мындан чоң окуялардын да жолун тапчу эле, дөөлөс Сарт акеге акыл салып көрөлү дешип, ага болгон-койгонду билдирип, киши жиберишет. Сарт аке бир аптанын аралыгында барып каларын айтат.

Белекке барардан мурун Тилекматты, Токсобаны, Солтонкулу байды чакыртып, аларга деле сырдын түйүнүн айтпай, Белектик жүз беш жашка чыккан карыя менен учурашып келели. Ал карылыкка алдырып, анын үстүнө азыркы тапта төшөк тартып калыптыр. Анын ал-ахыбалын сурап коёлу. Мурда колунан даам татып жүргөн кадырман адам эле. Тирүүчүлүк парзыбыздан кутулуп келели деген жүйө менен жөнөп калышат. Арык тукуму Белектен Сарт акеге кабарчы барганын эшитип калышкан экен. Тилекматты таба албай, Солтонкулу байга кезигип:

– Биз бир тополоң салмайынча Белек тукуму менен элдешпейбиз. Алардын кыр көрсөткөнү сөөктөн өтүп

кетти. Сарт аке барган жерде иш онунан бүтпөй калчу эмес эле. Эгер эки урукту элдештирүү жөнүндө сөз болуп калса, силер Токсоба экөөнөр макул болбогула. Жок андай болбойт экен, элдешүүгө макулдук берсеңер силерди жазалайбыз, эл-журттан четтетебиз. Кыскасы, бүт жоопкерчиликти силерге жүктөйбүз дешет.

Түш ооп калган ченде Сарт акелер төшөктөгү карыянын үйүнө жакындап калганда, он жетилерге келип калган кенжеси төрдө жаткан атасына жоон топ адам келатканын, алардын арасында Сарт аке, Тилекмат аке, Солтонкулу бар экенин кабарлайт. Анда карыя:

– Сарт аке келатса, акыл атасы келатыптыр; Тилекмат келатса, сөз атасы келатыптыр; Солтонкулу келатса, мал атасы келатыптыр, чакыртып келтире албаган адамдар турбайбы. Элге кабар бердир. Аттарын алып, конок камын көргүлө, – дейт. Меймандар үйгө киришип, мал-жанды, карыянын ахыбалын сурашкыча, айыл-ападагылар чогулушат. Кокту этегинде жайылып жаткан бир короо ириктен тандап, бир нечесин союшат. Эт бышып алдыга келгенде, бейтап болуп жаткан карыя кенжесине капаланып:

– Мен сени адам болот го деп үмүттөнүп, эл аралатып жүрдүм эле. Сенден оңгулуктуу жакшы адам чыкпай калган турбайбы. Ушул адамдарга да майда жандык сойчу беле? Кайрадан казан аскыла, тай сойгула, – дейт. Анда Сарт аке:

– Жок, байым. Бизде убакыт жок. Шашылышпыз. Азыр кайра тартабыз. Ыраазыбыз: бизге ушул эле жетет десе, карыя көшөрүп болбой коет. Меймандар карыянын шагын сындыра албай, дагы мейман болушуп, ал күнү конуп калышат.

Баргандан кеткенге чейин Сарт аке эки урук элдин чыр-чатагы, аларды элдештирүүнүн жолу жөнүндө бирооз да сөз катпайт. Кетерде гана:

– Байым, эми биз кайталы. Иш көп, чоло тийбейт. Мындан ары көрүшөбүзбү, көрүшпөй калабызбы, ал Кудайдын колунда. Азыр Арык, Белек тукумунда сизден ашкан карыя жок. Эки урукка бата берип коюңуз, – дейт. Анда карыя алакан жайып:

– Уучуңар узарсын! Жараткан ынтымак берсин! Бир-туугандар ортосуна муздак жел жүрбөй, колуңарга кол болуп, демиңерге дем улап жүргүлө! Оомийин, – деп бата тилегенде, бардыгы батага кошулуп алакан жаят.

Ошентип, карыя алдына барган максат аткарылып, эки урук эл чыр-чатагын токтотушкан экен.

Илгери эл батаны жандырбай, аны пир тутушкан. Акелер кайтып келе жатышып, Түп дарыясынын боюна токтоп, ат чалдырып калышат. Ошондо Солтонкулу менен Токсоба кабатырланышып, эми эмне дейбиз? Олда Сарт аке ай! Эгер сиз эки урукту элдештирүү жөнүндө ачык сөз козгогонуңузда, кеп башка эле. Биз көнмөк эмеспиз. Айла жок. Батага көнбөй коюуга болбойт эмес-пи, – дешет.

Көрсө, чыр-чатакты чечүүнүн, элди элдештирүүнүн жолу көп тура: чоң-чоң тартуу, белек-бечкек аркылуу, ишенимди уюткан жылуу сөз аркылуу, терең акыл аркылуу, бата аркылуу, кыз алышуу аркылуу.

2. Илгери көл бугусунда Томо деген чыгаан бай болгон. Эрте жаздан ал малын кыштоодон көчүрүп, бөксө жайлоого чыгып калат. Мал жаңы конушка барар менен көз ачырбай бир нече күнү-түнү кара нөшөр төгүп, отун суу болуп, тамак-аш бышырып иче албай жутап калышат. Отун жок, айла кеткенде Томо кыштоодо калган мамыларды алып келгиле деп, жигиттерин жөнөтөт. Алар келишсе, баягы мамылар жок. Көрсө, журттагы мамыларды дөөлөс Мурат деген кембагал жатакчы жагып алыптыр.

Жатакчынын суроо-сопкуту жок мамыларды жагып алганына Томонун ачуусу келип, "Балтырдагы бит башка чыгат" деген ушулбу? Мен аны чоң жазага тарттырайын деп, алдын-ала Мураталы бий менен кеңешип коюп, жазалоо ишин баштамакчы болот. Доо каралчу күндү белгилешет. Айласы түгөнгөн Мурат жатакчы тугансып Сарт акеге келип, болгон-койгонду айтып, жардам сурайт.

Доо каралчу күнү Сарт аке эл чогулган жыйынга келип, шек алдырбай иштин жайын билмекчи болот. Мураталы бий доо ишин карамакчы болгондо, Сарт аке Мураттын жанына келип, камчы үйрүп жемелеп:

– Атакөрү жаман! Сен эч нерседен кабарсыз кайда жүргөн немесин? Эмдигиче тоо, токой Томонуку экенин, ой-түзөң Боромбайдыкы экенин билбейсиңби? – деп жемелей баштаганда, Томо сөзгө сынып:

– Койдум-койдум, Сарт баатыр. Бул доо сизге жакпай калды деп, доосун жандырганда Мураталы бий да кепке сынып, эч нерсеге татыбаган немеге доо койдурасың деп нааразы болуп, бар, Мурат балам, сен бошсуң деп, кембагалды жолго салат.

Ошондон кийин эл арасында: "Тоо Томонуку, ой Боромбайдыкы", "Карөзгөй кишиде калыстык жок" деген ылакап калыптыр.

3. Тилекмат Тилекмат болуп, бүт бугу элинин ишеничтүү адамы болгондон тартып, эл жүгүн аркалап, көбүнчө үйүнө байыр албай калат. Ошондон улам Тилекматтын үчүнчү аялы Кенжеке байынан күмөн санап, бул эмне кылганы, үйүм, бала-чакам бар дебесе, мал-жанга карабаса, мени салбар кылып таштаганы жүрөбү? – деп бир кыжаалат болсо, өзүнөн улуу эжелери (Тилекматтын байбичелери) ого бетер көкүтүп, биз го – биз, сага эмне кошкөңүл болот? Сенин ондон бир гүлүң ачыла элек жаш-

сың. Сен адам чангыдай катын эмессиң дешип, кулагынын кужурун алышат. Өз күмөн оюна жана көкүткөн сөздөргө жеңдирип, Кенжеке бу көрөкчө кетейин деген бүтүмгө келет. Тилекмат үйгө келген сайын жаагын жанып, долуланып, байынын айткан кебине көнбөй калат.

Болбостур! Муну эстүү аял деп жүрсөм, тескерисинче чыкты. Кадырга жетер түрү жок. Эмитен каражаак чыкса, түбөлүгү түз болбойт. Андан көрө эртерээк кутулайын деп, байталга ыңырчак токуп, уч жолу талак айтып кетиргени жатканда Сарт аке жумуштап келип калып, чырдын үстүнөн чыгат. Тилекмат салам айтат. Кенжеке болсо жүгүнүп, ыйлап кирет. Болгон окуяга түшүнгөн Сарт аке:

– Ээ Тилеш (Сарт аке дайыма ушинтип эркелетчү экен), бул эмне кылганың? Өзүңдү өзүң билип, шаар бузулуп жатканда ага-тууганга кеңешпей!.. “Ачуу – шайтан, акыл – дос”, “Оң колуңдун ачуусу келсе, сол колуң менен токтот” деген сөздү эстен чыгардыңбы? Сен башка тоюп кеттиңби? – деп жемелеп кирет. Анда Тилекмат аке:

– Ээ аба, бугу элине эмес, казакка, сартка (ал кезде өзбекти сарт дешчү), сарбагышка кадырым болсо, анан ушул өз катыныма баркым жокпу? – дегенде, Сарт аке:

– Ырас, Тилешим! Сен оңго, солго таанылдың. Ал башка кеп. Сен катындын күчү тилинде экенин билбейсиңби? Катын тили менен эр башкарат, өзүнө окшогон даанышман адам акылы менен эл башкарат.

Ушунча элге баш-көз болуп туруп, ушул Кенжеке келинимдин ички дартын туя элексиңби? Үй-бүлөгө назар сал, мээримиңди төк. Үй-бүлөнүн түйшүгү да оңойго турбайт. Өңүңдү көргөн тууганга, этиңди көргөн катынга барк өтпөйт. Талак айтып оозуңдан чыгып калган өңдөнөт. Кой, антпе. Молдону, айыл-ападагыларды чакыр. Кайрадан нике кыйылсын. Тилешим, катынга

өчөшүп бир жаңылыпсың... Кенжеке балам, отурган кыз ордун табат. Эрди-катын эгиз эмеспи. Тилешим сени менен – эгиз. Ал эл түйшүгүн тартып жүрүп келгенде, капа кылбай жүр, "Эр кызганган катындан түңүл, эл бузган ушакчыдан түңүл" деген макал бар. Сени да азгыргандар бар көрүнөт. Сен, балам, Тилешимден баар табасың, учуң узарат. Акыры этегинден жалгап, бир башың он болсун. Балам, сенден эл башкарган уул төрөлөт, – дептир. Сарт аке айткандай, Кенжеке байбиче сегиз уул төрөгөн. Алардын ичинен Чыныбай мыкты чыгып, эл башкарган. Башкалары да тың чыккан.

4. Боромбай жүрөгү ооруп, мүрт көз жумгандан бир аз өткөндөн кийин анын уулу Өмурзак Сарт акемдин айтканы айткандай, дегени дегендей келчү эле. Жарыктык эми карылыкка моюн сунуп, элди көп аралабай баратат. Атам Боромбай экөө жаштайынан сырдаш эле. Акем көптү көргөн, көптү билген, не бир доо, чыр-чатактардын ажатын ачып, так калыстык менен иш бүтүргөн, аккөңүл, акниет, бар жокко бирдей караган, абдан боорукер, ырайымдуу адам эле. Атам өлгөндөн кийин анын ордун ээлеген Зарыпбек да ала койду бөлө кыркып, бир чети ичи тардык, бир чети көралбастык кылып, Сарт акени да, Тилекмат акени да жер ооп келген өгөй адам катары санап, Тилекматты кур жалаа менен абакка салдырды, Сарт акени каарыды, эми андан агылып акыл чыкмак беле деп, көз көрүнөө четтете баштады. Зарыпбектин түбү акыры оң болбой турган жагына бет алды. Мурдагы мыктылардын эч кимиси менен алака күтпөй калды. Ак жерден Тилекмат түшкөн торго акыры өзү түшөр.

Сарт аке көп эле адамдарга батасын берип жүрөт. Анын өзгөчө баталары боло турган. Атам менен тең урматтап, көп эле сый көрсөттүм. Бата сурасам, мага да чечилип батасын берер. Жакшы бата берсе аттап-тондоп узатай-

ын деп, Сарт акени үйүнө мейманга чакырат. Меймандуулук соңунда Өмүрзак оюндагы тилегин айтып, акени бата берүүсүн өтүнөт. Ошондо Сарт аке чөгөлөй калып, кыбыланы карап, алаканын кенен жайып:

– Өлүп көбөйгөн мал берсин, ооруп айыккан баш берсин, оомийин, – деп эки ооз гана бата берген экен.

– Сарт акем мага чын дилден бата бербеди. Акем жеке эле Зарыпбекке таарынбастан, баарыбызга таарыныптыр го деп ойлоп, Өмүрзак кош айтышып Сарт акени жөнсалды гана узатып жиберет.

Дал ошол маалда Мойт аке 2-3 киши атланып кеткенин көрүп калат. Бирок алардын ким экенин картайган адам тааный албайт. Мойт аке аттан түшүп, аманчылык сурашкан соң, үйдөн атланып кеткендер ким экенин сурап калат. Өмүрзак Сарт акени коноктогонун, берген батасын, ал батага ыраазы болбогонун айтат. Мойт аке Сарт акенин кандай бата бергенин сурап калат. Өмүрзак болсо анын берген батасын төкпөй-чачпай кайталап берет. Мойт аке Өмүрзактан кандай шарт менен узатканын сурайт. Өмүрзак жөнжай эле узатканын айтат. Анда Мойт аке:

– Олда балам ай ээ, бекер кылган турбайсыңбы. Мен Сарт баатыр менен түбүбүздөн бирге жүрөбүз. Анын сырын жакшы билем. Мындай батасын ал чечилген гана кишисине берет. Сага аялуу батасын, чын пейилден чыккан батасын берген тура. Бул – анын жумурундагы батасы. Көп алыстай электир. Артынан киши жиберип, кайра чакырт, -дейт. Жиберген кишиси жете барып:

– Ата, Өмүрзактыкына эми эле Мойт аке келди. Ал экөө сизди кайрылып келсин деп жатышат, – дейт.

– Ии балам, айтып кой – бата деген бир гана болот. Бата сатылбайт. Эмики жаз келгенде көрөт. Ошондо түшүнөт, – деп Сарт аке бастырып кетет. Жигити кайра келип Сарт акенин жообун айтат.

Айткандай, ошол жылы кыш оор болуп, элди жугуштуу каратумоо каптайт. Өмүрзак өзү баш болуп, бүт үй-бүлөсү ооруйт, бирок эч бири өлүмгө учурабаптыр.

Жаз өтүп, эл жайлоого көчүп барганда, Өмүрзак бугунун мыктыларын Сарт акеге кошуп чакырып, акенин алдына түшүп, кечирим сурап, эл алдында аттап-тондоп узаткан дешет.

5. Сарт аке токсонго таяп калган кезинде, айтылуу Сары-Өзөн-Чүйдөн Мүсүр деген бир жаш манап жигит акенин даңкын угуп, батасы жакшы дейт, берген батасы асыя кетпейт дейт. Эмнеси болсо да, эл-жер көргүчө аке менен жүз көрүшүп, бетме-бет акыл сөздөрүн угуп, алдынан өтүп, батасын алып келейин деп келип калат. Ал Сарт акенин үйүндө беймарал мейман болуп отурганда:

– Аке, Ысыккөлдүн айланасы, аны курчап турган күңгөй, тескей тоолордун өрдөшү кенен, малга абдан жайлуу келет деп укчу элек. Айткандай эле жер-суу кенен экен, көз жоосун алган кооз экен. Көлдө байлар көп деп укчу элек, чыгаан байлардан канчасы бар? – деп сурап калат. Анда Сарт аке:

– Балам, мен билгенден 3-4 эле бай бар: мына, бизге танапташ жерде Тилекмат деген бар: анын жети катынынан он сегиз баласы бар; биринчи бай ошол; арыктан Сарыкенин 13, конурат Карабектин – 12, желдең Карганын – 11 баласы бар. Бай деп ошолорду айтабыз. Балам, чын-чынына келгенде, башы өскөн адамдан ашкан бай болбойт. Ал эми өрүш толо мал түбөлүк байлык эмес, кампа толо жыйып койгон дүнүйө байлык эмес. Мал болсо – бир кыштык. Кыш каарына алып, же кара жут болсо, же ат баса албас калың кар түшүп, мал тээп жей албай калса, малдан кол жууп калат. Кампа толо дүнүйө да түбөлүктүү эмес, буюрса, ээсиники, буюрбаса же өрт менен, же суу менен, же ууру колдуу болуп жоголот.

Балам, байлык жөнүндө дагы бир айтайын дегеним бар, ашык көрбөсөң эсине түйүп кой. Адам ар кандай эмеспи. Негизи эле адам пейлинен табат. Короо-короо кой, үйүр-үйүр жылкы, үй толо дүрдүнүйө болсо, бирок пейил тар болсо, дүйнөдө мындан жарды адам болбойт. Малдын түгү жок, үрүп чыгар ити, мыеологон мышыгы жок, сызга отурган жарды болсо, бирок акыйкатта пейли кенен болсо, мындай адам – бай адам. Балам, мал-жан күтсөң, кенен пейилди кошо күт. Кээ бир адам болот – түк күткөн сайын дагы көбөйтөм деп алектенген. Анын сарсанаасы көбөйтүүдө болуп, пейли тарып, саран тартып калат. Саран адамда ынак дос, жанбирге тууган, эзилишип эришкен сөөк болбойт, жалгыздап калат. Мындан ашкан жардылык болобу, – дейт.

Нускалуу сөздөрдү угуп, көңүлү ыракатка баткан манап 2-3 күн өрү болуп, кетерине бир күн калганда, жигиттерине жетелете келген байтал бээни сойдуруп, атайы камдай келген ээр-токумдуу келишкен жоргону тартуулап, бата берип коюусун өтүнөт. Ошондо Сарт аке:

– Балам, турмушка моюн тозгон – абзел иш. Толсоң – бөксөрбө; чайпалсаң – төгүлбө; узарсаң – кыскарба өмүрүң текке кетпесин; сөзүң сая кетпесин, Аллах-таалам өмүрүң менен пейлиңе береке берсин! Омийин, – деп бата берген экен!

6. Сарт акенин табыпчылык, эмчилик касиети да болуптур. Ормон каза тапканына алты айдын жүзү болгон маалда бир күнү Балбай баатыр катуу ооруп калат. Канча табыпка салса да, оорунун мизи кайтпай, күчөгөндөн күчөй берет. Баатыр күн-түнү тынч алалбай, денеси алеп-желеп болуп, бирде эс-учуна келип, бирде эсин жоготуп жөөлүп, келген кишилерди айрып тааный албай калган учурлары болот. Айла кеткенде Сарт акени чакыртышат. Сарт аке болсо ошол мезгилде Нарын тарапка, учу-

рашып келейин деп, куда-сөөгүнө кеткен экен. Акеге күндөп-түндөп кабар жеткенде, ал да шашылыш аттан ат которуп минип, Талдысуунун Желекарагайындагы Балбайдын айылына жете келет. Келсе баатырдын үйүн тегеректеген эл жүрөт. Аял-буялга карабай үйгө кирсе, Балбайдын энеси, бала-бакырасы ыйлап отурушат. Сарт аке чөгөлөп отура калып, баатырдын тамырын кармайт да, бир чыны суу бергиле да, энеден бөлөгүңөр тышка чыга тургула дейт.

Сарт аке суугa дуба түшүрүп, Балбайдын башынан айлантып, энесине сууну босогого төктүрүп, чыныны босогого көмкөртүп коюп, баатырдын башын укалап көпкө отурат. Бироокумда Балбай тынч алып көшүлүп уктап кетет. Көрсө, акенин колунда да эм боло турган касиет бар экен. Эртеси чоң шашкеде көзүн ачып, чалап сурайт, оор үшкүрүп, өзүнө келип, жан-жагына караса Сарт аке отурат. Ал аны ордунан турууга уруксат бербейт. Бир топ күнү баатырдын жанында болот. Ошол арада Балбайдын ал-абалын билели деп Өмур, Алыбек, Ыстам, Жанек баатырлар, андан соң Мураталы бий, Солтонкулу байлар келишет. Баатырдын абалы оңолгонун көрүшүп, жай отурушуп, Сарт акенин жөө-жайын сурашат.

Сарт аке Нарын тарапта болгонун, кайра тартып келе жатканда сарбагыштарга тие өткөнүн, алар да Балбайдын катуу ооруп жатканын уккандыгын, сүйүнгөнүнөн Төрөгелди баатыр колун катуу кыса кармаганын айтып:

– Эми сак болгула. Төрөгелдинин кол кысуусу бекер болбой калды. Азыртан жоонун келишине камынгыла. Кап, болбостур! Ормондун сөөгүн узатканда буурага артып жиберипсиңер. Андай болбойт эле да. Ормондун кунун кууп, кирген буурадай буркулдап, сарбагыштар бүлгүн саларын мен ошондо эле сезгем. Ата-а, сөөктү ингенге артып жөнөтүп, кылдаттык менен Ормондун оң каржилигин алып, жолдун эки айрылышына, кишиге

көрсөтпөй, житире кагып койгула деп айтууга үлгүрбөй калбадымбы!

Ормон эки доордун (санжырада мусулман менен капырлар доорунун деп айтылат) тогошундагы хан болчу. Ошондуктан, ырым кылып, каржилигин жол айрылышына кагып коюу керек эле. Болбоду... болбоду... Элибиз бир нече ирет бүлгүнгө түшөт экен ээ, – дептир.

Айткандай, Ормондун өз кызынан айттырган (Ормондун кызы Боромбайдын уулу Өмүрзактын аялы болгон) осуяты боюнча Төрөгелди көлдү үч айланган деп жүрүшөт санжырада.

7. Илгери Ормон хан да, Жантай хан да кези келгенде Каркыраны жайлап кетишчү экен. Күндөрдүн биринде Ормон Жантайдыкына келип, мейман болуп калат. Эртеси көл башындагы мыктылар – Боромбай, Сарт аке, Мураталы бий, Тилекмат ата – саламдашалы деп, Ормондун үстүнө келишет. Алдыга келген ырыскыдан ооз тийиишкенден кийин келгендер Ормондун жайын сурашат. Ормон кандайдыр бир нерсе ойлонгон сыяктанып, олтургандарды кыдырата карап алып, Сарт акеге көз токтотуп:

– Ээ Сарт, сени эл акылман атка кондурушуптур. Ал турсун, айлакер, чечен, табып, адам оюн таба билген көрөгөч деп да айтышат. Кана, айтчы мага, эмне акылмандыгың бар? – деп кеп баштайт. Анда Сарт аке Ормонду карап, жылуу маанайда жылмайып:

– Эч кандай деле артыкча акылмандуулук кылганым жок, ханым. Сиз уккан кеп, мен картая баштаганы, келин-кесектин эле тергегенинен улам болсо керек, деп коёт.

Анда эмесе мен сени байкап көрөйүн. Экөөбүз табышмак табышалы. Байгеси айгыры баштаган тогуз байтал болсун, же даңкы чыккан күлүк ат болсун. Тапсаң сеники – байге, таппасаң меники. Үйдө олтурган адамдар үн

катпай тунжурап, Сарт акени карап калышат. Сарт аке да бир азга үн катпай туруп, бир аз гана башын өйдө көтөрүп, мен макулмун, ханым, – деп үнүн пас чыгарат. Ормон жамбаштап жаткан калыбынан козголбой:

– Бөрү көздүү, бугу мүйүздүү, буура сындуу, бука моюндуу, куш канаттуу, балык жондуу, бото курсактуу эмне?

Олтургандардын баары ойго батып, табышмактын жообун алар да ойлонушуп тунжурап калышат. Анын эмне экенин Сарт аке айтып атканда эле баамдап коёт. Табышмактын жообун берүү үчүн аке атайы Ормонго бурулуп:

– Ханым, бу биртууган бугу элин жай чилдесиндеги көк чегирткеге теңеп жаткан турбайсыңбы? Көк чегирткенин көзү бөрүнүкүндөй, төбөсүндөгү бугу мүйүзүндөй, мойну буканыкындай чулу, учса канаты куштукундай, жону балыктыкындай, саны буураныныкындай жоон, курсагы төөнүн ботосунукундай торсоюп турат, деп чечмелеп бергенде, Ормон:

– Ой, сен балакет экенсиң! Мен бул табышмакты далай жолу айткамын, эч кимиси чечип бере алган эмес. Мөрөй сеники. Эми сен айт, мен таап көрөйүн деп калат. Сарт аке дагы жылуу жүз менен Ормонго бурулуп:

– Элде жок, жерде жок, көкөтеңирде жок, сууда жок, отто жок, сиз өңдүү ханда жок, биз өңдүү букарада жок. Бул эмне болот, ханым?

Бардыгы дагы ойлонуп калышат. Бироокумда Ормон:

– Бу бир шумдук го? Силер бул табышмакты мурда уктуңар беле? -деп олтургандарга карайт. Алар да мурда-кийин укпаган экен. Ормон эми өзүң айт жообун дегендей Сарт акеге кайрылат. Ал:

– Ханым, бул канаттуунун сүтү. Канаттууда сүт болбойт дегенде, Ормон:

– Сен жок нерсени айтасың, мунуң жарабайт. Сен болмуштагы нерсени айт деп калат. Анда Сарт аке, Ор-

мон да мөрөй алсын деген ниетте, мурда элде айтылып жүргөн табышмакты берет.

– Суу атасы эмне? Сөз атасы эмне? Жол атасы эмне?

Элде бул табышмак акылмандык мааниде мурда айтылып жүргөнү менен, аны Ормон уккан эмес экен. Көпкө ойлонуп таба албай, боюн бошотуп келүү үчүн тышка чыгып келип, ордуна мандаш урунуп олтуруп:

– Суу атасы – ак кар, көк муз. Сөз атасы – акылман. Жол атасы -эл. Жолду эл салат, – дейт. Анда Сарт аке:

– Ханым, айткандарыңыз чындыкка жакын, бирок табышмактын так жообу эмес. Суу атасы – тынымсыз аккан булак. Булак булакка кошулуп дарыя болот, дарыядан көл, деңиз пайда болот. Жол атасы – туяк. Жолду туяк салат, туяк жол арбытат. Көп малды чубатып айдаса жол болот. Сөз атасы – кулак. Уккан кулак болбосо, сөз талаага айтылмак беле? Ар нерсенин сулуулугун көз көрөт, ар сөздүн сулуулугун кулак тандайт, ханым, – деп таазим кылат.

Ормон жеңилсе да, Сарт акеге ыраазы болуп:

– Мен көлдө акылман Боромбай кудам эле деп жүрсөм, андан да акылман бар турбайбы. Байге сеники, Сартым. Мен жеңилдим, – дептир. Анда Сарт аке:

– Ханым, мен бөтөн эл, бөтөн жерде табышмак чечмелеген жокмун. Бугу менен Сарбагыш башынан эле бир атанын балдары. Мен байге албайм, ханым. Менин сурай турган башка нерсем бар, – деп калат. Ормон айт, айта бер дегендей ишарат кылат. Сарт аке сөзүн улап:

– Боордош болгон соң уйдун бөйрөгүндөй болбой, ынтымактуу бололу. Биртуугандарды бөлүп-жарбайлы. Меники-сеники дебей, жашаган жерибиз бир болсун, ичкен суубуз бир болсун. Мага берген белегиңиз ушул болсун дегенде, Ормон ичинен жактырбай, мага сырттан оон келген неме акыл үйрөтөбү дегенсип, тырчып, ачуусу менен санын мыкчып отуруп, бир далайдан кийин

дагы эмне дейсинер дегенсип, Боромбай кудасына көз чаптырат. Анда Боромбай да, Жантай да:

– Сөз эмес бекен! Атаганат, ушундай болсок кана! Баарыбыз биримдик болсок, бизге ким кол сала алат. Сарт аке баарыбыздын оюбуздагыны айтты го, – дешет. Бирок буга Ормон көнгөн эмес. Ормондун өмүрү өткүчө, бугу менен сарбагыш уруусу ынтымакка келе алышкан эмес.

8. Бир эле Кылжыр атанын балдары – Бугу менен Сарбагыш, үзөңгүнү чирене тең тебишип, бирине-бири баш бербей, бул жер, тигил мал меники, сеники дегенден улам чыр ырбап, бири Ысыккөлдү, экинчиси Кемин менен Кочкорду мекендешип калганына, Ормондун амал-айла менен хан болгонуна көп болгон. Күндөрдүн биринде Ормон оолугуп, бу катын бугу кыйладан бери кепке-сөзгө келбей калды. Буларга бир сыр көрсөтөйүн, көлдү мен жердейин деген ниетте Оргочордун туу белиндеги Долоно деген кырга келип, Көл айланасына көз чаптырат, теребел тегиз алаканга салгандай даана көрүнөт. Чыгышы менен батышы, күңгөйү менен тескейи, дарыялар агып түшкөн өзөндөр, көлдү курчап турган тоолордогу көздүн жоосун алган токойлор, түркүн канаттуулар...Мына жер соорусу деген! Ар бир өзөндө малга жайлуу Карабаткак, Чонжууку, Кичижууку, Байтөр, айтылуу Каркыра деген төрлөрү, кышкысын кар жатпаган Актерек, Тамга, Тосор, Тон, Байсоорун, Карой, Чонсарой, Чырпыкты, Торайгыр деген кыштоо жерлери меники эмей кимдики? – деп кыялданып, бир жигитин Боромбайды чакырууга жөнөтүп, калгандары менен Долонодо жай алып түштөнүп олтурат. Кабар тез эле Боромбайга жеткенден кийин, ал Сарт аке, Мураталы, Томо, Тилекмат, Ыстам, Карабек, Жаныбек, Шапактан Качыке ж.б. жыйып, Оргочорго Ормон келип, биздин тез келүүбүздү буйруптур, жүргүлө, болгон-койгонун бара

көрөлү деп жөнөп кетишет. Туш оой Ормон жай алып отурган жерге келишип, аттарынан түшүп, кол куушуруп, салам беришсе хан алик албай, кыр көрсөтүп, көлдөн көз айырбай тиктеп, табылгы чыбыктын учу менен жер сайып отура берет. Көрсө, көлдү, анын айланасындагы ажайып жерди мага бергиле деген ишараты экен.

Ормон бир оокумда башын жаңсап, колун созуп, кандай жооп кайтарар экенсиңер дегенсип, келгендерди карайт. Тегеректеп отурушкан көлдүктөр – бу не жоругу болду ичи бузук Ормондун? Кимибиз батынып жооп беребиз деген ойдо бирин-бири карап турганда, Сарт аке:

– Ханым, "Сөз келгенде, сөздү айтпаса – сөздүн да атасы өлөт" деген атадан калган кеп бар. Баятан бери үн сөзсүз отуруп жасаган ишаратыңыздан мен байкап отурам. Эми уруксат берсеңиз, жообун мен айтайын, – деп өтүнүч кылганда, хан Ормон айта бер дегендей баш ийкейт.

– Ханым, биз сизди каранын ханы деп эсептейбиз. Сизден ар качантан бери калыстык күтөбүз. Бу көл өрөөнүнүн асылдыгына, анда жашаган бугу уруусунун Кудайга шүгүр жашоо-турмушуна сук артканыңызды койбодуңуз го? Көлдө нелер кана жок. Ырасын айтканда, ким болсо да суктана турган жер. Көлдө балык көп деп, орус сук артат; малы семиз, эли бай деп, кокондук кара сарт көз артат. Ханым бу көл – Кудайдын жери. Анын азыркы ээси – бугулар. Көл өрөөнүндөгү күтүрөгөн көп малдын ээлери бар. Бугу элине баш-көз болгон өз кудаңыз Боронбай бар. Көл өрөөнү – бугу элинин ырыскысына бүткөн жер. Бешенесине бүткөн ырыскыны жөн эле бере койбос бугулар дегенде,

– А-а, ушундай экен го!? – дегенден башка сөз айтпай, адатынча ачуусу менен эки санын мыкчып, катын бугу, сага элеби! – дегендей кекетип, муштумун түйүп, этегин кагынып, кош айтышканга келбей жөнөп кетиптир.

Ормон кеткенден кийин, Сарт аке:

– Ормондун муштумун түйүп кеткени – көрсөтөм силерге, эл-жер меники, өз ыктыярыңар менен кечиктирбей оң жооп бербесеңер, чаап алам дегени. Эми сак болгула! Айтты-койду дебегиле, бир коогалаң болорун болот. Кол жыйгыла. Чек арага күзөтчү койгула, – дейт.

Айткандай эле, кийин эки уруу ортосунда уруш болот; Ормон колго түшүп, Балбай баатыр колдуу болуп өлөт.

**ЭСКЕРТҮҮ.** Ормондун Балбай колуна түшүшү жөнүндө да бир нече вариантта айтылган санжыралар бар. Ал тууралуу өзүнчө сөз болор.

Ормон табарсыкка найза жеп, ичине кан толуп, өтө кыйналып, бирде эс-учун жоготуп жөөлүп жатканда, анын мал бобосун билишкен эл, боору ачып, тез эле анын көз жумуусун тилеп калышат. Бирок Ормон ажал менен кыйла кармашат. Ошондо үйүндө отурган Сарт акеге киши жиберип, Ормондун өтө эле кыйналып жатканын, кайратына, баатырдыгына, ден соолугуна байланыштуу жаны чыкпай атканын айттырат. Бул кабарды уккан соң Сарт аке:

– Ормон, бир болсо, күн батканда, анда болбосо, жылдыз толгондо, жан берет. Эгер андан өтсө, чочутуп, катуу айкырык менен: баатыр, элди жоо каптап, кырып кирип келди! Турбайсыңбы! – дегенде ордунан тура калып жан берет. Төрөй албай жаткан аялды да чочутуп: элдин баары көчүп кетти, журтта жалгыз калдык, төрөбөйсүңбү! – деп чочутканда төрөп коюшу ыктымал, – дейт.

Сарт акенин соболун түн ортосу ченде Ормонду чочутуп айтышат. Айткандай, көйнөк-дамбалчан төшөк үстүнө тура калып, шайы жок күп этип төшөккө кайра кулаганда жан берген дешет.

# ЖЫЛКЫАЙДАР УУЛУ ТИЛЕКМАТ АТА

*Сөз атасы – Тилекмат.*

**(*эл накылы*)**

*Жараткан бүт бергенин койбой алат,*
*бир гана жагымдуу сөз аман калат.*

**(*Фирдоуси*)**

*Элге жагам десең, элдин каалап уккусу*
*келгенин айта бил.*

**(*«Кабус Наме»*)**

*Сөз – жүрөктүн ачкычы.*

**(*Конфуций*)**

*Тилдин мизи кылыч мизинен өткүр келет,*
*каалаганда кара ташты кайыштай тилет.*

**(*Хилоли*)**

*Кылычынан кан тамганды тилинен бал тамган жеңиптир.*

**(*казак макалы*)**

*Бирөөнөн курч сөз уксаң, унутпай мээге түйүп ал. Сөз ой менен тилди ортосунан бууп турган чиеленген түйүндү чечүүнүн мыкты ыкмалары болот.*

**(*бурят-монгол накылы*)**

Тилекмат атанын дарегинен, элге өтөгөн кызматынан кеп баштардан мурда ага Сарт акенин айткан мүнөздөмө-баасын берүүнү ылайык таптык.

Санжырачы Бараканов Акундун, Алымбаев Темиркулдун, Иманов Дөөлөтказынын (Декеш) айтымында, Сарт аке киндик кесип, кирин жууган жерге, айтылуу Нарын дарыясынын жээгине (азыркы Нарын шаарынын күн чыгыш четине) көчөр алдында бүт бугунун мыктыларын чакырып, ажыраш аяк бериптир. Ошол ажыраш

аяк берерден бир күн мурда Тилекмат шакирти түшүнө кирип, кетип бара жаткан сапарына ак жол каалаган экен.

Чакырган меймандары түгөл жыйылып, үйдөн даам сызышкандан кийин малга бата кылып коюуларын өтүнүшкөндө, Сарт аке келгендерге, бала-бакыраларына кайрылып: – Бул малдан башка дагы бир жылкы алып келгиле. Бейиши болгур Тилекматым кечээ түшүмө кирип, сапарыма ак жол тиледи эле. Ушул иш менен чогуу-чаран куран окуп коёлу, – деп өзүнчө мал алдырып, дуба окушат.

Жыйылган мыктылар Сарт акенин төрүндө өткөн-кеткенден кеп салып отурушканда, сөз арасында Солтонкулу бай Сарт акеден:

– Сарт аке, Тилекматтын түшүңүзгө киргени сиздин ал кишини көп эстеп жүргөнүңүздөн болсо керек. Анын көзү өткөндөн бери шарты келген жерде көп оозанасыз. Тилекмат ыраматылыкты сизден мыкты билген киши жок. Ал атасынын ордуна Бирназар бийдин жылкысын багып жүргөн кезде, сиз анын бекер адам эмес экенин, Кыдыр – Алейкисалам колдогон адам экенин туюп, жаш кезинен эл аралатып, элге таалим кылдыңыз. Эми уккандардын эсинде калсын, Тилекматтын даана ким экендигин айтып бериңиз, – деп калат.

– Мен сөзүмдүн жетишинче Тилештин ким экенин айтып берейин, баарынын болбосо да кээ бирөөнүн эсинде калар. Тилекмат эл алдында озуп жүргөн адам болгон. Учурда болуп жаткан жагдайды туура түшүнүп, туура жыйынтык, бүтүм чыгармайын алдыда боло албайт адам. Көй-көйлүү масалелерди алдын ала туюп, анын ылаажысын таппайын көч алдында жүрө албайт адам. Дидарлашкан адамдын сөзүн айкын таразалай албасаң, анын дидарынан кайгы-капаны, кубанычты, ачууну, кенендикти, тардыкты, акыйкатты, караөзгөйлүктү, максат-

ты, үмүттү байкай албасаң, аны оңойлук менен жеңе албайсың, оңойлук менен ынандыра албайсың. Ынандыра албаганың-жеңе албаганың.

Элдин ал-абалы, бүтүндөй тагдыры жөнүндөгү ой-санаа, каның менен жүрөгүңдү тынымсыз жарып өтүп, бүт денеңди тынбай аралап турбаса, алдыда койгон улуу милдеттин мүдөөсүнө чыга албайсың. Не дегенде, элдин тагдырын эстен чыгарбай эңсеп туруу жанга кубат берет, дем берет. Элдин тагдырынан кубат алып турган адам бийик аскадан агып түшкөн дайранын агымындай шар, кубаттуу, илеби күчтүү болот. Тилекмат баатыр мына ушундай асыл адам болгон. Тилекмат баатырга кубат берип, анын шыгына шык кошуп турган, көзгө көрүнбөгөн касиет анын рух тазалыгында болучу, анткени ал жалган көшөкөрлүктү, кошоматчылыкты, экижүздүүлүктү, жойпулукту жыландын уусундай көрүүчү. Ушул өңдүү ыпылас, адам жашоосунун караңгы түнүнөн оолак жүргөн, пейли таза инсандарды өзүндөй көрчү, аларга айныксыз ишенчү, өз бооруна тартчу.

Тилекмат баатырда мен көргөн даанышман адамдарга окшобогон Кудай-таала анын өзүнө гана тартуулаган касиеттери бар эле: ал – тубаса элчи болуп жаралган адам; ал– чукугандай сөз тапкан, сүйлөгөндү куюлуштуруп, сөздүн майын чыгарып кеп кураган адам; ал – өзүнчө эле бир оргуштап атылып, жалын болуп жалбырттап турган адам. Аттиң ай! Жалын тез өчөт деген чын белем. Бизден мурда өчүп калбадыбы? Эл үчүн бүткөн жалын өчсө, арман эмей эмне!?

Тилекмат баатыр менен бет маңдай тикебагышып сүйлөшкөндө эч ким туруштук бере албаган. Эч ким даай албаган, арыстандай сүрү бар адам болучу. Ал жалындап кызып сүйлөп бергенде, алоолонуп күйүп турган коломтодогу отту үйлөп өчүрө албаган сыяктуу анын күчтүү, кубаттуу, таасирдүү сөздөрүнүн илебин эч ким кайтара алчу эмес.

Тилекмат баатыр жумурай жандан чыккан теңдешсиз чечен, акыл айлакери гана болбостон, жүрөгүндө жалыны бар, өлүмдөн жалтанбаган баатыр болгон. Эл башына оор иш түшкөндө, ажалга тике карап, туулдум-өлдүм деп белсене бел байлаган, кара чаар жолборстой сүрдүү да, сымбаттуу да адам эле.

Тилекмат баатыр эч убакта байлыктын, мансаптын артынан куубаган, ошол сапаттары аркылуу Аллах – таалага жаккан, анын ыйык жолунан чыкпаган, карандай таза эмгеги, таман акы, маңдай тери менен жанын жанга уруп, талыкпай эл кызматында болуу менен унутулгус, чоң кадыр-баркка жеткен адам эле. Жаш-кары дебей, улукман, билерман дебей, аны баарыбыз сыйлоочу элек, баарыбыз туу тутчу элек. Чиркин, өлүм кимди өксүтпөйт! Гүлдөп турган кезинде, нур болуп телегейге тегиз тийип турган кезинде өзү бергендин астына бастыра бербедиби! Бул арман эмей эмне!?

Тилекмат баатырга айта берсе сөз жарашат. Ошондо да аны толук сымбаттап айтууга сөз табуу кыйын. Аны Кудай-талаа жаратканда бактылуу, дөөлөттүү жараткан: андан тунук акылды да, ары ширин, ары өткүр, ары таасын сөздү да, өнүп өскөн тукумду да, кайрат менен сабырдуулукту да, жада калса, келбетти да, өңдү-түстү да аяган эмес. Тилекмат ушунун баарына сыймыктанбаган, чиренбеген, өтө карапайым, жупунулукту урматтаган көтөрүмдүү, кең адам эле. Ал кадыр-баркты, дөөлөттү, Аллах-таалам берген бардык шыбаганы астейдил көтөрө билген адам эле. Ошон үчүн ага Аллах-таалам бардык тилегенин берген. Мындай адам – эл сыймыгы , эл куту! Тилекмат баатыр төрөлгөндө, касиеттүү Ысыккөл жээгиндеги элге ырыскы-шыбаа тартуулаган.

Чыгаан мыкты адам бир үйбүлөдөгү ата-энеден жаралганы менен, анын дабаасы, анын керемети күндүн нуру сыяктуу телегейге тегиз тийип турат. Тилекмат баатыр–

мына ушундай адам. Ал – баарыбызга бирдей адам. Аны алакандай бирди-жарым топко, же уруугa таандык кылып, мeники-сeники деп айтууга болбойт. Кудайым жараткан жер-эне кандай жалпыныкы болсо, Тилекмат баатыр да – дал ошондой жалпыныкы, калайык-калктын табылгасы, ырыскысына жаралган адам.

Адам менен кошо жаралган кеп өнөрүн ар ким өз даремeтине жараша түшүнүп, упаасын көрөт. Жашоодо шыгына, тагдырына, кесибине ылайык ар ким өз куралын. аспабын пайдаланат: бири найза, кылыч урунса, дагы бири кетмен, күрөк, укурук карманып күн өткөрөт; кай бири өнөрүнө жараша аспап аркылуу тиричилик кылып оозго алынат, ал эми Тилекмат баатырга окшогон касиеттүү айлакердин өткүр, адам тангыс тутунган куралы – бал татыган тили. Акыл чечендин тили менен аткарылган тоодой чоң иш башка куралдын аракетинен иш жүзүнө ашпай калышы ыктымал. Ширин тил менен табылган бакыт башка курал аркылуу табылбайт. Ал акыйкат чындыкты Тилекмат баатыр алда канча ирет тастыктаган. Анын ар бир айткан кеби ынанымдуу, кулакка сиңертелүү, анткени анын эргип айткан ар бир сөзү жүрөгүнүн мээримдүү илебинен, денесиндеги ысык, эне сүтүндөй жагымдуу, каухардай таза. Таза жана асыл нерсенин эртеңи жарык, өмүрү узун.

Жашаган доордун асыл адамы деген атка конгондон артык не болсун! Асыл адамдар болгон үчүн эл ичи көрктөнүп турат. Тилекмат эл куту, эл көркү болгон адам эле. Не дегенде ал мыктылар гана эмес, ылайдан таза суу издеген, жада калса кылган ишинин аяк-башын боолголой албаган түркөйлөрдүн тилин табар эле. Акылдуунун тилин табуу оңой, түркөйлөрдүн тилин табуу кыйын. Тилекмат болсо элдин тили, тилеги, мүдөөсү, элдин нукура үнү менен сүйлөгөн периште адам эле. Ал ар дайым элдин эмнеге муктаждыгын алдын ала туюп турчу.

Кара таман эл эмнеге муктаждыгын алдын ала туюп турчу, кара таман элге курулай сөз күл азык болуп бере албасын даана билип, демөөр болчу, жөлөк боло турган айла тапчу бир өзгөчө инсан эле. Элдин эртеңин ойлобой, өз алдынча дүңгүрөп доорон сүргөндөрдүн да тизгинин жылуу-жумшак, оркойтпой тартып коёр эле. Эгер ага моюн тозбосо, ыңгайы келген жерде таасын сөз менен канын чыгара жара чаап таштаар эле. Деги койчу, ал олуттуу сөздүн адебин артыкча билген жан болчу. Ар качандан бир качан адамды тамшантып, таң калтырып сүйлөгөндө, капырай, бирөөнүн суук көзү тийбесе экен деп, мен дилимде келме келтирип коёр элем. Ошентип, мен Тилекмат баатырды өз мезгилинин бир жарк эткен даанышманы, бир жаралган көсөмү, бир келип кеткен периштеси дээр элем. Анын учуп кетер күнүнүн алыс болушун, боосунун бек болушун көптөн-көп тилер элем.

Тобо! Кайталап айтайын, бүт жагдайды шырп алдырбай туюп, элдин мүдөөсүн, ал-абалын алардын жүздөрүнөн билеби, чамгарагынан чыккан түтүндөн билеби, айтор, айтып берчүсү бардай эле сезип-туюп турчу, кайран асыл!

Кептин кыскасы, мен өмүрүмдө көп эле мыкты адамдар менен аралаштым, даам татыдым, пикирлештим. Ошондо да Мойт абамдай олуя (бул адамды устатым деп да койчу экен), Тилешимдей шакиртим бирге болгон күндөрүмдү жаннатка чыгарып тураар эле.

Кантели, армансыз жашоо да, өлүм да жок деген ырас экен го. Ушул адамдар менен жыргалым да, кууралым да бирге болчу эле. Жашыбыздын улуу-кичүүлүгүнө карабай бирге доорон сүрдүк. Мына эми өмүрүбүздүн акырына келгенде жаткан жайыбыз ар башка жерден буюрган экен: Мойт абам ыйык мазар Манжылыдан, Тилешим касиеттүү Каракүңгөйдүн өр тайанышынан жай алышты; мага улуу дайра Нарындын жээги буюруптур, – деп сөзүн жыйынтыктаган экен Сарт аке.

# ТИЛЕКМАТ АТАНЫН ТЕК-ДАРЕГИ ЖӨНҮНДӨ

Тилекмат акенин түп тек-дареги жөнүндө эл оозунда сакталып келген санжыраларда бир нече варианттар кездешет. Төмөндө алардын ар бирине кыскача жолдомо берүү менен кийинки чындыкка жакын вариантына таянууга туура келет.

Тилекмат акенин кыбыраларынын бири Жетимишбаев Календин маалыматы боюнча («Санжыра санаты», 1994,63-75-б.) анын атасы Жылкыайдар, анын атасы Алайлык эл башчы Алимбек, Жылкыайдардын энеси Атбашыдагы Боорсок бийдин чаткалдык жээнинин кызы деп айтылган. Мунун тактап коё турган жери бар: биринчиден, Алимбек (алайлык Алымбек датка эмес, аты уйкаш адам) Чаткалдан эмес, экинчиден, Кален аба чоң энесинин атын билбейт экен, үчүнчүдөн, кыргыз жерлеринин географиялык жайгашуусун жакшы билбейт көрүнөт.

Чаткал-бир чети Талас, бир чети Өзбекстан менен танапташ жер. Чаткалдын өзүнүн эле жайлоосу жетиштүү, Атбашыдан кем эмес. Бул жерде кыргыз малы эле жайыт албастан, өзбектердин да малдары жайлайт. Кыскасы, Чаткал менен Атбашынын аралыгы өтө эле алыс.

Экинчи вариантты Бараканов Мукаш (Тилекматтан Чыныбай, Чыныбайдан Баракан. Баракан да эл башчы болуп, азыркы Караколдон Тонго чейинки аймакты башкарган) атактуу санжырачы Данияр уулу Кулбарактын айтуусу боюнча берген. Анда Жылкыайдардын атасын Боорсок бий менен Бирназар бийден башка эч ким билген эмес. Ал экөө эч кимге да айткан эмес. Бул эки бийдин көзү өткөндөн кийинки иликтөөлөр боюнча Жылкыайдардын атасы түштүк тараптагы бир чоң бий экен деп айтылат. Бул вариантта түштүктүк белгисиз

бийдин да, Жылкыайдардын энесинин да аты айтылбайт. Бирок энеси Боорсок бийге баш калкалап келгенде, төркүнү Какшаалда экендиги жөнүндө бир ооз сөз айтат. Мындан башка дареги жөнүндө маалымат айтылбайт.

Бараканов Акун жана Иманов Давлетказынын айткан үчүнчү варианты менен экинчи вариантта айрым окшоштуктар бар: үчүнчү вариантта Оштун Өзгөн деген жеринде (азыркы Өзгөн району) бир атактуу чоӊ бий болгон экен. Анын эки байбичеси болуп, алардан тукум көрбөптүр. Күндөрдүн бир күнүндө көзү ачык сынчыны чакырып алып, менин карылыгым жетип баратат. Ушул мезгилге чейин тукумум жок. Көзүм өтүп кетсе, жыйган дүйнөмө, малга эгедер болор балам жок. Мага төрөй турган катын таап бер, – деп өтүнүч кылат.

Сынчы түштүк аймагын бүт кыдырып, ылайыктуу кыз таппай, акыры Какшаалдан бир тектүү, кадырлуу манаптын кызын жолуктуруп, ушул төрөп, тукум берет, – деп үйлөндүрөт. Кыздын аты – Айымжан. Айымжандын боюна бүткөн кезде бай көз жумат. Ушул тапта, күнүлөрү мураскор ушул болот деп, аны өлтүрмөк болгондо жакшы санаалаштары төркүнүнө барчу жолдун удулун айтып качырат... Жолдо Боорсок бийдин жылкысына туш болот.

Төртүнчү варианты Жетиөгүз районундагы Бозбешик айылынын тургуну дөөлөс Абдыш Мамбетсейит уулу айтып жүрөт. Анда Жылкыайдар черик уруусунан Кожомкул деген бай карыянын токолунан төрөлгөн, – деп айтылат. Бул санжыра вариант боюнча кайсы жердик черик экендиги айтылбайт. Черик уруусу да чачыранды территорияда жашайт: Кыргызстандын аймагында гана эмес, Кытайдагы Аксуу автономиялык облусунда да кездешет. Чындыгында, бул вариант тарыхый жактан такталган кийинки маалыматтардан алыс.

Бешинчи бир этеремиш вариантта Тилекмат атанын түп-дареги-калмак. Илгери кыргыз менен калмактын чабышында колго түшкөн калмак кыздан төрөлгөн делинет. Мында атасынын так дареги айтылбайт. Акыйкатта, бул вариант этеремиш эле.

Алтынчы вариантты атактуу жазуучу Түгөлбай Сыдыкбеков калтырган. Анда Бирназар бий калмактар менен согушуп, кайра келе жатканда жолунан бир келин кезигет. Аны бий өзүнө нике кыйдырып алат. Жылкыайдар ошондон төрөлгөн, – дейт.

Демек, бул вариант боюнча Жылкыайдар Бирназар бийдин бакма баласы эмес, өз баласы болуп калат. Бул вариант да чындыктан оолак: Бирназар бий эч качан жолдон аял алган эмес; Жылкыайдар – бийдин бакма баласы.

Жетинчи вариантты Ош мамлекеттик университетинин доценти, журналист Маматемин Эркебаев «Заман» кыргыз-түрк газетасына (март, 1996-жыл) «Тилекмат элчи)» деген темада жазып чыкты. Байкоого караганда, бул вариант чындык сыяктанат. Анда Жылкыайдардын атасы Ош облусунун азыркы Каракулжа (мурунку Совет) районундагы Ажыке өрөөнүндө жашаган. 1800-жылы жарык дүйнөдөн көзү өтүп, сөөгү ошол жерде Ажыке өрөөнүндөгү Сарыбулак айылында коюлган. Аты-Алимбек, атасынын аты-Кампир, анын атасы-Төлөк, Төлөктүн атасы-Торойчу, анын атасы-Сарыбарчы. Жылкыайдардын энеси-Күмүшай (Айымжан). Күмүшай Катыбагыттагы (Какшаал) даңктуу бийдин кызы болгон.

1795-1800-жылдары Кашкарды бийлеген солто, черик, белек жана башка уруулардын беш бегинин бири мына ушул Алимбек деген бек болгон. Кийинчерээк кайран кыргыздын ичи тар бектери өз ара сүйлөшүп, Алимбекти жок кылып, анын карамагындагы аймакты ала турган болгондо, Алимбек түн жамынып качып чыгат. Ошон-

до Күмүшайдын жети айлык боюнда болот. Күмүшай-Алимбектин экинчи аялы. Анын биринчи аялынан Суран деген уул төрөлгөн. Сурандын тукумдары азыркы тапта Ажыке өрөөнүндө жашап турушат. Сурандын үч уулу болуптур: Айдарали, Көккөз, Мурат. Көккөздүн уулдары Салман молдо, Өмөш илгери Тилекмат айылындагы туугандары менен катташып турчу экен.

Алимбек Кашкардан качып келе жатып, чек арада ашууга келгенде катуу ооруп калып, Күмүшайды боюндагы баласы менен сактап калуу максатында Боорсок бийге жөнөтөт. Күмүшай Боорсок бийди таяке деп эш тутуп, бийдикинде байыр алып калат.

Кыскасы, Тилекмат атанын түп – дареги боюнча бардык варианттарда бир өзөк бар: неси болсо да, алардын (Жылкыайдар менен Тилекматтын) атасы да, энеси да тектүү жерден экендиги айтылат. «Бекер жерден өрт чыкмак беле» (өрт адамга карата айтылган сөз. Ал өткүр, курч, жалыны бар мыкты деген мааниде) деген элдик накыл бекер айтылбасы керек. Айтса-айтпаса төгүнбү, Жылкыайдардын Тилекматы, андан Чыныбай, Чыныбайдан Баракан өрт, мыкты эмей эмне!?

Эми Жылкыайдарга эки ооз сөз: бир вариантта анын азан чакыргандагы аты Айдар болгон, кийин бала он бешке чыкканда, Бирназар бий эл чакырып, бата алып туруп, Жылкыайдар койгон дейт; дагы бир вариантта Боорсок бий койгон десе, кайбирөөндө баланын атасы (көп варианттагы аталары) эркек болсо Айдар кой, кыз болсо өзүң билип кой дептир. Кийин төрөлгөн бала эркек болгон соң, энеси Боорсок бийден Айдар деп коюусун өтүнүптүр. Келиндин жылкы четинен табылганын эске алып, Боорсок бий Айдарга жылкыны улап, Жылкыайдар болсун деп, азанда ат коюптур дешет.

Кептин кыскасы, Тилекмат атанын атасынын аты-Жылкыайдар.

Кеп арасында Жылкыайдар атанын чийге сатылып келген кул деген жабыштырма, коштомо наамы жөнүндө да айта кетели. Бирназар бий Жылкыайдардын мыктылыгынан өз балдарынан да жакын көрүп, эркелетип өстүргөн экен. Бирназар бийдин кадыр-баркы менен Жылкыайдарды кул деп айтмак турсун, өгөйсүң, бакмасың деп айта да алышбаптыр. Бул наам кыргыздын кычаштыгына, көрөалбастыгына, бирөөгө жасалма ат койгондугуна байланыштуу кийин гана, болгондо да, Тилекмат ата эл бийлеп чыкканда, аны көрө албай, кычаштык кылып, атайы кемсинтүү, басмырлоо максатында Зарыпбек манап (Боромбайдан кийинки башманап. Боромбай Тилекмат атаны кул демек турсун, Сарт аке сыяктуу баатырым деп эркелетчү экен) айтыптыр. Зарыпбек бир айтып бир, эки айтып эки койбой, атайы тийише берген соң, Тилекмат ата Текеске көчүп кетиптир. Кийин көлдүк бугулардын башына оор иш түшкөндө, Сарт акенин өтүнүчү боюнча кайра келген.

Кымбаттуу окурмандар! Өзүңүздөр деле калыс болуп көрүңүздөрчү кул деген сөз Жылкыайдар атанын тушунда айтылбаса, антип айтууга эч ким даабаса, жана да Тилекмат айтылуу Тилекмат болуп турганда, Боромбай, Сарт акелер баш болуп, алаканга салып эркелетип турганда Зарыпбектен башка ким батынып айта алат? Ажалдан мурда өлөм деген макоо болсо керек? Бул сөз көлдөн башка жерден чыккан эмес. Ооздон бир жолу чыккан олдоксон сөздү кыргыз жерге береби? Бара-бара көрүнгөндү угуп алып, бозодо айтылган бош сөзгө айландырып алышкан.

Баса, чийге сатылып келген дегенди да тактоо керек. Бул жөнүндө санжыраларда ар башка айтылат. Нагыз жери мындай: Күмүшай эне чыгаан сулуу, келишимдүү, адамдын көз жоосун алган, ары акылдуу, адамгерчиликтүү, Аллах-талаа аял затына тартуулаган назик каси-

еттерге эгедер адам болуптур. Ырасында, Алимбек эл бийлеген бек болсо, анын жактырып алган жары кандай болмок?

Адам напсиси, өзү каниет кылбаса, оңойлук менен тойбойт го. Күмүшай келиндин сырын улам билген сайын Боорсок бийдин сугу түшүп, аялдыкка алууга ниет кылып жүргөнүн байбичеси билип калып, ичи тарып, келинди суук көзү менен карап, кантип айласын табууну ойлоп жүргөндө кудалашкан Бирназар бий чакыртуу боюнча келип калат. Куда күтүү шаани-шөкөтү жүрүп жаткан убакта, байбиче кызына үйрөтөт:

– Бөтөн жер, бөтөн элге кетип бара жатасың. Күмүшай экөөңөр эже-синди катары ынак болуп кеттиңер. Атаң сенин сөзүңдү кыйбайт. Сен Күмүшайды ала кетейин, сырдаш болуп калдык, бири-бирибизге эришаркак болуп жүрөлү деп сура, – дейт. Бул сөздү укканда кызы да сүйүнүп кетет. Кетерине бир күн калганда кыз энесинин айтканы боюнча атасынан Күмүшайды кошо узатууну өтүнөт. Атасы ойлонуп туруп, аргасыздан макул болот.

Эми чындыкка кайрылып көрөлү, бир өрөөндү бүт бийлеген Боорсок бийдин чыгданы жетпей калыптыр дегенде ким ишенет? Ал жок нерсени Алайдан болсо да алдырат эле го? Чыгданы жок экен дегени деле – кайсы бир санжырада айтылган жасалма сөз.

Даам кайып буюрса, адам бир жерден экинчи жерге оошуп келе берет. Күмүшай эне көлгө келери менен, аны Бирназар бий аялдыкка алган. Андан бир кыз төрөлгөн. Тагдыр буюрбаптыр, кызы эрте эле чарчап калыптыр.

Эми Бирназар бий кайра келе жатканда, Жылкыайдар атанын суугa агышы жөнүндө...

Жылкыайдардын тагдырынын бул эпизодунда да түрдүү варианттар кездешет: биринде сууга аккан баланы эртеси дарыянын аралынан бугу эмизип турган жерден табат; экинчисинде баланы тапкан мезгилде аны

ууртунан сүттүн көбүгү чыгып, терең уйкуда болот; үчүнчүсүндө Нарын дайрасынын орто чениндеги бир чоң таштын үстүнө бешик суунун серпиндиси менен чыгып калат, ошол кабарды билгизгендей болуп, дарыянын жээгинен боздогон тайлактын үнү угулат. Бардык варианттарда бала бешикте уктап жатканы бирдей айтылат. Бардык варианттарда баланын суута акканына (энеси өңөрүп келе жатканда, кечүүгө кире бергенде ат мүдүрүлгөндө, бешик суута кетет) көч менен келе жаткандардын бардыгы-күбө.

**ЭСКЕРТҮҮ.** Ар түрдүү вариантта айтылган санжыраларда Күмүшай эненин кошбойлуу учурунда Боорсок бийдин колуна кандайча келип калышы жөнүндө мен атайы токтолгон жокмун. Бул эпизоддо деле ар башка айтылганы менен, өзөгү окшош: негизинен, боюнда бар кезинде качып келе жатып, кечкурун жылкы четинде жүргөнүндө түнкү күзөткө келген Боорсок бийдин жылкычыларына жолуккан болот. Качкын келин Боорсок бийди таякем болот деп айтканда, жигиттер бийге алып келишет...

Жылкыайдардын Бирназар бийдин колунда өсүшү жөнүндө эки ооз сөз. Бирназар бий бир уруу элди башкарып, көп жашап, көптү билген кыраакы, көсөм адам экен. Бийдин Жылкыайдарды өтө эле ынак көргөнүнүн үч себеби болгон: бала бешиги менен суута агып, эртеси аман табылганда, оозунан сүттүн ак көбүгү чыгып, ыйлабай уктап жатышын көргөндө эле бий ичинен, буюрса, бул бекер адам болбойт, мунун колдогону бар, муну алпештеп гана өстүрүү керек деген купуя бүтүмгө келген; бул-биринчиси; экинчиден, бала телчикkенден баштап эле илбериңки, эстүү, ар ишти айттырбай жасаган ийги адам болуп өсүшү; үчүнчү себеби-Жылкыайдар бойго жеткен мезгилде (он бешке келгенде), жылкы четинде көргөн түшү.

Жылкыайдар ата, атына жараша заты дегендей, телчиккенден баштап эле жылкы жаныбарды өзгөчө жакшы көрчү экен. Малга көз болуу курагына келгенде эле бий атасынан жылкыга аттануу өтүнүчүн көп оозанат. Атасы баласынын эрки менен болот. Күндөрдүн биринде жылкыга бир үйүр карышкыр тийип, бала таң атканча кирпик көзүн какпай, жылкыны үйрүп, бирөөнү да чыгымга учуратпай аман сактап чыгат. Жерге жарык кире баштаганда, жылкыны ыңгайлуу бир колотко имерип коюп, өзү кырга чыгып уктап калат. Чарчаган жаш баланын уйкусу таттуу болот эмеспи, күндүн мурду тоодон чыкканын да сезбей уктай берет.

Күн чыгаар алдында эле жылкыны желеге айдап келип калчу эле, буга эмне болду? Акыры тынччылык болгой эле деп, бий атасы шашкан бойдон жылкыга келсе, бала чалкасынан түшүп уктап жатат. Кой, бала ойгонгончо тура турайын деп, аттан түшпөй, аны карап турса, бала кулачын болушунча кенен жайып, кайра кулачын күч менен төшүн көздөй жайбаракат жыйып, бир нече жолу ушундай кыймылды кайталайт. Муну көргөн кыраакы бий, бала түш көрүп жаткан экен деп, ойгонгуча шырп деген дабыш чыгарбай, Кудайга тобо келтирип тура берет. Тэ-э бироокумда бала көзүн ачса, мандайында атасы турат. Атасын көрө коюп, уялып ордунан тура калса, бий атасы: -Балам, уялба, баары жайында. Байкашымча, сен түш көрүп жаткандайсың. Ишаратың ошондой болгонсуду,-десе, баласы:

– Туура айтасыз, ата. Түндө жылкыга карышкыр тийип, таң аткыча алек болдум эле. Жерге жарык киргенде, ушул жерге келип уктап кетиптирмин. Уйку арасында кайра-кайра эле бир түш көрөм. Түшүмдө көлдүн тескейинде бир, күнгөйүндө бир опокшош көк терек (мырза терек) өсүп туруптур. Экөө тең бирдей, көрктүү, бий-

ик өскөн дарактар экен. Мен ошол эки мырза теректин башын ийип, бириктирүүгө көп аракет жасап жаттым. Кайра-кайра ушул түштү көрүп, акыры күч менен терек-тердин башын кошкондо ойгонуп кеттим, ата, -дейт.

Кыраакы бий ата түштү угуп, чечекейи чеч жарылып, ичинен сүйүнүп, шек алдырбай:

– Балам, үйгө жөнөйлү. Түшүң ченде жок түш экен. Аны талаа жерде жорубай, үйгө барып, түлөө өткөрүп, элден бата тилеп, Кудайга сыйынып туруп жоруйлу. Сен бир ак боз бээни жетелей бастыр, -деп үйүнө келишет.

Бардык жөрөлгө Бирназар бий атанын айтканындай аткарылып, баары үйгө кирип, дастаркондон даам ооз-тийген соң, бий өзү жоруйт (дагы бир вариантта атайы түш жоруй турган карыяны чакырышат):

– Балам, касиеттүү Ысыккөлдүн күңгөй-тескейинде өскөн (айрым вариантта өзөндөгү дарыянын эки өйүзү деп да айтылат) сымбаттуу эки терек-анын эки жээгин-деги берекелүү эл экен. Алардын башын кыйла алакет менен бириктиргенин, балам, кудайым буюрса, ошол элдин башын кошкой, эл атасы болгон уулдуу болот экен-сиң. Алды, Кудайым түшүңдүн боосун бек кылсын! Түшүң туш келсин, балам! О-омийи-ин! – дегенде, бийдин ак өргөсүндөгү адамдар алакан жайып, Аллах-тааладан түштүн кабыл болушун тилешиптир.

Ошол түштү жоругандан кийин бат эле Бирназар ата баласын чакырып алып:

– Жыкай (ушинтип эркелеткен), сен он бешке тол-дуң. Жигит болот деген-ушул. Эми үйлөн. Мен сага бир мыкты жигит кошуп берем, экөөңөр көл айланасын бүт кыдырып чыккыла. Ар бир айылдын катардагы кызыл тебетейинен чоң манаптарына чейин байкап кабар алгы-ла. Кимисинин кызы көңүлүңө жакса, канча калың десе да көтөрүп, жактырганыңды алып берем, – дейт. Бала-

сы атанын айтканы менен болуп, көлдү бут кыдырып чыгат. Бирок бир да кызды купулуна толтурбай жүрүп олтуруп, Барскоонго келгенде жол боюндагы өтө мыкты эмес, өтө жупуну эмес бир боз үйдүн эшигине келип, ат үстүндө суусундук сурашат. Үйдөн бат эле бойго жеткен бир кыз чоң аякка суусундук көтөрө чыгат. Чаңкаган жигиттердин бири аякты бошотоор замат экинчисин алып чыгат. Жигиттер ыракматын айтып туруп, кыздын атын сурашат. Кыз: «Атым-Шекер», – деп жооп берет.

Үйдү көздөй бет алып, жолдо келе жатканда Жылкыайдар жолдошуна:– Ушул кыз мага жагып калды. Мен ушуну алам. Не дегенде, менин баамымда, мындан жөндүү адам чыгат, тукуму да бекер болчудай көрүнбөйт,-дейт. Анда жолдошу: Атаң байдын, бийдин, манаптын кызын ал дебеди беле? Сенин бул оюңа не дээр экен? Ата капа болбосо эле болду,-деп кобурайт.

Ошентип, балдар үйгө келишет. Бий ата балдар менен учурашкан соң, иштин жайын сурардан мурда эле: – Балам, сенин аял алуу ниети менен эл аралап кеткениңди айыл-ападагылардын баары бүт билишет. Сен мени уят кыласың, го? – дегенде, Жылкыайдар:-Ата, сиз уят болбойсуз. Мен бай, же манап деп, алардын даңкына, байлыгына куштар эмесмин. Мен көп эле даңазалуу адамдардын кыздарын көрдүм. Мен аларды жактырбайм деп, баш кесир кылбаймын. Ошондо да буюрганы бардыр деп, жер кыдырып келе жатып, Барскоонго келгенде кайып каскагынан бир кызды көрдүм, ошону алып бериңиз,– деп башын иет.

Бирназар бий Жылкыайдар менен чогуу жүргөн жигитти, сен билесиң аны, кимдин кызы экенин, жээк-жергеси ким экенин билип кел,-деп кайра жөнөтөт. Жигит барып дарегин сураштырса, кадимки эле айтылуу Шадыкан ажынын жакын туугандары Онолбай деген дыйкандын кызы экен.

Бирназар бий куда болом деп колун сунса, ким анын назарын суута алат? Арадан көп убакыт өткөрбөй эле бий ата Шекерди уулуна алып берет.

**ЭСКЕРТҮҮ:** Кээ бир вариантта Жылкыайдар Шекерге үйлөнгөндөн кийин түш көрөт делинет. Мейли, бардык вариантта Жылкыайдардын үйлөнгөнү, көргөн түшүнүн мазмуну бирдей. Ошон үчүн көргөн түштүн мезгилин эске албай койсо деле болот.

Эки бала баш кошкондон кийин, жыл маалында, Шекер эне эркек бала төрөйт. **Ошол тун баласы-Тилекмат,** андан кийин Байтайлак, кичүүсү– Кыдырбай.

Балдары биринен сала бири бойго жеткенде, Шекер эне жарык дүйнөдөн кайтат, Тилекмат атасына экинчи аял алып берет. Андан Буржук төрөлөт. Ошентип, эки байбичеден Жылкыайдар ата төрт уул көргөн экен.

Жылкыайдар Бирназар атасынын ыраазычылыгын, батасын анын тирүү кезинде гана албастан, бийдин көзү өтөөрдөгү керээзин дагы аткарып, арбагын артыкча барктаган. Бийдин керээзи боюнча, анын сөөгү Жалалабад өрөөнүндөгү Айыпбулак деген ыйык мазарга койгон. Мазарга жеткенге чейинки жол азабынын оор түйшүгүнүн көбүн Жылкыайдар тарткан дешет.

Балдары мыкты болгон сон, Жылкыайдар кырк жашка келгенден баштап эле ит агытып, куш салып, сыпайкерчилик менен өмүрүн өткөргөн экен.

Тилекмат атанын бир тууган иниси Байтайлактын небереси, санжыра жыйноочу Кален аганын маалыматы боюнча, Жылкыайдар атанын төрт уулунан отуз үч небереси болгон: Тилекматтын алты аялынан 17 уул (жети аялы болгон деп да айтылат), Байтайлактын үч аялынан 9 уул, Кыдырбайдын бир аялынан 2 уул, Буржуктан 5 уул төрөлгөн.

# ТИЛЕКМАТ АТАНЫН КОКОН КОРГОН-ЧЕБИНЕ БАРЫШЫ

Бул санжыра Ачакеев Ыбырай, Абылай уулу Сооданбек жана Бараканов Мукаштын маалыматтары боюнча берилди.

Тарыхый маалыматтарга караганда, Кокон хандыгы түндүк кыргыздарды (аркадагы кыргыз жергесин) жана казактарды, негизинен, 1807–1832-жылдары өз карамагына тарткан. Алардын эң алгачкы чеби Меркеде (казак жери) болгон. Көрсөтүлгөн жылдары Кокон хандыгынын миңбашы деп аталган ишенимдүү беги Кушбек атайы баскынчылык максат менен келип, казак, кыргыз жерлерине Коргон-чеп тургузган. Анын кеңири аймагы Талас, Нарын, Ысык-Көл, Чүй, Алматы жана Иле боюна чейин камтыган. Кыргызстандагы күчтүү чептер Куртка жана Бишкекте жайгашкан. Хандыктын коргон -чептери кыргыз жергесинде эле жыйырмадан ашуун болгон Ысык-Көлдүн күңгөй жана тескейиндеги Караойдун Бөрүкөрбөсүндө Жаргылчак, Тамга, Барскоондо жай алышкан.

Кокон хандыгы ушул коргон -чептер аркылуу кыргыз, казак жерлерин көзөмөлдөп, казынасын чындоо максатында салык салып турушкан. Колдо бар маалыматтарга караганда, кокондуктар түндүк кыргыздардын ичинде Ысыккөл өрөөнүнө эң кийин келишкен. Болжолу, 1830-жылдын жайында Кушбек үч жүз сарбазы менен (желдет-аскерлер) бир ишенимдүү колбашчысын бек ордуна Ысыккөлдүн Тамга деген жерине жиберип, көлдүктөр менен береселерди тактап, андан кийинки талаптарын өз мөөнөтүндө аткарып туруу үчүн көлдүк бийлик төбөлдөрү менен так бүтүмгө келмек болот. Ушундай максат менен сарбаздар Тамгага келгенден кийин, кокондук өкүл көл бугусунун акими ким экендигин би-

лип сураштырып, Боронбайга кат менен бир сарбазын жиберет. Катта көл аймагы бүт бойдон Кокон хандыгынын карамагында деп эсептелесинер. Бул-айныксыз буйрук. Эгерде өз ыктыярыңар менен көнбөсөңөр, каршылыксыз буйрукту аткарбасаңар, кан төгүшкөн уруш башталат. Хандыктын эбегейсиз күч-кубатын билесинер, андан аёсуз жабыр тартасыңар. Ошондуктан буйрукка көнүп, тез аранын ичинде Тамгага келип жооптошосуңар деген өкүм жазылган.

Кабарчы сарбаз Боронбай манапты Чычкандын жайлоосунан таап, катты берет. Болуш катчы молдосуна кабарды окутуп көрсө, жогоркудай үрөйдү учурган суук тапшырма экен. Ары ойлоп, бери ойлоп өзү жалгыз чече албай турган болгон соң:

– Болуптур... мен бектерди, бийлерди, манаптарды чогултуп, кеңеш курамын. Анын жыйынтыгын тез арада кабарлайбыз. Буюрса, иш оңунан чечилүүгө тийиш. Эми сиз жалгыз кайтпаңыз. Мен бир жигитимди кошуп берейин. Ал сиз менен барып, бегиңизге жолуксун. Дагы эмне кеп-келеч болсо, толук угуп келсин. Биз барганда бардыгынын камылгасын көрө баралы, – деп коркок билиш болуп жөнөтөт.

Жигиттер келгенде, сардар башчы, көлдүк бугулардын сесин учурайын деп, Боронбай манап жигитин чайга уу кошуп берип өлтүрүп коёт да, эч кабар билдирбестен кыр көрсөтүп жата берет, кокондуктардын бир амалы ушундай болгон: каршылык кылган тыңдарды амал менен колго түшүрүп тымызын гана уу берип турушкан.

Эки – үч күн биринчи жигитинен кабар болбогон соң Боронбай экинчи жигитин жиберет. Бул сапар кокондук колбашчы эмгиче өзү келип, өкүмдүн жообун бербейт деп каарданып, үн-сөзү жок, эч нерсе сураштырбастан эле жигиттин башын алдырып салат. Мына ушундан кийин Боронбай көл мыктыларын чогултуп кеңеш ку-

рат. Өзү баруудан батынбай, кимди жиберүү керек?– деп отургандарга кайрылат. Ар кимисин ыйгарып отуруп, акыры Мураталы бийге токтошот. Бий андан бетер чочулап, бирок шек алдырбай:

– Мен кыйладан бери ооруп жүрөм, табым жок, баралбайм,– деп кесе жооп берет. Ошондо Боронбай Сарт атага кайрылып, ылаажысын табууга көмөктөшүүсүн сурайт. Сарт аке буга жалгыз гана Тилекматтын жарарын ачык сунуш кылат. Ошол замат Жылкыайдарды чакыртышып, кептин өзөгүн айтышканда, ал уулунун жаштыгын, анын ишенген жалгыз бел байлар жөлөгү экенин, ал эр жеткенден бери жылкыдан колу бошоп, эл аралап калганын айтып, баш тартат.

Отургандар Жылкыайдардын ой-бойуна койбой кысташып, уулуң жалгыз сеники эмес, Кудайым уул баланы эл керегине жараткан. Азыр тез аттанып барып, уулуңа кеңешип кел, ал эмне дээр экен деп, жылкыга жөнөтүшөт. Жылкыайдардын жылдызы жерге түшүп, көзүнө жаш алып, жылкы кайтарып жүргөн уулуна келет. Тилекмат атасын көрө замат, бир коогаландуу кабардан шек уруп:

– Ата, не болду? Неге мынча кабатырланып келдиңиз? – деп сурайт. Атасы болгон-койгонду түгөл айтып, эми элчиликке сени барып берсин деген бүтүмгө келишти. Мен сага кеңешкени келдим. Сен барба, балам, сенин ордуна мен барайын,-дейт. Анда уулу:

– Ата, сиз кайгы тартпаңыз. Эгер билармандар мен айткан шартты жасашса, мен барамын. Мага жоон топ жигит камдашсын. Алар курал-жаракчан, жакшы аттуу-тондуу болушсун. Менин мингениме Боронбайдын аргымак чалыш боз жоргосуна келишимдүү анжиян ээрин токуп даярдап коюшсун. Киериме ар түрдүү түстөгү катар-катар кымкап чепкен даярдашсын. Мен ошондо гана кокондуктарга барамын. Эгер бул шарт аткарылбаса, мен

барбаймын. Ушунун баарын сиз билермандарга азыр кабарлаңыз, – дейт. Жылкыайдар келип, баласынын жообун болушка, бийге, манаптарга айтат. Алар аргасыздан Тилекмат акенин шартына көнүшөт. Ушундан бир-эки күн өткөндөн кийин Тилекмат шаани-шөкөт менен Тамганын чатындагы кокондуктарга келет.

Кокондун колбашчысынын турган жайына чейин эле эки жерден жолду тостуруп, сарбаздар коюшкан экен. Биринчи тосмодон токтотуп сурагандан кийин эле колбашчыга баштап келишет.

– Сиз кимсиңиз?

– Мен Жылкыайдар уулу Тилекмат боломун. Көл өрөөнүндөгү калың элдин ханы мен боломун.

– А Боромбай деген ким? Биз алган кабар боюнча бугунун султаны Боромбай эмеспи?

– Жок. Ханы менмин. Боромбай, бар болгону, көлдүк бугунун белек деген бир чоң уруусу бар, ошонун гана акими. Ал өз алдынча эч нерсе чече албайт. Мен кат келген учурда иш боюнча башка жакта элем -дейт.

Калың топ жасалгалуу, келишимдүү жигиттерин, өзүнүн турпатын, хан сыяктуу тартынбай, сыпаа сүйлөшкөнүн карап, ырасында

Көл өрөөнүн бийлеген адам экенинен күмөндөр болбой, үйгө кирүүгө ишарат кылышып, эшик ачышат. Тилекмат ата болсо хандык сөөлөт менен түз эле төрдөн жай алат. Ошондо колбашчы:

– Биз кыргыз жергесин бүт, казактын Жетисуу өрөөнүн бүт Кокон хандыгынын карамагына өткөрдүк. Алар биздин мыйзамга, жол-жобого толук баш ийишет, биз салык боюнча эмне талап койсок, кыңк этпестен аткарып турушат. Сиз дагы Кокон хандыгына баш иесизби? Эгер жок десеңиз, биз кан төгүү жолу менен, силерди күч менен багынтабыз. Андай шартта силер көп

чыгымга учурайсыңар. Майданда каза тапкан сарбаздар үчүн да кун төлөйсүңөр. Эгер эпке келип, өз ыктыярыңар менен баш ийсеңер, өзүңөр менен өзүңөр боло бересиңер. Бизге шарт боюнча салык төлөйсүңөр, – дейт. Анда Тилекмат:

– Биз алмустактан бери калмак, кытайлар менен кан төгүшүп келебиз. Бирде жеңилсек да, көпчүлүк учурда жеңип келебиз. Ошондой болсо да, кан төгүүнүн залалын билебиз. Биз Кокон хандыгы менен бирге мусулман элибиз. Сиз айткандай, кыргыз аймагы болгон жери чоң хандыкка биригип жаткан соң, биз да кошулалы деген бүтүмгө келдик. Сиз мага ачыгын айтыңыз, салыктын чоо-жайы кандай? Көлөмү канча? Аны ким жыйнайт? Кайда алпарып туруу керек? – дейт.

– Жыл сайын түтүн башына бир кокондон, силерче жыйырма тыйындан, ар жүз койдон беш кой, жүз жылкыдан үч жылкы, жүз уйдан үч уй жыйнап, Бишкектеги бекке өзүңөр жеткирип турасыңар.

– Эми түшүнүктүү. Абдан адилет экенсиңер. Салыгыңар оор деле эмес экен. Анча малды ит-куш деле жеп жатпайбы. Бул шартыңарга мен макулмун,-деп Тилекмат ата элчилик жумшак, жатык мамилеге салып, кокондуктун жылуу сезимин ойготуп, шек алдырбай көз ачып жумганча ишенимине кирип алат. Сөз бүтүмү чыгарылган соң, Тилекмат ата тыштагы катчысын чакыртып, колбашчыдан тил кат, ишеним кат жаздыртып, тастыктап мөөрүн бастырып алат.

Ошол эле жерде, ишти создуктуруп отурбай, чечкиндүүлүк менен ушул жылы беш жүз жылкы, миң кой, үч жүз уй берүүгө Тилекмат ата макулдугун берет. Тилекматтын ишти создуктурбай тез чечкенине, тайсалдабай түз, курч, таамай сүйлөгөнүнө колбашчы ыраазы болуп:

«Ушул киши, Жылкыайдар уулу Тилекмат, Ысыккөл өрөөнүнүн ханы болуп эсептелет», – деген араб, кытай

тамгалары менен жазылган, Кокон ханы Кудаярдын колу коюлуп, мөөрү басылган күбөлүк– катты тапшырат. Андан соң. Тилекматты урматтап, мейман кылат да, сыйдын акырында атайы ала келген адими чен-тонду белекке берет. Ошентип, Тилекматты чоң ызаат менен узатат.

Хандын өкүмдарлык буйругунун ылаажысын таап, барган акыбети кайтып, Тилекмат айылга шандуу келет. Санжыра маалыматында, ушул окуядан кийин Тилекматтын даңкы эл арасына ого бетер желдей тарап, зоболосу көтөрүлүп, баатыр атка конот, жылкычылыктан бошотулат.

Ошентсе да, Тилекматтын чен-тону Зарыпбектин көзүнө түшүп (бир вариантта Мураталы бий деп айтылат. Бирок Мураталы бий ачкөз эмес, адилет адам болгон дешет), бул кулга ылайык тон эмес деп, ичи тардык кылып, тартып алып койгон имиш. Бирок Зарыпбек Тилекматтын тил катын ала алган эмес. Кыраакы, такыба адам катты ата-энеси, эң жакын көргөн байбичеси Кенжекеден башка адамга көрсөтпөй, сыйда кийүүчү чепкенинин оң колтугуна тумар сыяктантып тиктирип коёт, анткени анын качан болсо документ катары пайдасы тиерин билген.

Чиркин! Адам деген-адам да. Тилекматтын эл арасында кадыр-баркы тез өсүп жатканын туюп жүргөн Мураталы бий да азын-оолак ичи тарып, айрыкча Боронбай манаптын кеңешчиси боло баштаганына теригип, атайы айың сөз ойлоп, болушка:

– Тилекмат таза ак дил адам деп жүрсөм, ушакчы өндөнөт. Жылкычы курбуларына сизди болушка ылайык эмес, анчалык алысты баамдай албаган, Кудай-таала жөнсалды гана ырыскы чачып койгон адам экен. Алубактылуу гана болуш, асили ал орун меники деп, сөз таратыптыр. Бул сөздү менин ишенимдүү жылкычым Жанай айтып келди -дейт. Бул ушактын чын-төгүнүнө

жетейин деп, Боромбай Амантурду жиберип, Тилекматты алдырат:

– Ай, бала, мен сени ойдогудай жакшы адам деп жүрсөм, куукай окшойсуң го!? Эмне сен жылкычылар арасына бузуку, ушак сөз таратып жүрөсүң?-деп кекетип киргенде, эч нерседен капары жок, ары эч күнөө кылбаган Тилекмат:

– Эмне дептирмин? Бүдөмүктөтпөй ачык айтыңыз?– деп тике карайт. Боромбай:

– Анткорлонбо! Мен баарын билем. Кылгылыкты кылып коюп, билмексенге салганын кара! -деп кекеткенде, Тилекмат үн катпастан чыгып кетет. Болгон-койгонун келип атасына айтса, ал бул айындын ким тарабынан чыкканын, чын эле көз көрүнөө жасалма ушак экенин билип коёт да:

– Бала, ак ийилип сынбайт деген. Сен бул сөзгө эрегишпей, көтөрүмдүү келбетинди бузбай жүрө бер. Акыры мунун чын-төгүнү билинет,– деп аталык кеңешин айтат.

Ушакка күмөн санап калган Боромбай манап Амантурду жылкычыларга жиберип, Мураталыдан уккан сөздү териштирсе, алардын эч бири да мындай сөздү уккан эмес. Мына ошондон кийин ал Мураталыдан четиркеп, Тилекматтан кечирим сурап, аны биротоло өз бооруна тартып калат. Боромбай менен Тилекмат атанын ынак мамилеси ошондон баштап өрүш алган дешет.

Ушул арада көл бугусун башкарган Боромбай манап, Мураталы бийдин дагы оор иши, алардын колунан келбей турган элчилик иши Тилекмат акеге түшүп калат. Бул мүшкүл иш да чагымдан чыгат.

Тарыхта белгилүү го, илгертен эле кыргыздар менен калмактар, монголдор, кытайлар чектеш, айрым аймактарда аралаш да жашашкан. Кыргыз санжырасында кээде кара калмактар, кара кытайлар деп да айтылат.

Көрсө, бир кездерде монголдор, кара калмак дегени, кара кытайлар аралаш жашаган учурлар да болгон экен. Муну эскерип жатканыбыздын себеби да бар. Бул көрсөтүлгөн элдердин ичинен калмактар менен кыргыздардын кагылышы баарынан көп болуп турган. Буга азыркыга чейин кеңири айтылып жүргөн «Манас» эпосунан баштап «Курманбек», «Эр Табылды» эпостору күбө.

Көп кагылышууларда калмактар жеңилип, оор кыйроолорго учураган. Мындан тышкары кыргыз, калмак жигиттери жортуулга чыгышып, биринин малына бири тийип, уурулук менен да тынчтык беришкен эмес. Калмактар акыры кыргыздарга запкы көрсөтүп, биротоло кыңк эткис кылуу максатында Шинжаң өлкөсүнүн жогорку бийлөөчү органы шунфусуна чейин арага элчилерди салып, кыргыздардын сыртынан тон бычып, булархандыгы жок, ээн баш эл. Ар уруусу өз билгенин жасайт. Көбүнчө уурулук менен күн өткөрүшөт. Сиздердин бул аймактагы элге тынчтык бербей, өздөрү болжогон ыңгайлуу маалда малдарын уурдап кетип турушат. Негизи, кыргыздар кан ичкич, өтө эле ээнбаш эл болушат. Биз алардын сырын байыртадан бери эле билебиз. Эми кандай да болсо, «буларды баш көтөргүс кылуу керек деп, Шинжаң өкмөтүнүн Үрүмчүдөгү башчысын ишендирип алышат. Өзгөчө көлдүк кыргыздарды болушунча жети атасына чейин жамандап, ошолорду баш көтөргүс кылууну айрыкча өтүнүшөт.

**ЭСКЕРТҮҮ:** 1882-жылы улуу Кытай империясы Иле районун Россиядан бошотуп алгандан кийин, 1883-жылы Шинжаң өкмөтүн түзгөн. (Анвар Байтур. Кыргыз тарыхынын лекциялары, 2-китеп. -Бишкек, 1992).

Жасалма ушак кабарга ишенген шунфунун саясий аскерий иштеринин жогорку башчысы өзүнүн ишенимдүү оезуна (губернатор даражасына тете) көлдүк кыргыздар-

дын өкүлүн биринчи кезекте чакырып, пикирлешип, байкоо жүргүзүү керектигин, андан улам тиешелүү шарт коюп, тынчтык түзүү зарылдыгын, эгер шартка көнбөсө, түп орду менен жок кылууну тапшырат. Мындай тапшырманы алган соң оез Боромбай манап менен Мураталы бийди чек арага келүүсүн эскертип, киши жиберет.

Шинжаңдын оезунун кабарын уккан соң чек арага бугу элинин, бир чети башчысы, бир чети элчи-өкүлү катары барууга жүрөктөрү даабай, дагы эле иши Тилекмат акеге түшөт. Адат-салт боюнча билермандар кеңеш курушуп, Тилекматтын барып берүүсүн өтүнүшөт. Бул саам да Тилекмат аке эч ойлонуп отурбастан эле макул болот. Бирок Зарыпбек (бир вариантта Мураталы деп айтылат. Кимиси болсо да, чен тонду тартып алганы чын) чен тонду берсин деп талап коёт. Бул талапка Зарыпбек макул болбой койгондо, Тилекмат аке өзү барып, жүктүн астынан сууруп алып кийип кетет.

Мингени– эр-токуму, жарак-жабдыгы менен Боромбай манаптын жоргосу (жоргону баш-оту менен акеге мурда эле тартуу кылып берген), кийгени чен-тон. Коштогону кадимки хан каадасы менен жарактуу кырк жигит. Колунда баягы кокондуктан алган көл бугусунун ханы деген күбөлүк кат. Мына ушундай зыяпат менен Тилекмат аке болжошкон жерге, Шинжаң мамлекетинин оезунун алдына барат. Дал ушул жагдайды күтүп, ал жерде кара калмактардын шаңыялары, бийлери, элүүбашы, жүзбашылары даяр турушкан экен.

Кытай күзөтчүлөрү келген кыргыздардын ким экендигин билишкен соң, түз эле оёзго баштап келишет. Оез:

– Кыргыздар биримдикте жашабаган, салттуу бир мыйзамга баш ийбеген, жапайчалыш, бөлөк-бөтөн элдин мал-мүлкүн уурдоо менен күн көргөн, ханы жок, ээн баш эл деген арыз түштү. Ушул чынбы? Сиз буга кандай жооп бересиз? Мына арыз,– деп көп адам кол койгон кагазды

сунат. Кагазды колуна алып, кат тааныбаган сабатсыздыгын билдирбей, шашпай окумуш болуп, салмак менен башын чайкап, бир аз ууртунан сыпайы жылмайып, жайбаракат, ички төш чөнтөгүнөн күбөлүк катты алып, оезго сунат. Күбөлүк кат менен кошо түшүнүк катты да берет. Көрсө, иштин жайын алдын ала элe туюп, күн мурунтан эле көлдүк кыргыздар, алардын жашоо-тиричилиги, салты, өз мал-дүйнөсү өздөрүнө жетерлиги, коңшу эл менен адамгерчиликтүү мамилелери жөнүндө маалымат жаздырып алган экен.

Күбөлүк жана түшүнүк каттагы маалыматтарды катчы-тилмечи аркылуу окуп чыккан соң оез кара калмактардын (монголдор деп да айтылат) шаңыя, бектерин чакырып, кыргыздар жөнүндө алар тарабынан мурда билдирилген кабар курулай жалаа экендигин, куру жалаадан кан төгүүгө чейин дүрбөлөң болуп кетерин ачуусу менен каардуу айтып, үн-сөзгө келбей, калмактарды чектен ашыра кууп чыгууга буйрук берет.

Эл аралык мындай жыйындарга көп катышкан, тажрыйбалуу оез пикирлешүү учурунда Тилекматтын токтоолугун, ашыкча сүйлөбөгөн, айтышып ачууга алдырбаган, дипломаттык маданиятын байкап, өз ичинен ыраазы болот да, курулай жалаага ишенип, бейкуттукка убаракерчиликти тарттырганына ызаат менен кечирим сурап, келечекте коңшулаш катары жылуу мамиледе болуу ниетин билдирип, анын күбөсү иретинде кымбат баалуу баш кийим кийгизип, сый менен узатат.

Бул окуядан кийин Тилекмат акенин кадыры эл арасында өзүнүн алтын ордун биротоло бекемдеген дешет.

Тилекмат акенин тубаса дипломат экенин анын орду менен сүйлөгөн акылдуу сөздөрү гана ажарын ачпастан, бардык учурда тиешелүү, татыктуу жагдай түзө билиши, маектешүү учурундагы маданияты, өзүн чөйрөгө карата алып жүрүүсү да чоң фактор болуптур.

Тилекмат акенин жогоруда айтылган элчилик иштеринен башка адөөлөт иш-аракеттерине атайы токтолгон жокпуз. Не дегенде, аке жөнүндө көптөгөн эмгектер жарык көрүп жатат. Ошондон улам, кайталоодон четтөө максатында, Тилекмат аке жөнүндөгү колдо бар санжыралардын көбүн бул саам окурмандарга сунуш кылбадык.

Жакында, 1998-жылдын башталышында, Жетимишбаев Кален ага Акдөбө, Шалбада (азыркы Тилекмат айылы) өткөрүлгөн санжыралардын материалдарын топтоп, чоң бабасы (Тилекмат), чоң кубарысы (Жылкыайдар) жөнүндө көлөмдүү китеп чыгарыптыр. Бул-жакшы иш. Азыркы жаш муундарыбыз үчүн табылгыс материал. Бирок окуп чыккандардын айтымына караганда, агабыз бабасын Ааламга көлөкөсүн жалгыз берген жеке керемет кылып коюптур. Капырай, мыкты элден чыгат эмеспи, аны эл өстүрөт эмеспи, мыктынын мыктыдай чөйрөсү болот эмеспи, – деп нааразы болуп жүргөндөрдү кездештирдик. Буюрса, биз да окуп чыгабыз го. Оюбузду ошондо айтарбыз.

## ТИЛЕКМАТ АТА ЖӨНҮНДӨ АЙРЫМ ЭСКЕРҮҮЛӨР

Тилекмат ата жарык дүйнөдөн өткөндө Сарт аке менен Мураталы бий да арманын ыр менен айтып, өксөп келишкен экен. Алардын эскерүү арман кошогу көп эле жерде берилип жүрөт. Ошондуктан аларды кайталап берген жокпуз.

Кулумбай уулу Молдокматтын эскерүүсү:

Илгерки өткөндөрдөн кепти уласак,
Бугунун туусу болгон көл Тилекмат.

Тендиксиз ошол заман учурунда
Эл үчүн жан аябай кылган кызмат.
Акылга дыйкан адам Тилекматтын,
Баарынан артык жери сөзгө кылдат.

Тирүүдө башыбызга келбейт нелер?
Ак жүргүн арам болбой, Кудай берер.
Эл үчүн, же өзүнө иштер белең,
колуңа кокус бийлик тийсе эгер?
Ал эми эл деп жүргөн бул Тилекмат,
Акылга сугарылган сөзгө чебер.

Бугу элин Кокон ханы эзип кирген,
Баргандын башын алып бирден-бирден.
Бугунун жакшылары Тилекматты
Баргын деп жигит кошуп айдап ийген.
Ханмын деп, сөөлөт менен салам берип,
Кокондун ханы берген тонду кийген.

Кудаяр мөөрүн баскан күбөлүктү,
Бериптир күнүмдүкпү, же түбөлүкпү.
Билгизбей күбөлүктү катып алып,
Тилекмат жай бастырып, жолго түштү.
Талабын кокондуктун орундатып,
Эл үчүн көтөрүптүр болгон жүктү.

Тилекмат кокон үчүн хан болуптур,
Болот деп так ушундай ким жоруптур?
Боромбай, Мураталы бул чен-тонду,
Тилекмат, саа жарашпайт, деп коюптур.
Ошондо жакшыларды сөзү менен:
Алсаң ал тонуңарды, деп коюптур.

Ошентип, жылдар өтүп, калмак кыстайт,
Тилекмат ошол жылы текес кыштайт.
Бул ишти бүтүрүүгө акылдашып,
Жакшылар Тилекматты бар деп шылгайт.

Эл үчүн барса барам, кийгиз тонду,
Деп айтып, макул болду, чатак кылбайт.

Чен-тонду кийип алды, күбөлүк бар,
Жалгызга жаратканым болсун деп жар.
Калмактар бугу элинин ханы жок деп,
Төрөсүнө кабар кылып, салыптыр шор.
Кытайдын ханы көрүп күбөлүктү,
Хан экен деп Тилекматты айтыптыр шар.

Бугу элин Кокон жана калмактардан,
Тилекмат акыл менен сактап калган.
Айтылат санжырада ушундай деп,
Бул-чындык, уктуңар го эмес жалган.
Арбагын ардактайлы, эскерели,
Жараткан пендесине берсин жардам.

Кылжырдын балдарынын чатагынан,
Болбогон талаш-тартыш азабынан.
Ормон хан өлүп, чатак ырбаганын
Билебиз Алдаш молдо казалынан.
Ормондун аталашы Калыгул бий
Ыйлаптыр, жаш агызып сакалынан.

Калыгул бугу элинен көчүп кетет.
Бугу эли өзүңүз бил, мейли дешет.
Үч-төрөт ай өтүп өтпөй «чын дүйнөгө»
Калыгул карыганда келет кезек.
Топурак салсак дешип калың бугу,
Ормондун тууганынан коркот, сезет.

Акыры акылдашып, кепке келет,
Бугулар Тилекматты баргын дешет.
Калыгул калыс, жакшы адам эле,
Арналып топуракты сал деп берет.
Алпарган тулуптагы топуракты,
жайына Калыгулдун салып келет.

Ушундай элдик менен акылы бар,
Тилекматтай элибизде асыл да бар.
Көрөалбай Тилекматты кээ бирөөнүн,
Көпкөндүк, адамдан чет кылыгы бар.
Арийне, ар адамдын маңдайына,
Жазылган ырыс, таалай азыгы бар.

Жашагын жашты жашап Кудай берген,
Түз жүрүп, калыс сүйлөп, чыкпай элден.
Ар кандай адам жашап өткөн экен,
Кудайдын оозунан мен түштүм деген,
Кара көйнөк канайдын чатагынан,
Кун доолап, чатакташкан кыдык, желдең.

Чатакты чыгарган ким, кандай кесеп?
Андайды адам сүйбөйт, элден безет.
Тилекмат, эл бузулбай ынтымакка
келсин деп, жигит менен барып келет.
Көл жээги Шарпылдактан тосуп чыгып,
Бир адам алтын, жамбы берген дешет.

Тилекмат кымбат чепкен кийип алган,
Чогулуп кыдык, желдең күтүп калган.
Олтурган эл ичинен бирөө айтат:
Сүйлөбөйт, бул неси деп, башты чайкап.
Жамбыны таштап ийип сүйлөгөн дейт,
Тилекмат көптөн кийин элди байкап.
Жанагы берген жамбы сөзүмдү бууп,
Жатпайбы, о калайык, «пара найсап».

Параны эл алдына таштап салып,
Сүйлөгөн журт алдында жүзү жарык.
Эки элди элдештирип, тууган кылып,
Тилекмат жасап кеткен укмуш тарых.
Параны берип коюп азыркылар,
Кылмышты кылса дагы танып кетет.

Кунун кууп Ормон хандын,
Бугуларды чабууга сарбагыштар даярданды.
Казактын Тезек аттуу төрөсүнөн,
Кол сурап, сарбагыштын тобу барды.
Бириксе казак менен сарбагыштар,
Бугулар көлдөн оолап, тартмак кайгы.

Бугулар элчиликке муну билип,
Жиберген Тилекматты кармап бийик.
Сарбагыш мыктылары Тилекматты:
– Бугунун кулу,– дептир сөзү тийип.
– Бугунун байы маанай, кулу таалай,
Сарбагыш, сенин кулуң– тоода кийик.

Тилекмат айткан экен: – Жакшы төрөм,
Барайын, элчиликте жүрүп көнгөм.
– Ормонду өлтүрүшкөн кандуу моюн
бул бугу келген тура Ысыккөлдөн.
– Кан моюн ким экенин эл билишет,
Норузбай, Кенерсары кимден өлгөн?

Муну угуп, Тезек төрө сарбагышты,
Көрсөтүп, шыккын дептир эсик тысты!
Ошентип, булар менен кошо кетти,
Тартууга алып келген кырк бир башты.
Бугу эли тартуу кылат, төрөм, сизге,
Суналган Төрөтайдай сулуу кызды.

Дегенде Тезек төрө курсант болот,
Тилекмат үч-төрт күнчө конок болот.
Бугулар чарпылышпай көлдү жердеп,
Той берип, жезде күтүп, малдан соёт.
Элимдин баштан өткөн аңгемесин,
Санжыралап айта берсе узун жомок.

# ДӨӨЛӨС УРУУСУ

Элдик санжырада кыргыз деген антонимдин чыгышы, таралышы боюнча бир нече уламыш кездешет: кырк кыздан тараган (кырк кыздан таралышы жөнүндө да түрдүү варианттар бар); кыргыздын түпкү атасы – Кыргызбай деген адам, мына ошол Кыргызбайдан тараргандар кыргыз деп аталып калган; Моңолхандын онунчу мууну Алгач хандын башкарган элинин көчмөн турмушуна байланыштуу аталган; көчмөндөрдү ошол мезгилдеги отурукташып калган эл КЫРКИСЛЕР дешчү экен (фарс тилинде бул сөз көчмөн кыр Адамы деген маанини билдирет); дагы бир варианты ошол эле Алгач хандын күйөө баласы Эркиндин тунгуч уулунун аты Кыргыз коюлуптур; андан (Кыргыз хандан) Карахан, Карахандан Угуз хан (Огуз хан) тараган; дагы бир уламышта кыргыз да, казак да, өзбек да Алаша хандан тараган деп айтылат. Кыргыздын таралышы жөнүндө мындан башка да уламыштар бар.

Бизге жеткен дагы бир санжырада кыргыз – кырк уруу эл, кырк уруудан куралган эл деп жүрүшөт. Бул санжыра уламыштардын чын-төгүнү дагы тактоону талап кылат. Кыргыз деген этнонимдин чыгышы жана ар башка улуттарда түрдүүчө аталышы жөнүндө илимий маалыматтар да кездешет.

1996-жылы Кыргыз улуттук университетинин профессору С. Закировдун “Кыргыз санжырасы” деген көлөмдүү эмгеги жарык көрдү. Бул окумуштуу – өмүр бою кыргыз санжырасынын, оозеки адабиятынын казынасын аңтарып иликтеген адам. Ал колдо бар санжыраларды, илимий маалыматтарды кылдат териштирип чыгуу менен,

кыргыз маданиятынын тарыхка, адабиятка, жазууга, салтка байланыштуу көп маселелерине карата өз көз карашын, жекече мамилесин аталган эмгекте берген.

"Кыргыз санжырасында" кыргыздын кырк уруусу деп төмөнкүлөр аталган:

1. Катаган
2. Багыш
3. Могол
4. Карачоро
5. Тейит
6. Жоокесек
7. Дөөлөс
8. Бостон
9. Нават
10. Болгон
11. Нойкут
12. Сумара
13. Окчу
14. Каракалпак
15. Шыбаа
16. Серпи
17. Эдигер
18. Мундуз
19. Кушчу
20. Кылыч тамга
21. Айсак
22. Кыбаа
23. Дабат
24. Кырчак
25. Толо

Биз бул чакан санжырада көрсөтүлгөн урууларга кенирээк токтолууга мүмкүнчүлүгүбүз жок. Бар болгону дөөлөс уруусу жөнүндө гана чакан маалымат бермекчибиз, анткени Сарт аке Ысыккөлдөгү дөөлөс уруусунан.

Дөөлөс деген уруунун аты санжыраларда, илимий маалыматтарда Төлөс, Телес деп да берилип жүрөт. Дөөлөс деген – негизи кытай сөзү. Кытайлар дөөлөс деп айтууга тили келбей төлөс дешкен. Төлөс деген сөздүн баштапкы этимологиясында ТЕЛЕ уңгусу башат болуп турат. ТЕЛЕ араба деген сөз. Орус тилинде да телега бизче араба.

Байыртадан кытайлар, монголдор, байыркы түрк элдери, тунгустар, манжурлар чектеш жашашканы тарыхта белгилүү. Дөөлөс гана эмес кыргыз деген этнонимдин да кытайларда бир нече вариантта байыркы аталыштары кездешет. Биздин доорго чейин эле кытайлар кыргыздарды ки-ли-кидзе, хягас деп атап келишкен.

Айрым тарыхчылардын айтымына караганда, Төлөс деген аталыш кытай тарыхында кыргыз деген сөздөн мурда кездешет. Менимче, бул пикир – дагы тактоону талап кыла турган маселе. Мындан азырынча талаш-

тартыш чыгарууга болбойт. Бул жерден менин айтайын дегеним – Дөөлөс уруусу кыргыздын эң байыркы уруусу экендиги.

Тарых маалыматтарына караганда, байыркы Төлөс (Дөөлөс) ич ара тогуз уруудан турган өзүнчө федерация болуптур. Төлөстөрдүн хандары, акимдери, бектери бийик дөңгөлөктүү арабада жүрүшчү экен. Ошондон улам аларды коңшу элдер, алардын ичинде кытайлар да бийик арабачандар деп аташкан.

Төлөстөр бириккен федерациясында өзүнчө хандык болуп, хандан баштап төмөнкү бийликтерге чейин эч убакта башка элдердин, уруулардын өкүлдөрүнөн өкүмдарлар койбой, дайыма өз уруусунан гана, төлөстөрдөн гана, жетекчи коюшкан. Ошондон улам: "Төлөс төрүн бербейт, өлсө көрүн бербейт", – деген макал тараган элде. Салт боюнча хан төрдө өз тактасында, акимдер, бектер жыйындарда, сый-үлпөттөрдө, мейманда, айтор, бардык жерде, бардык шартта төрдөн орун алышкан. Мына ошол салтка айланган жагдайдан макал таралыптыр. Албетте, бул макал – кыргыздагы эң байыркы макал.

Ошентип, ТӨРҮН бербеси хандыкты, бийликти колдон чыгарбасынан улам айтылса, кийинки кошумчасы (өлсө көрүн бербейт дегени) биринчи сабындагы түшүнүктөн келип чыккан сыйынуучулук, анда да мансаптуулук мааниси бар. Экинчиден, бул макал улам толукталып өзгөргөндө, кийинкилер уйкаштык иретинде эле кошуп коюшкан. Чындыкта асилинде өлгөндөн кийин эч бир жан тура качып көрүн бербейт эмеспи.

Дөөлөс уруусунун таралышы, жердеген жери өтө кеңири аймакта: Европадан тартып, Борбордук Азиядан жана Түндүк Чыгыш Азияга чейин тараган.

Эми кыргыздардын, анын ичинде дөөлөс уруусунун жашаган жерлери жөнүндө профессор С.Закировдун берген маалыматы боюнча бир аз кабар бере кетели.

Профессор С.Закиров "Кыргыз санжырасы" деген эмгегин жеке өз билими боюнча жазган эмес: ал Кыргыз улуттук академиясынын фондусундагы архивдик бардык материалдарды иликтеген, пайдаланган. Кыскасы, аталган эмгекти жаратуу үчүн өмүрүнүн кыйла бөлүгүн сарптаган. С.Закировдун айта кетүүгө дагы бир татыктуу жагы бар: ал тигил же бул санжыранын, тигил же бул илимий пикирдин мүчүлүш жактарын оркойтуп ачык сындабай, этияттык менен окумуштуулук мамиле жасап, анын ар бирине карата өз оюн бере алган.

Жыйынтыктап айтканда, профессор С.Закировдун эмгеги колдоого татыктуу. Ошондуктан, менин оюмча, кыргыз элинин, анын урууларынын таралышы, жайгашышы жөнүндө бул эмгекке тартынбастан эле таянууга болот.

Илимий маалыматтарга караганда, кыргыздар Орхон, Енисей (Энесай, Энесейде) дарыялардын боюнан, Саян, Алтай тоо аймактарынан түрдүү себептер менен (жоодон сүрүлүп, мал жайытына карап) ооп келген десе, айрымдарды кыргыздар азыркы жашап турган жеринде байыртадан эле болгон деген пикирди айтышат. Окумуштуулардын дагы бирлери кыргыздардын байыртадан бери жашаган жери Борбордук Азия менен Алтайга чейинки кеңири аймак болгон деген пикирди колдошот. Ушул пикир чындыкка жакын деп ойлойбуз.

Улуту чубаш болсо да (чубаштар түрк тилдүү элге кирет), чыгыш таануу боюнча орустун атактуу окумуштуусу катары дүйнөгө белгилүү И.Я. Бичуриндин кытай тарыхый бутактарына таянган пикирлерине караганда (ал кытай тилин жакшы билген дешет), Борбордук Азиядагы кыргыздар менен Енисейдеги кыргыздар – эки түрдүү эл: Азиялык кыргыздар түрк тилдүү кыргыздар болуп 35ке жакын тилдин тобу кирет. Муну Осмон түркүнүн гана (Түркиянын) тили деп түшүнбөө керек), ал

эми енисейлик кыргыздар жунгарлардын бир уруусу деген пикирди айткан.

Кыргыздардын жашаган жерлери жөнүндө элдик санжыраларда да көп маалыматтар кездешет ал маалыматтарга караганда, кыргыздар жашаган аймактар, негизинен, илимий адабияттардагы маалыматтар менен кыйла окшош экендиги байкалат. Мисалы, санжыранын айрым варианттарында кыргыздар Енисей, Орхон тарапта да, азыркы Борбордук Азияда да (Тяншанда, муну Улутоо, Теңиртоо деп да жүрүшөт, Алай, ага улаш Памир тоолорунда) жашашкандыгы айтылат. Бул аймактарда кыргыздар эле жашаган эмес.: кыргыздар менен аралаш, же жакын коңшулаш карым-катнашта көп элдер – сактар, усундар, көптөгөн түрк уруулары, карлуктар, моңголдор, жунгарлар, калмактар, караханиддер жана башкалар жашаган.

Өтө кең аймакта чарбачылык жагдайына (мал чарбасы) байланыштуу түндүк чыгыш Кулжа, Саян, Алтай, Енисей, түштүк чыгыш Үрүмчү, Турфан, Иле, түштүгү Аксуу, Кашкар, түндүк батышы Арал, түштүк батышы Тажикстандын Гуляп, Гисарына чейин көчүп-конуп жүргөн кыргыздар уруу салтын бекем тутуп, ич ара оң, солго жана ичкилик тобуна бөлүнүшкөн. Мындай ич ара бөлүнүү казактарда деле болгон: алар улуу жүз жана кичүү жүз болуп бөлүнүшкөн.

Кыргыздардын оң, солго жана ичкилик тобуна бөлүнүшү, алардын жашаган аймактары жөнүндө ар түрдүү уламыштар, иликтөөлөр айтылып жүрөт.

Профессор С.Закиров аталган эмгегинде Чокан Валихановдон тартып, азыркыга чейин айтылып жүргөн санжыралардын маалыматына таянып, кыргыздардын оң канатына Ак уулдун неберелери Адигине, Тагай жана Наалы эженин тукумдары, сол канатына Куу уулдан тараган саруу, кушчу, кытай, мундуз, басыз жана кырк

уулдун тукумдары, ал эми ичкиликтерге дөөлөс, канды, тейит, найман, жоо кесек, бостон, нойгут, кыпчак, ават уруулары кирет деген маалымат берилген. Бул маалымат боюнча оң, сол жана ичкилик топторунун негизги уруулары гана берилгендиги байкалат. Биз топтогон санжыралар деле, негизинен, ушул маалыматтарга шайкеш келет.

Кыргыздын оң, солго бөлүнүшү боюнча айтылып жүргөн уламыштардын биринде кийинчерээк гана Долон бийдин тукумдарынан бери оң, сол болуп бөлүнгөн делет.

Долон бийдин байбичеси эгиз эркек уул төрөп, биринин атын Ак уул, экинчисин Куу уул коюшат. Жылдан жыл өтүп, балдар үйлүү-жайлуу, малдуу-жандуу болгон соң жер бөлүшөт. Экөөнө жер бөлгөндө Мамбет аке Ак уулду оң жагына, Куу уулду сол жагына отургузуп, бата берип, жер энчилеген соң, эми мындан ары бириңдин тукумуң оң, бириңдики сол бөлүнүү ушинтип таралган деп да айтылат.

Дагы бир санжырада Ак уул менен Куу уул эгиз уул төрөлгөнү чын. Бирок ушул эгиздин бири (Ак уул) мурда жерге түшкөндүктөн, ал улуусу катары эсептелген. Энесинин айтуусуна караганда, Ак уул оң бөйрөк жагында, Куу уул сол бөйрөгү тарабында болгон имиш. Энесинин айтымына негизделип, оң жана сол бөлүнүү ушинтип таралган деп да айтылат.

Дагы бир уламышта Кыргыз аттуу бир адамдын Абыл (Ак уул), Кабыл (Куу уул) уулдары болуптур. Абылдан оң топту түзгөн бугу, сарыбагыш, солто, черик, саяк, чоңбагыш, жедигер тараган.

Кайбир уламыштарда мындай топко бөлүнүүсү сакталганы менен, ал топторго кирген айрым уруулар алмаштырылып (чаташтырылып) берилип калган.

Түштүк кыргыз санжырасында оң, сол тараптагы кыргыздар мал чарбачылыгына байланыштуу тоолордо

жана тоо этектеринде жашаган. Ошол эле тоо кыркаларында жашаган кыргыздар отуруктапып калган, шаарларга танапташ жашаган кыргыздарды ичкиликтер деп коюшкан дешет.

Санжыраны көп иликтеген, илимий маалыматтарга таянган окумуштуу С.Закиров: "Чындыгында, кыргыздардын оң, сол, ичкилик деп аталышы согуштан келип чыккан. Байыркы убактарга, орто кылымда, атүгүл кийин деле согушта кошундарды оң канат, сол канат, ичкилик борбор деп бөлүп, согушка кирген. Ошондой согуш мезгилинде колбашчы баланча-баланча уруулар оң тарапта, оң канатта турасыңар; түкүнчө-түкүнчө уруулар сол канатта турасыңар; борбордо (ичкиликте) баланча-бастанча уруулар турат дешкен. Уруу түзүлүш мезгилинде мындай жайгаштыруу салт болуп калган", – дейт. (Аталган эмгеги, 27-бет). Бул айтылган пикирге кошулууга болот. Орустун согуш илиминде деле ФРОНТ деген термин колдонулат. Ал – аскерлердин согуштук жайланышуу багытынын бет маңдайы. Фронттун оң, сол тарабы жана ички борбордук бөлүгү деп айтылат. Оң тарабынан ПРАВЫЙ ФЛАНГ, сол тарабынан ЛЕВЫЙ ФЛАНГ дейт.

Биздин ата-бабаларыбыз согуштун борбордук (ички) бөлүгүнө машыккан, дасыккан, шамдагай, шылуун, жалтанбас, кайраттуу жоокерлерди жайгаштырчу экен. Согуштук ал салт Чыңгыз хандын армиясында да болгондугу белгилүү.

Чыңгыз хандын армиясынын курамында кыргыздар да болуп, аларды улуу полководец алдынкы фронттун дал ортосуна (борборуна) коюп, ураалап (ура – монгол сөзү, чабуул жасаганда кыйкырык-сүрөөн менен айтылчу сөз. Бизче ур, сок деген менен маанилеш) чабуул баштоочу экен. Деги кыргыздардын тарыхта согушчан эл болгондугу жөнүндө көп эле кабар берилет.

Эми ичкилик тобу, анын ичинде дөөлөс уруусу жөнүндө чакан сөз. Кыргыз санжырасында ичкилик тобу жөнүндө ар түрдүү маалыматтар кездешет: бирөөндө ичкиликтерди оңго, бирде солго кошуп айтышса, дагы бир маалымат берүүнүн жөндүү себеби бар сыяктанат, анткени, биринчиден, ичкиликтин бардык уруулары – кыргыз ичиндеги байыркы уруулар. Алардын түпкү таралышынан бери колдо далилдүү юридикалык документтер жетишсиз болгондуктан, көпчүлүк маалыматтар укумдан-тукумга оозеки таралып келгендиктен, албетте, тарыхый материалдар өзгөрүүгө учураган. Экинчиден, ичкилик урууларынын жайгашкан аймактары чачкын. Бул да жогоркудай чаташууга өбөлгө болгон. Үчүнчүдөн, бири-бирине аралашпай, өзүнчө аймактарда бирбеткей жашаган уруулар деги кыргыз жергесинде жок. Мисалы, солго кирген саруу, мундуз урууларын эле алып көрөлү. Саруулар Жалалабад облусунун Жетиөгүз, Аксуу райондорунда жана Талас облусунда жайгашкан. Булардын ичинен негизги отурукташкан жери – Талас.

Сол канатка кирген мундуздар да Талас, Ысыккөл областтарында, Жалалабаддын Аксы, Сузак, Чаткал, Алабука райондорунда жана Тяншань аймагында, Ош облусунун Өзгөнүндө кездешет.

Кыргыздын уруулары гана эмес, бүтүндөй элибиздин жайгашкан жерлери чачкын: кыргыздар өз жергебизден башка жер жүзүндө жыйырмадан ашык өлкөдө кездешери азыркы тапта белгилүү болду.

Кыргыз санжыраларында жана айрым иликтөөлөрдө ичкиликке кирүүчү уруулардын саны да так эмес. Негизги уруулары деп дөөлөс, тейит, найман, канды, жоо кесек, бостон, нойгут, кыпчак, ават эсептелсе, кээ бир маалыматтар боюнча кесек уруусун дагы биринде кыдырша, кээ бир маалыматтар боюнча кесек уруусун, дагы биринде кыдырша, оргу, кара саадактарды да ичкиликке кошушат.

Ичкилик уруулары кыргыз ичиндеги байыркы уруулардан деп эскертпедикпи. Илгери-илгери эле Алтай, Енисей тараптагы кыргыздарда дөөлөс, кыпчак, мундуз, кытай, коңурат, азык, найман, черик уруулары болгон. Ушундан улам дөөлөстөрдүн чачырап жайгашкан жерлерин эске сала кетели. Азыркы Алтай крайында Тоолуу Алтай автономиялуу облусу бар. Анда өтө кооз, туристтердин көз жоосун алган Телес көлү (орустар муну Телецкое озеро деп коюшат) бар. Бул көл өтө кооз, карагай, кайың ж.б. бадал дарактар жыш өскөн өзөндө жайгашкан. Мына ошол аймакта азыр да телестер жашашат. Мен 1975-жылы Тоолуу Алтайга диалектологиялык экскурсияга барганымда алтайлык (ойрот) туугандар Телес өрөөнү төлөстөрдүн жери деп тааныштырган. Ал кооз аймактагы Телес көлүн «алтын көл» деп да атап коюшат.

Венгриядагы мажарлар арасында жалпы эле түрк элинде маалым биртоп уруулар кездешет. Анын негизги басымдуусу – кыпчактар. Ал кыпчактар ич ара он эки уруудан турат. Ошол мажарстандык кыпчактар арасында телес (телес, дөөлөс), кыргыз, мангыт, черик, торайгыр, канглы, катаган, чубак, каба, ак буура, бөрү, баргы, ас, арык, найман, кыргый деген майдаланып кеткен уруктар жолугат. Булар республикабыздын аймагындагы азыркы кыргыздар арасында да бар. Мажарстандагы кыргыздардын ичкилик тобуна кирүүчү уруулары – тор айгыр (кыпчак), дөөлөс, маңгыт, кангы, айман.

Кыргызстандын аймагында дөөлөстөр Жетиөгүз, Сузак, Өзгөн, Ноокат, Аксы, Карасуу, Тяншань, Атбашы, Ысыката, Баткен, Кадамжай, Кант райондорунда жайгашкан.

Эми мындан аркы санжыра-уламыш дөөлөстөр, анын ичинде көлдүк (Ысыккөл) дөөлөстөр, андан улам Сарт аке жөнүндө болмокчу.

Көлдүк санжырачылардын айтымына караганда, дөөлөстөр илгери Алтайда эле найман, тейит урууларЫ жашаган аймагы боюнча гана ынтымактуу кошуна эмес, бири-бири менен сөөк-тамыр болуп чырмалышкан, ары чарбалык карым-катышы бар эл экен. Алар доордун бир доорлорунда карөзгөй жоодон бүлүнүп, азыркы кыргыз жергесинин түштүгүнө ооп келишкен. Жер которгондон кийинки алгачкы отурукташкан жери – Ноокат, анан Жаңы Ноокат тарабы болуптур. Бул – бир уламыш. Экинчисинде Ноокатка кандайдыр бир чоочун үч адам бала-чакасы менен дарексиз жактан көчүп келип, жай салышат. Алардын биринин ысымы Дөөлөс, экинчисиники Тейит, үчүнчүсүнүкү Найман экен. Бара-бара узак мезгил өткөн соң, бул үчөөнүн тукуму өсүп, кыргыз арасындагы дөөлөс, тейит, найман уруулары таралыптыр. Чындыгында, бул уламыш тарыхый маалыматтардын нугу боюнча иликтегенде, чындыкка анча тогошо бербейт. Ошондуктан бул маалымат өтө эле күмөндүү. Бирок эл ичинде айтылып калган соң, ага да назар салбай коюуга болбойт, анткени бул уламыш да, кандай гана мазмунда болбосун, санжыралык казынага кирет.

Дагы бир уламышта дөөлөс уруусунан кийинки эле (тарых дастаны үчүн кийинки) Долон бийдин Ойрот деген уулунан таратат. Бул уламыш боюнча Долон бийдин бир токолу Нуркүмүш деген олуяталык казак кызы болуп, ал уул төрөйт. Уулунун атын Ойрот коюшат. Ал бойго жеткенде турмуш курат да, эки уулдуу болот: биринин аты – Дөөлөс, экинчисиники – Найман. Ошол кезде алар Суусамырда (мурунку аты Миңбулак) жайлашчу экен. Бул айтымда дөөлөс уруусу ошондон башталат. Сөз кылып жаткан бул вариантты окуучуга жөн эле кулак кагыш иретинде кабарлап койдук.

Көлдүк дөөлөс Дыйканбаев Жумалынын калтырган санжырасында (көзү өтүп кеткен адам) дөөлөстүн түпкү

таралышын Каракандан баштайт. Каракандын Жоожыгар аттуу уулунун Муңайт деген баласы болот. Ошол Муңайттын биринчи байбичесинен Дөөлөс, Нойгут, Кыпчак деген уулдар төрөлөт. Экинчи байбичесинен Урумчу, Долон жаралат. Дөөлөстүн Толуман, Калкаман деген уулдары болуптур. Толуман атадан тогуз уул, бир кыз жарык дүйнөгө келет: биринчиси – Ханмукат, экинчиси – Мурат, үчүнчүсү – Баймурат, төртүнчүсү – Барат, бешинчиси – Урумкашка, алтынчысы – Доройт, жетинчиси – Малакашка, сегизинчиси – Керкашка, тогузунчу кенжеси – Чулумкашка. Кызынын аты – Кенжеке.

Ханмурат, Эшмурат, Урумкашка, Доройттун тукумдары Анжиянда. Баймураттыкы – Үчтеректе. Бараттыкы Чүйдө. Малакашканыкы Тяншанда, Керкашканыкы Тогузтородо, Чулумкашканыкы Ысыккөл областынын Жетөгүз районунда деп айтылат.

Дөөлөс атанын экинчи уулу Калкамандан Акэчки, Канды, Кызылаяк, Айтамга, Тейит, Кызылбөрк деген уулдар болгон.

Бул санжыра бир кыйла алгылыктуу болсо да, Толуман атанын тукумдарынын жайгашкан жери анчалык так эмес.

Жогоруда ичкиликке кирүүчү уруулар жөнүндө айтпадыкпы. Анын эң байыркыларынын бири – дөөлөс уруусу. Дөөлөс "тогуз ата дөөлөс" деп да айтылат. Ушул китепченин сөз башатында байыркы Төлөс тогуз уруудан турган өзүнчө федерация болуптур деген тарыхый маалыматты учкай айта кеткен элек. Эми эл арасында айтылган "тогуз ата дөөлөс" деген уламыш тарыхый ушул маалыматка үндөшүп турганы бекер эмес сыяктанат. Бирок, тилекке каршы, тогуз ата дөөлөстүн (ар биринин аты-жөнү жөнүндө) колдо азырынча толук маалымат жок. Бул маселе дагы иликтенүүдө. Буюрса, китепченин экинчи бөлүмүндө ал жөнүндө кабар берилет.

Көлдүк дөөлөстөр – Толуман атанын кенжеси Чулумкашкадан тараган тукумдар. Алар Жетөгүз районундагы Акдөбө, Аңөстөн, Чоңкызылсуу, Бозбешик, Жалгызөрүк айылдарында жайгашкан. "Эл жүргөн жерде эл жүрөт» дегендей, бул айылдардан өсүп чыккан көптөгөн адамдар турмуш шартына, кызмат абалына байланыштуу Бишкек шаарында (Жүз түтүнгө жакын), Каракол шаарында (жүз түтүндөн ашык) Жетөгүз районундагы Оргочор, Сүттүбулак, Кызылсуу айылдарында (200 түтүндөн ашык) жашашат.

Бул айылдарда жашашкан дөөлөстөрдүн тукум башаты делип жүргөн Чулумкашка ата кандайча Түштүктөн Ысыккөлгө ооп келип калгандыгы жөнүндө бир беткей уламыш жок. Уламыштардын биринде Толумандын кенжеси Чулумкашка абдан өткүр, ар кандай оор ишке моюн төшөбөгөн, азуусун айга жаныган душманы болсо да, жалтанып кайра чегинбеген, жеткилең эс-акылдуу, бир караганда эле көзгө урунган жылдыздуу адам экен деп айтылат. Борбуюн көтөргөндөн баштап эле чыгаан жылкылуу бай атасы Толуманды ээрчип , эл таанып, аштойлордо намыс талашкан улуттук кеп оюн-зоокторго катышып, кыргыз урууларынын гана эмес, коңшулаш өзбек, тажиктердин да көзүнө түшүп, кайбирде чыгыш калктарына мүнөздүү намыскөйлүккө берилип, коңшу элдердин кызыл тебетейлери менен өйдө-ылдый тартыша кеткен учурлары болчу экен.

Күндөрдүн биринде Анжиянда бир чоң байдын көкүрөк күчүгүн сүннөткө отургузуу тою өтүп, чоң ат чабыш болот. Ат чабышта Чулумкашканын күлүгү менен Кокон ханынын абройлуу акиминин аты марага (чекке) үзөңгү кагыш келет. Байге бөлүштүрүүдө талаш-тартыш башталат. Кер-мур айтуу ырбап отурса, кан төгүлүп кетчүдөй жагдай байкалганда, билермандар баш байгени өзбек акимине ыйгарышат.

Көрсө, жер үстүлүк кылып, өзбектер көбүрөөк келишиптир. Ошондон улам акылга салып таразалап, намыстуу байгени өзбектерге берип койгонуна Чулум ата нааразы болуп, көкүрөктө кек сактап калат.

Чындыгында, өзбек акимдин сай күлүгү көп жылдан бери Фергана өрөөнүндө чоң ат чабыштарда байге берчү эмес экен. Көрсө, ич күйдүлүк кийинки эле ат чабышта пайда болбостон, көптөн бери эле түптөлүп келе жаткан. Мындай куру намыстан келип чыккан айыгышуулар тыңчылар аркылуу өзбек акимге жеткирилгендиктен, ал күлүгүн терең жерге бактырып, күндүр-түндүр экиден күзөтчү койдуруп кайтартып калат. Ошого карабастан, этияттык менен байкоо жүргүзүп жүрүп, күндөрдүн биринде Чулум ата эл оор уйкуга кирген мезгилде ат байланган зынданга келсе, күндө келбеген ууру бүгүн келмек беле дешип, эки кароолчу тең бири-бирине башын коюп, уктап калышкан болот. Асмандан тилегени жерден табылгандай болуп, Чулумдун чаңкаган ою оңунан чыгат. Илбирстей шамдагайлык менен айбалтасын койнунан алып, дым чыгарбай, эки кароолчуну башка чаап өлтүрүп, дарбазаны ачып кирип барса, аттын уч бутуна салынган оор кишен болот. Аны чыгарууга эч айласы болбогон соң, аттын башын да кыя чаап качып кетет

Кан төгүлгөн апаат окуядан эки күн өткөндөн кийин Чулум атасы Толуманга жана бир туугандарына болгонду болгондой айтып берет. Бул арада өзбек аким да тушгарапка жасоолдорун, сарбаздарын жиберип, күнөкөрдү издеп калат. Эч жерден шек таппаган соң, жалгыз гана Чулумга күмөн түшөт.

Мурда эле Чулумдун, текөөр тебишип жүргөнүн байкап, кылдан кыйкым таба албай жүргөн акимдин чырагына май тамып, суроо-сопкутсуз эле анын башын алууга өкүм чыгарат. Өкүмдү аткаруу үчүн акимдин кол курап жатканынан кабар Толуманга жетет. Баланын башын

сактап калуунун таптакыр ылаажысын таба албай, айласы алты түгөнгөн бай ата Чулумду Ысыккөлдөгү ылым санашкан адамы Алсейитке жөнөтөт. Алсейит сенин тууганың болот деп да айтылган жери бар. Санжыраларда анын кандай тууган экендиги чечмеленбей калган. Чын-чынына келгенде, Алсейит көлдүк бугу уруусуна кирет. Дегинкиси, эл мыктылары кыргыз жергесинин кайсы булуң-бурчунда болбосун, бири-бири менен кабардар, өз ара карым-катнашта болуп, ал тургай ынтымакты колдон чыгарбай улантуу максатында кыз алышып, кыз беришип, сөөк жаңыртышып, андай болбогон шартта достошуп турушкан. Бул – белгилүү маалымат.

Кыскасы, биздин пикирибизче, Алсейит Толумандын тууганы эмес, жакын ылым санашкан катыштарынан болуу керек.

Чулумкашка атанын Ысыккөлгө келишинин экинчи варианты мындай берилет. Толуман сан жылкылуу бай экен. Аллах– тааланын чачкан ырыскысы менен анын жылкысы өлүм-житимге учурабай, дагы эле дүркүрөп өсө берген чакта байлыгына ширелген дөөлөтү, зоболосу айлана-чөйрөдөгүлөргө, ал гана эмес коңшу элдерге – өзбек, тажиктерге чейин, даңазага айланат. Бул даңаза Кокон ханына да угулат.

**ЭСКЕРТҮҮ.** Санжыранын ушул эле вариантында Жаныбек хан, Кудаяр хан деп айтылган жерлери бар. Эгерде Толумандын, анын уулу Чулумкашканын жашаган доорун эске алсак (тек сүрүштүрүп келгенде эле алардын жашаган доору болжолдолот), бул хандардын өкүмзарлык учуруна дал келбейт.

Улуу даражалуу хан Толумандын байлыгы тууралуу гана кабардар болбостон, анын тогуз уулу, эстүү, чырайлуу Кенжеке деген бир кызы бар экенин да угат. Ушул жагдайды пайдаланып, хан Толуман менен куда болуу ниетинде жуучу жиберет. Хандын илебин кайтаруу жо-

сунда жок болгон соң жана да хандын айтканы эки болбой турган мыйзам болгондуктан, бай макул болот.

ЭСКЕРТҮҮ. Дагы бир вариантта хан Кенжекени уулуна алып берген дейт.

Илгери даңазалуу мыктылар, байлар кызын күйөөгө бергенде, себи менен кошо төрт түлүк малдан энчи бөлүү, барган жеринде кызмат өтөсүн деп, кул, күңдөрүн алдына салып барчу экен.

Кыздын шаан-шөөкөтүнө кам көрүлүп жаткан арада хандын акылман, жакын кеңешчиси болуп жүргөн бир вазири:

– Ханым, Толуманда мал көп, төрт түлүк малдан эмне берем десе, анын колунан келет. Бир эрке кызынан малжан аямак беле. Андан көрө түмөн жылкынын ичинде үйрү менен бир чоң жал тору айгыры бар. Сиз башка мал албайм, берериң чын болсо, салтты бузбайм десең, чоң жал тору айгырды гана үйрү менен бер деп, кескин талап коюңуз, – дейт. Хан вазиринин айтканына көнөт.

Күндөрдүн биринде хан акылман кеңешчисинин айтканын Толуманга төкпөй-чачпай бир ортомчусу аркылуу кабарлайт. Толумандын айласы кетет. Көрсө, бай тору айгырдын сан жылкыга ыйык пир болгон камбарата экенин башынан эле билчү тура. Берейин десе калын түптөлгөн малга зыян кетет, бербейин десе хандын демин суутат. Салт боюнча хандын сунган колун кайтарууга эч ылаажы жок. Эгер хан каарына алса, алакандай элди түп көтөрө чаап саларында күмөн жок. Анын үстүнө Кенжеке эркеси тогуз уулдун ичиндеги көзгө басар жалгыз мончогу болсо, андан эмнени аямак эле. Заманасы куурулуп, ары карап ыйлап, бери карап күлүп туруп, акырында берүүгө аргасыз болот.

Ошентип, Толуман ата тору айгырды үйүрү менен бергенде, кай-кайсы жайыттагы жылкылары кишенеп, аза күткөндөй чурулдап үн салып, түп көтөрө айгырдын

артынан ээрчип жөнөйт. Калың эл айхайлап, жылкынын алдын күч менен кайрып алат.

Тору айгыр кеткенден кийин жыл айланбай түмөн жылкыны ылаң басып, бир четинен кырыла баштайт. Колдон келген ырым-жырымды жашашса деле малдын өлүмү токтобойт. Жайытка дубалап туз чачышат – болбойт, малды мазарга түнөтүшөт – болбойт; ата-бабанын арбагына таянышат – болбойт, өлүм токтобойт. Арга түгөнгөндө бул илдеттин себебин иликтөө үчүн эл арасынан атагы чыккан төлгөчү, касиеттүү көзү ачык адамдарды издей баштаешат. Айылдан-айыл, шаардан-шаар кыдырышып жүрүп, акыры бир жылгадагы чакан айылдан көптү көргөн көсөм, ары акылман, Кудай жолунан тайыбаган, руху эне сүтүндөй таза, көзү ачык карыяны табышат. Аны урматтап, сый көрсөтүшүп, аттап-тондоп жатып айылга алып келишет. Дасторконду кенен жайып, мейман расмин жасап, жай отурушканда болгон-койгонду карыяга айтып беришет. Эртеси карыя жылкынын жайытын, мурда дүркүрөп өскөн өрүшүн көрөт да, Толуманга кайрылып:

– Чоң жал тору айгыр жылкыңдын камбаратасы экен. Жылкыңда ылаң деле жок. Малыңдын көбү колдон чыкканда, өрүштөн кут кетип, малыңдын көбү пир туткан ыйыгына кусадар болуп, керт этип от жебей кырыла баштаптыр. Ушуну байкаган жок белеңер. Эми кандай да болсо тору айгырды алып келгиле. Эгер алып келүүгө эч айла жок болсо, айгырдын канын идишке куюп келип, аны чоң. чаначка суу кошуп эзип, жайытка майда жамгыр сыяктуу чачкыла. Ошондо малдын өлүмү токтойт, – деп нуска жообун айтат.

Болгон-койгонду, малдын көргөн күнүн айтып ханга барса, ага кандай тартуу беришсе да ал айгырды бербей турганын, тору айгыр колго тийгенден бери хандын жылкысы мурда болуп көрбөгөндөй өсүп жатканын То-

луман жакшы билчү. Ары толгонуп, бери толгонуп акыл курушат. Акыры айгырды жайытынан уурдап келүүгө токтолушат. Ошондо буга бир жараса эле баатыр Чулум жарайт. Анын үстүнө тору айгыр менен Чулум да жыт алышкан ынак деп, бай ата кенже уулун жөнөтөт.

Чулум күндүзү жашынып, түндөсү жол жүрүп отуруп, арадан эки үч күн өткөндө арандан зорго жайыттан тору айгырдын үйрүн түн ортосу ооганда табат. Акмалап туруп жылкычынын турган жерин байкайт. Теребел тынч. Жылкылар бейкут жайытында болгон соң, бир оокумда атынын ээр-токумун алып, тердикти астына жая салып, ээрди желдиги менен башка жаздап, жылкычы уйкуга киргенден бир чай кайнам убакыт өткөндөн кийин, Чулум жылкы четине келип, үн чыгарат. Тору айгыр Чулумдун үнүн таанып, окуранып, жаныбар ээсинин жанына келип, анын жеңи-башын жыттайт. Башынан алынышып калган ээси айгырдын жалын сылап, мойнунан кучактайт. Эзилишип көпкө турууга убакыт болбогон соң, айгырга ноктосун катып суу жээгиндеги бадалды көздөй жетелейт. Айгыр басканда эле, үйрү кошо ээрчийт. Айгырды аман алып кетүүгө мүмкүн болбогондуктан ошол жерден болот кылыч менен башын кыя чаап, канын чаначка тосуп алып, алды-артын карабай айлына жөнөйт.

Жерге үрүл-бүрүл жарык түшкөндө, жылкычы ойгонуп башын көтөрсө, тору айгырдын үйрү чогуусу менен суу жээгинде турат. Эч нерседен кам санабай, жайбаракат атын токунуп, эми жайыт которуп коюп үйгө барып келейин деген ойдо жылкы жанына бастырып келсе, ортодо башы кесилген айгыр жатат. Чочугандан, бир чети корккондон жылкычынын жаны алкымына тыгылат. Үрөйү учкан байкуш атын башка көзгө койгулаган бойдон чаап келип, хан ордосунун күзөтчүсүнө болгон окуяны айтат. Ал суук кабарды ханга жеткирет. Ошен-

тип, эки жерде тең, Толуман айылында да, хан коломтосунда да тополоң түшөт.

Болору болду. Көр оокаттын айынан ушундай чуулгандуу ишке бардык. Эми каардуу хан шегин билип калса, сени жөн койбойт, балам. Каардуу болбосо хан болобу. Бул иштин шегин билбесе деле сенден шек урат. Баары бир сенин башыңды алат. Андан көрө, балам, эч буйдалбай, алыска кач. Биз сенин жол камыңды көргөнчө эки-үч күн өтөт. Ага чейин сени бекем жерге катабыз. Кокустан хан тараптан куугун келсе, сени жолборс чалып өлтүргөн, бир айгырдын жогу не болмок эле, өзүбүз аялуу балабыздан ажырап, кан жутуп отурабыз деп, жоону жолго салабыз деген бүтүмүн айтат атасы.

Айткандай эле кечке жуук хандын желдеттери Толумандын айылына жете келет. Аларга бай күн мурунтан даярдап койгон жогорку жоопту айтат. Желдеттер буга ишенбей, түнү бою кол жеткен жердин баарын аңтарып чыгышат. Бирок эч жерден Чулумду таба алышпай, шектүү сөз да уга алышпай, жедеп чарчап-чаалыкканда ордосуна кетишет. Хан жана анын желдеттери Толумандын жогорку жообуна ишенип калышат.

Дүрбөлөң басаңдагандан кийин, Чулумкашканы аттаптондоп, жоо-жарагын кийгизип, жолдун удулун түшүндүрүп, Ысыккөлдөгү Орозбактынын уулу Арыкка жиберет.

Үчүнчү вариантта Толумандын көп уулунун ортосундагы жалгыз кызын Шырдакбек хан алат. Үйлөнгөндөн кийин күндөрдүн биринде хан Кенжекени төркүлөтүп келет да, кечигип кабарын уккан камбарата тору айгырды Кенжеке аркылуу бай атасынан сурат. Кыздын көңүлүн кыя албай, Толуман тору айгырды берет. Калган окуя экинчи вариантка окшошураак уланат. Дагы бир айырмасы мындай: тору айгырды хан үйүрүнө кошпой эле темир сарайга бактырып, дарбазасына чоң-чоң

кулпуларын салдырып коёт. Чулум болсо түн жамынып келип, сарайдын капталынан жер казып кирет да, тору айгырды мууздабай эле жал-куйругун кыркып алып кетет. Баягы көзү ачык укумчул карыянын кеңеши боюнча желедеги кулундарга нокто, чыкта эштирет. Ошондон кийин Толумандын жылкысынын өлүмү токтойт.

Тору айгырдын жал-куйругун кескен, болду-болбоду, Чулум болуу керек. Мындай ишке жараса эле ошол жарамак. Мен эми анын башын аламын деп, хан ачуулanat. Бул кабарды Чулум ата өзү биринчи угуп, атасына айтат. Атасы жогоруда айтылгандай эле кеңешин берип, Ысыккөлдөгү Алсейитке качырат.

Жогоруда кабарланган үч вариантта тең Чулумкашканын көлгө келиши аттан башталган чырга байланыштуу. Бул – үч варианттагы бир жалпылык. Экинчи жалпылык – Кенжекенин күйөөгө чыгышы. Окуянын борбордук түйүнү мына ушунда. Үчүнчү жалпылык – Чулумдун Ысыккөлгө келиши.

Айтылып жүргөн санжыралар боюнча тактап коё турган маселе -аттары аталган көлдүктөрдүн кимисинин колуна Чулумкашканын келиши. Чулум ата (санжыраларда бул адамдын атын ушундайча кыскартып да айтып жүрүшөт), чындыгында, Алсейиттин колуна келет. Алсейит болсо өз элине кадыр-барктуу, сөзү өтүмдүү, малжандуу адам экен. Баш калкалап келген баланын дарегин, эмне окуяга байланыштуу качып келгенин толук уккан соң, эч өгөйлөбөй өз балдарынын катарына кошуп, үйлүү-жайлуу болгонго чейин алпештеп өстүрөт. Чулум да чоочунсунбай, багып алган атасынын сөзүн илгиртпей аткарган, көбүнчө жасала турган ишти айттырбай өзү билип, же айтканды айткандай орундаткан илбериңки, жөнбилги, беталган оң иштен кайра тартпаган баласы болуп берет. Кыскасы, Алсейиттин Жамангул, Бапа деген балдары менен бир уядан жаралган эгиз-

дей болуп, ортолорунан муздак жел өткөрбөй, сары майдай таттуу, баштуу болуп өсүшөт.

Бул жерде атайы эске сала кетчү маселе – Чулум атанын Алсейитке, өгөй болсо да, өз баласындай асыралышы. Жамангулдун, Бапанын азыркы шаар болуп турган тукуму муну билип коюулары абзел. Чынында, көлдүк дөөлөстөр Жамангул, Бапанын тукуму менен Кудай таала кошкон бир туугандар болуп эсептелет. Эл биримдиги, эл ынтымагы үчүн мындай окуяларды биле жүрүү дурус эмеспи.

Балдар бойго жеткенде, аларды үйлүү-жайлуу кылуу ата милдети экендиги бизде акыйкат салт болуп калган. Аталык милдеттен кутулайын деп, Алсейит балдарына аттуу-баштуу үй-бүлөдөн тарбия көргөн кыз алууга иликтөө салып жүрсө, жакшы кабар жерде калабы дегендей, Керөзөн Чүйдө Чокту деген төрө бар, ал төрөнүн биринен сала бири бой тартып калган уч кызы бар деген кабар угулат. Ошондон улам сөз изин кубалап барса, угулган кабар чын болуп чыгат.

Алсейит ата төрөгө ак тилегин айтып, алды-берди жолун жасап, куда түшүп калат. Кудайдын берген шыбаасын көрбөйсүздөрбү, Чокту төрөнүн улуу кызы Тойдумканды улуу баласы Жамангулга, ортончу кызы Токтоканды Чулумга, кичүү кызы Чолумканды Туумакашкага алып берет. Туумакашка Алсейиттин үчүнчү аялынан төрөлгөн.

Мына кызык, “Кыргызды сураштыра келсен, карын бөлө чыгат дегендей, тукуму өскөн чоң солто көлдүк дөөлөстөрдүн түпкү тайы тура. Кыргыздын асыл насаатында: “Таяке деген – пир, пирдин жолу улук, пирди капа кылган Аллах-тааланын жазасына кабылат”, – деп айтылат.

Ошентип, Чулумкашка ата көлдүк болду, азыркы тукумдарына чейин, Кудай буюрса, Кудай кут кылса, түбөлүк көлдү жердеп калды.

# ЖЕТИ АКЕ ОСУЯТЫ – ӨНҮГҮҮ БАГЫТЫНЫН ШАМ ЧЫРАГЫ
## *(соңку сөз ордуна)*

**Урматтуу замандаш!**

Белгилүү окумуштуу агартуучу, филология илимдеринин доктору, профессор Акеш Иманов агайдын калеминен чыккан "Мойт Аке, Сарт Аке жана Тилекмат Чечен" аттуу эл оозундагы эскерүүлөрдүн жыйнагынын азыр, "замана устаранын мизинде оодарылып" турган учурунда, жарык көрүшү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анткени, "тамыры жок бак болбойт, тарыхы жок эл болбойт" дегендей, улутту улуу кылып, калкты кадырман кылып кармап турган өзөк – анын тарыхы, руханий эс тутуму.

Дүйнөдө саны боюнча арбын, бирок өз мамлекети жок элдер арбын. Канчалаган калк кумга сиңген суудай болуп жок болуп кетишти миңдеген жылдарды камтыган адамзат тарыхында, канча эл кан төгүп кармашып келе жатат, эгемендүүлүгүнө ээ боло албай. Кыргыз эли сан жагынан абдан эле аз болсо дагы өзүн ийгилик жылоологон эл экендигин көрсөтө алды, анткени биздин "Кыргыз Республикасы" деген эгемендүү мамлекетибиз бар, башка чоң улуттар менен бирдей укукта көптөгөн эл аралык уюмдарга мүчөбүз, өз алдыбызча добушубуз бар. Арийне – бул биздин бактыбыз, тоодой дөөлөтүбүз, деңиздей чалкыган ырыс кешигибиз. Биз дал ушундай асылдыкты, кынабы кымбат улуулукту түптөп, белекке белендеп берген ата – бабаларыбызга айныксыз ыраазы болушубуз керек, тобо келтиришибиз керек.

Ырас, баскан жолдун бардыгы эле бакыт эшигине алып баруучу из эмес. Эсте калуучусу, кыскалуусу, нускалуусу, эңиштүүсү, жемиштүүсү гана эл эсинде калат. Демек, тарых дагы урунттардан куралат. Урматтуу сабак, унутулбаган санат болот. Баамга салсак акыры барып бир гана урунт – элине жасалган ак эмгек, адил иш, акылман сөз – тегинде узак өмүрлүү болоору анык. Калк элдик баатырларын, көрөгөч көсөмдөрүн, данектүү даанышмандарын, албан ой берметтерин, балбан күч эрмектерин, жубардай ишкерин, тумардай күткөнүн, тазасын, тунугун, улугун, түбөлүк ат берип сакташат экен. Кеткис бак бар, өчкүс ат бар. Ошон үчүн биз ушул күнгө чейин Эр Манас, Эр Табылды, Курманбек Баатыр, Тагай бий, Тайлак Баатыр, Боронбай Султан, Орман Хан, Курманжан Датка, Байтик Баатыр, Шабдан Баатыр, Балбай Баатырларды даңазалап туу тутуп, көсөмдөрүбүз – чечендерибиз Арстанбек Буйлаш уулун, Калыгул Бай уулун, Женижокту, улуу сөздүн устаттары Сагымбайды, Чоюкени, Тыныбекти, Саякбайды жадыбыздан түшүрбөй жатка билебиз. Кийинки тарыхты алсак Жусуп Абдрахманов, Касым Тыныстанов, Абдыкерим Сыдыковдор не деген залкар инсандар. Бул ысымдар ар качан көкүрөктөн илептүү күч менен атырылат, анткени ал инсандар алда качан улуттук ариет, улуттук рух, улуттун жүзү болуп алгандыгын тануугa болбойт. Демек, тарыхты тактоочу күч – Адам. Анын ичинде күчтүү инсандар гана тарыхыбызды түзүп, өздөрү да тарыхка айланып калгандыгы талашсыз.

Өткөнүбүздү электебей, келечекти элестөө мүмкүн эмес. Кыргыз элинде бардык эле маселелер алда качан чечилген, динибиз бар, тилибиз бар, каада салт калыптанган, дөөлөттөрүбүз башыбызда, бак-таалай кашыбызда дешибиз натуура болоор. Эгемендүүлүккө жеткенибизге он сегиз жылдын жүзү болсо да дүйнөлүк коомчулукка жарк

этип өзүбүздүн улуттук жүзүбүздү, улуу рухубузду, өнүгүү багытыбызды көрсөтө албай келебиз. Кыргыз кыргызча жашайт, кыргызча ой серептейт жана кыргыз боюнча өлөт. Ар кандай дүйнөлүк өнүгүү агымдарынын таасирине кабылып турсак дагы биз, кыргыздар, өнүгүү жолун өзүбүздүн Рух башатыбыздан, бай тарыхыбыздан, энчилүү дөөлөттөрүбүздөн калпып алууга милдеттүүбүз. Өткөндү өчүрүү, тарыхтан тайсалдоо, улуттук улуулуктарды унуткаруу дегеле мүмкүн эмес. Анда биз адашабыз, түпкүлүктүү жол таба албайбыз.

Эгемендүү болдук, бирок биз өзүбүздүн тарыхый тажырыйбабыздан тандык, андан баш тарттык, коомдук жана мамлекеттик түзүлүштү аныктоодо оозубузду ачып эле батыш эксперттеринин айтканын угуп калдык, белимчи саясатка баш урдук. Натыйжада, мамлекеттик жана коомдук башкаруудагы жасалып жаткан иштер Кыргыз мамлекетин бекемдөөгө, кыргыз элин өркүндөтүп өстүрүүгө эмес, тескерисинче өлкөнү талап тоноого, жаратылыш байлыктарын сатууга, элди жакырдантууга багытталып калды. Жоо куугандай шашып турмушка ашырылып жаткан калпыс экономикалык саясат касиеттүү кыргыз жеринин кутун учуруп, ырыскысын төгүп чачып, шордуу элибиздин кендирин кести. Жасалма демократия болсо элдин ыркын бузган, тууганды туугашга жат кылган, жыйынтыгы бурмаланып, караөзгөйлүк менен чыгарыла турган жасалма шайлоолорго алып келди. Эл бийликтен, бийлик элден ажырады. Бүгүн өлкөбүз бечара, элибиз жакыр, бийлигибиз мажүрөө, аксакалдарыбыз нарксыз, жигиттерибиз арсыз. Мына ушундан улам четэлдик иликтөөчү зертчилер Кыргызстанды келечеги жок, жакынкы мезгилде жоголуп, жоюлуп кетүүчү мамлекеттердин тизмесине ачыктан ачык эле кошуп калышты.

Элибиздин 10-13-кылымдарда өмүр кечирип өткөн дагы бир даанышманы Кет Бука мындай деп айткан экен:

Салкын тоону кыян жууп,
Салт бузулат сак болгун.
Намыс түтөп, ар түтөп,
Нарк бузулат сак болгун.
Кара тилин калп минип,
Карт бузулат сак болгун.
Калыс сөзүн айта албай,
Калк бузулат сак болгун.

Тулпар тоону кыян жууп,
Тул болосуң, сак болгун.
Кудагыйсыз, кудасыз,
Кун болосуң, сак болгун.
Кубат-күчүң соодалап,
Пул болосун, сак болгун,
Кудуреттүү элдерге,
Кул болосун, сак болгун!

Не деген улуу сөздөр, не деген уюткулуу ойлор. Бул санатында даанышман бабабыз бизге, 21-кылымдан башында жашап жаткан азыркы муундарга, тарыхтын түпкүрүнөн туруп өз насаатын айтып жаткандай ойго келесиң. Азыркы шартта да «кара тилин калп минип» карыларыбыз бузулуп «дүжүр» чалдарга айланып жатканына, «калыс сөзүн айталбай» калкыбыз бузулуп, кошоматчы, күнкарама болуп жатканына күбө болуп отуруп кантип жан ачыбайт, кантип Карга Акени, Мойт Акени, Сарт Акени,Карач Акени, Тилекмат Акени, Садыр Акени, Кыдыр Акени эстебей койо алабыз.

Ооба, биздин көл аймагында бир улуу асылдык жашаган. Ал өзүбүздүн Жети Аке феномени, ошол кезде реалдуу түрдө калыптанып калган Даанышмандык институ-

ту. Сен бугу, сен саяк, сен дөөлөс, сен саруу, сен калмак дебей, ар уруудан чыккан даанышман адамды жалпы туу тутуп, калк атасы катары кармап, алардын сөзү менен иш кылып келген экен биздин ата бабаларыбыз мындан эки кылым мурда. Мына ошол асылдыктын аркасынан ар бир Акенин ысымы биз үчүн ыйыктын ыйыгы. Ысык-Көлдүн чоңунан баласына чейин, кызынан апасына чейин Жети Акебиз ким деп түн уйкусунан ойготсоң жаңылбай атап берет. Албетте, алар андай сыймыкка тегин жерден эле татыктуу болушпагандыр. Ооба, алар өзгөчө чени, эл деген деми, айтканы дары, калк деген камы болгону үчүн журт атасына айланышкан, эл ичинде биримдик, ынтымак, боордоштук, теңчилик, адилеттүүлүк сапаттарынын калыптанышына зор салымын кошо алышкан.

Мисалы:

***Карга Акенин:***

Жардынын байы бол,
Жакырдын жайы бол.
Жетимге санаалаш бол,
Жесирге каралаш бол.
Ай кетилет,
Жетим жетилет – дегени.

***Мойт Акенин:***

Ырыс алды ынтымак,
Ынтымагы бар элдин.
Айсыз кара түндө да,
Асманында күн турат.
Ынтымагы жок элдин,
Балдары иттей ыркырап.
Ачык жарык күндө да,
Асманында түн турат – деп айтканы.

***Сарт Акенин:***

Аска-аска-аска тоо,
Аягы барып чап болот.
Атадан алтоо болсо да,
Сыйлашпаса жат болот – дегени.

***Кыдыр Акенин:***

Ниетинди ондо, пейлинди бузба,
ач көздүккө азгырылба.
Туура бийде тууган жок,
тууганчыл бийде ыйман жок –

деп айткандары түбөлүктүү, көөнөрбөс акыл берметтери. Алар картайбайт жана өчпөйт. Айтылган нускалар ар кандай мезгилде өлкөнүн жарандарын элдик болууга, адил болууга, өлкөнүн намысы – ары болууга чакырык боло алат.

Бүгүнкү күнү өлкөбүздүн тагдыры оор абалда, коом толугу менен экономикалык жана энергетикалык кризистин сазына батып турган чак. Ушундай шартта элибиздин келечек кендирин кесүүчү дагы бир тенденция бар. Ал улам кийинки муундун руханий жардылануусу, уюткулуу улуттук дөөлөттөрдөн алыстап жатышы. Бул жагдай экономикалык катастрофадан да алда канча коркунучтуу. Өз улуттук Рухун сыйлабаган эл мамлекетин өнүктүрө албайт, андай элдин келечеги жок. Азыр биринчи планда руханий булактардын көзүн ачууга, ата баба мурастарына кайрылууга, өнүктүрүүгө табитти ойгото турган кез. Ошондон улам Жети Акедей адилет болууга, теңчил, элчил болууга жол чапсак, изи бар, изги сапары бар, билими, таанымы бар күчтөр коомго тирек болуп берсек деген чакырыкты койгонубуз дурус.

Мына ушул айтылган максатты көздөө менен биз Жети Акенин осуяттарына ылайык “Акыл Ордо” Коомдук ке-

ңеши деген туруктуу иш алып бара турган уюмду 2007-жылы декабрь айында түптөп, эки жылдан бери коомдук мааниси бар иштерде четте калбай өз оюбузду айтып, аракеттерди жасап келе жатабыз. Жети Акебиздин осуяттарын эл менен бирге жашатуу, алардын элеси журту менен түбөлүк өмүр сүрүүсүнө жол чабуу деген түпкүлүктүү ойлор бар иш аракетибизде. Максатыбыз – коомдо Калыстыкты, Адилеттүүлүктү, Акыйкаттыкты калыбына келтирүү, жаштарга үлгү боло турган келечетүү жол көрсөтүү. Биздин тереҥ аракетибиздин өзөгүндө Жети Аке осуяттары коомдун өнүгүү багытына шам чырак болот деген зор ишеним турат.

***Урматтуу замандаш!***

"Акыл Ордо" коомдук кеңеши тарабынан басмага даярдалып чыгарылган профессор Акеш Иманов агайдын бул китеби коюлган максаттардын турмушка ашышына белгилүү деңгээлде өз салымын кошо алат деген ишенимдебиз. Бул эмгек ошондой эле Жети Аке Руханий мектебинин пайдубалын түптөөгө, мындан эки кылымдай илгери Көл кылаасында калыптанган Даанышмандар институтун кайра калыбана келтирүүгө негиз болот деген ойдобуз.

Эмесе, ойлогон ой тилектерибиз ишке ашсын.

**Эмилбек КАПТАГАЕВ,**
**Таалайбек АБДЫЛДАЕВ,**
***«Акыл Ордо» Коомдук***
***кеңешинин координаторлору***
***Бишкек шары, 2009-жыл***



**КАПТАГАЕВ**
**Эмилбек Саламатович**

1957-жылдын 18-июлунда Ысык-Көл районунун Чоктал айылында туулган. Коомдук жана саясий ишмер, окумуштуу, физика-математика илимдеринин кандидаты, 22 илимий эмгектин, экономика жана саясат боюнча 20 дан ашуун макаланын автору. Үй бүлөлүү, жубайы Абида – математик, уулу Кубаныч – дипломатиялык кызматкер, кызы Аида – экономист, кызы Айжан – психолог. Өлкө алдында өтөгөн эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы (1995), "Манас-1000" юбилейлик медалы (1995), "Эгемендүүлүккө 10 жыл" төш белгиси (2001), Ысык-Көл облустук Ардак грамотасы (2002) менен сыйланган.



**АБДЫЛДАЕВ**
**Таалайбек**

1956-жылы Ысыккөл оданынын Аксуу районунда туулган. Кесиби- журналист. Областык, республикалык газеталарда жооптуу кызматтарда иштеген. "Ысыккөл үнү", "Бешене", "Эл-Бий" эркин газеталарын негиздеп аларга башкы редакторлук кызматын аркалаган.

Т. Абдылдаев журналистик кесиби менен бирге көркөм адабий дүйнөдө да көп ирет ат салышып келгени бар, ырлар жыйнагынын автору. Акыркы жылдарда коомдук ишмерликте, Ысык-Көл регионалдык «Акыл Ордо» Коомдук кеңешинин координатору. Жубайы Бактыгүл - медициналык кызматкер, уулу Максат - илимий кызматкер, уулу Тилектеш - жеке ишкер, дизайнер.